**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Жумабаева Г. А.

# Өспүрүмдөрдү тарбиялоодогу көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору

*Класс жетекчилер, тарбия завучтары*

*үчүн методикалык колдонмо*

*9-класс*

Бишкек – 2021

**Рецензиялагандар:**

Добаев К.Д. – КББАнын ПКББ борборунун директору, п.и.д., профессор. Шергазиев А.Ж. – Республикалык педагогдордун квалификациясын жогорулатуу институтунун директорунун орун басары.

Алымбаева Б.Б. – КББАнын жетектөөчү илимий кызматкердин м.а.

КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 2018-жылы 18-февралда №3 жыйынында жактырылып, басууга сунушталды.

**Аннотация:** Бул методикалык колдонмодо жалпы билим берүүчү мектептердеги балдар тарбиясындагы кездешкен көйгөйлөр баяндалды. Проблемалуу окуучуларга жардам берүү боюнча дүйнөлүк билим берүү системасынын аракеттери, тажрыйбалары жана көйгөйлөрдү чечүүгө карата маалымат берилди. 9-класстын класс жетекчилери, тарбия завучтары ишине керектүү теориялык материалдарды, тарбия сааттарынын, класстан тышкаркы иштердин иштелмелерин колдонмодон таба аласыздар.

## Киришүү

Учурда КМШнын курамына кирген өлкөлөр адептик-рухий кризисти башынан өткөрүүдө. Жумушсуздуктун натыйжасында балдарын туугандарына таштап, миграциялап (журт которуп) жүргөн ата-энелердин саны өстү. Окуучулар арасында педагогикалык жактан кароосуз калгандар көбөйдү. Өспүрүмдөрдүн эмоционалдык, интеллектуалдык абалы начарлап, элдин кылымдап түзгөн моралдык-этикалык салттуу тартибин бузуп, Батыштын бейадеп “үлгүлөрүн” өздөштүргөн жана аны нормага айландырган окуучулар пайда болду. Мектептерде балдарды тарбиялоо жыл сайын оор болуп баратат. Тарбия боюнча мектеп менен үй-бүлөнүн кызматташтыгы мурдагыдай болбой, окуучулар арасында инфантилдүү балдар көбөйдү.

Билим берүү системасынын адептик, ыймандык тарбиясынын мазмунун педагог окумуштуулар жана практиктер аныкташат. XXI кылымда педагогика илиминде бул багытта жаңы өзгөрүү кирди. Анткени баланын инсан катары калыптанышына социогендик, психогендик факторлор, адептик-рухий кризистин себептери аныкталды. Акыркы жылдары класс жетекчинин иш-аракетинде жаңы формалар жана методдор пайда болду, класстык тарбия сааттардын жаңы тематикалары киргизилди. Класстан тышкаркы иштердин ролу жогорулады.

Абийирдин кризиси экологиялык абалды начарлатууда, эл аралык саясий абал начарлоодо, булар окуучулардын арасында кылмыштуулуктун өсүшүнө өбөлгө болууда. Коом материалдык баалуулукка жогору маани берип, рухий тарбияга жеткиликтүү камкордук көрүлбөй калышынын натыйжасында окуучулардын рухий абалы чабал, психикалык жана физикалык жактан сыркоо болушуна өбөлгө болууда. Мектептерде тарбиялык иштерди уюштурууда жаңы көйгөйлөр пайда болду. Айрым үй-бүлөлөр баланын материалдык проблемасын чечүү менен чектелип, таалим-тарбия маселесин мектепке жүктөп койду.

Коомдогу ырайымсыз атаандаштык (конкуренция) окуучулардын агрессивдүүлүгүн жогорулатып, окуучуларды ырайымсыз күрөшкө даярдоодо. Советтик доордон азыркы мезгилге чейин концептуалдык, нормативдик документтерде мектептеги тарбиялык иштердин ролу жөнүндө формалдуу айтылып, бирок билим берүүчү мекемелерде толук кандуу практикалык жүзөгө ашпай келүүдө.

Улуу ойчулдар Аристотель менен Квинтилиан доорунан баштап, Л.С. Выготскийге ж.б. чейин адептик-рухий тарбияга көңүл бөлүп келишкен, азыр

мектептердеги ал тарбиялык мазмундун, ыкмалардын натыйжасыз экендигин прогрессивдүү педагогдор белгилешүүдө.

Азыркы коомдун көйгөйлөрү – качандыр бир мезгилдеги мектептин, үй-бүлөнүн ишиндеги кемчиликтин натыйжасы. Өспүрүмдөрдүн адептик, ыймандык тарбиясы – педагогикалык процессте өтө маанилүү маселе болуп эсептелет, ал – билим берүү системасынын олуттуу милдеттеринин бири. Азыр дүйнө жүзүндө адептик-рухий тарбияга өзгөчө маани берилүүдө. Ошондуктан бардык гуманитардык предметтердин мазмунунда адептик-рухий тарбияга өзгөчө көңүл бөлүнүүдө.

Таалим-тарбия боюнча билим берүү системасынын азыркы аракети, келечек муундун кийинки абалын, коомдун кийинки жашоо образын аныктайт. Окуучулардын таалим-тарбиясына мектептин жоопкерчилиги болуш керек. Окуучуну турмушка даярдоо – билим берүү системасынын негизги милдети. Педагогдордун жана окумуштуулардын таалим-тарбия боюнча аракетин жандандыруу – азыркы учурдун талабы. Биз 9-класстын окуучуларын тарбиялоодо кезиккен көйгөйлөрдү чечүүгө карата класс жетекчилерге методикалык сунуштарды, класстык тарбия сааттарынын, класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелерин сунуштамакчыбыз. Бул колдонмодон класс жетекчилер ишине керектүү материалдарды табат деген ойдобуз.

*“Адамдын жакшы сапаттарын жаш кезинде жаман жүрүм-туруму калыптана электе өнүктүрүү керек” (Я.А. Коменский).*

## I бөлүм. ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ТАРБИЯЛООДО КЕЗДЕШКЕН КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА АНЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

### Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүнүн себептери жана аны чечүүгө карата сунуштар

Азыркы мезгилде өлкөбүз капиталисттик өнүгүү жолун тандап алды. Мурдагы тарбиялык сааттардын иштелмелери толуктоого муктаж болуп, жаңы варианттты сунуштоо зарылчылыгы пайда болду. Балдарды көзөмөлдөө төмөндөгөндүктөн, алардын көйгөйлөрү көбөйүп, адеп-ахлагы начарлады.

“XXI кылымда Батышта билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиясы”-деген эмгегинде  Б.А. Вульфсон мектептеги көйгөйлөрдүн себептери төмөнкүлөр деп белгилеген:
– адамдын жашоо шартынын жана эмгегинин технологиясы тез өзгөрүп, алар адамды стресске алып келүүдө, өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү ага адекваттуу аракетке мүмкүнчүлүгүн, жөндөмүн жетишерлик эмес сезишет, анын натыйжасында  агрессивдүүлүгү жогору, апатияга туш келген, кунт коюусу начар, пессимисттик ойломун жеңе албаган ж.б. көйгөйлүү   балдар пайда болду;

– окуучулардын адептик, ыймандык сапаттарын жогорулатуу жөнүндөгү маселе актуалдуу болгонуна карабастан, алардын адептик аң-сезими төмөн абалда калууда;

– жалпы калктын маданий деңгээлин жогорулатуу боюнча объективдүү талаптар көбөйүп жатат, бирок коомдо псевдомаданияттык, атүгүл антимаданияттык тенденциялар миллиондогон  жаштардын арасында өнүгүп кетти;

– окуучулардын жеке жөндөмү, реалдуу таанып-билүү мүмкүнчүлүгү чектелүү, бирок илимдин логикасынын жыл сайын өсүп (татаалданып) жатышы, программанын ага жараша кеңейиши жана терендеши балдардын эмоцияларына терс таасир этүүдө;

– өспүрүмдөр бир нече социалдык катмарга бөлүнгөн, социалдык маселелери чечилбеген балдар стресске келүүдө, адептик аң-сезиминин өсүшүнө мунун терс таасири тийүүдө;

– мектептерде окуучулардын интеллектуалдык потенциалынын өсүшүнө көбүрөөк көңүл бөлүнүп, ыймандык сапаттарынын өнүгүшүнө жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй келе жатат;

– көпчүлүк балдардын окуудан ырахат табуусу аз болгондуктан негативдүү ойлору арбууда;

– коом социомаданий кризиске келди, өспүрүмдөр арасында укук бузуу фактылары, улут аралык, үй-бүлө ичинде  чыр-чатак көбөйдү.

Биздин теориялык изилдөө аркылуу аныкталган мектептеги көйгөйлөрдүн себептери төмөнкүлөр:

– советтик педагогика дүйнөлүк илимий педагогиканы тоготпой “өнүккөн”. Чыгыш менен Батыш өлкөлөрүнүн педагогикасынын кемчилиги бар деп эсептеген. Адамзатты тарбиялоого, анын өнүгүшүнө орчундуу салым кошкон   Чыгыш менен Батыштын улуу окутуучуларынын эмгектерин тоготкон эмес, илим тармактарга бөлүнөт, бирок советтик, европалык ж.б. болуп бөлүнбөш керек;

– толук эмес үй-бүлөлөр көбөйдү, жалгыз бой аялдын балага жан-дили менен берилүүсү өзүмчүлдүктү, ырайымсыздыкты, мерездикти калыптандырууда;

– коом стабилдүү эмес, эки он жылдыктагы саясаттын натыйжасында эки революция болду, балдардын тарбиясына саясий кемчиликтин терс таасири тийди;

– Ата Мекендик педагогикада ыймандык тарбия совет доорундагы маалыматтардын чегинде калууда;

– окуучулар өз улутунун рухий маданиятын жеткиликтүү өздөштүрбөгөндүктөн, ата-бабаларынын ойломун толук кандуу түшүнө албай калган балдар пайда болду, аларды түшүнбөгөн балдардын стратегиялуу ойлому өнүкпөй калууда;

– Батыштын субъективдүү маданиятынын таасиринин натыйжасында улуттун өз рухий маданияты, этикалык салттары унутулуп бара жатат, анын натыйжасында балдар менен ата-энелердин пикир келишпөөчүлүгү көбөйүүдө;

– “Ар тараптан гармониялуу өнүккөн инсанды тарбиялайбыз”– деп, баланын табигатына ылайыктуулугу (жөндөмү, шыгы, мүмкүнчүлүгү ж.б.), индивидуалдуулугу, уникалдуулугу жеткиликтүү эске алынбаган;

– окуучулардын позитивдүү ойломуна караганда негативдүү ойлому үстөмдүк кылып, депрессияга кабылган балдар көбөйдү, ыймандык тарбиянын жетишсиздигинен иррационалдуу ойломдон рационалдуу ойлому үстөмдүк кылып, үй-бүлөнү сактай албай калган жаштар көбөйдү, социалдык жетим балдар (ата-энеси бар, бирок балдарын карабаган) деген түшүнүк пайда болду;

– элдин менталитетинин калыптанышында элдик тарбия-таалимдин, этнопедагогиканын ролу зор болгон, элдин генетикалык программасында ал бар, элдин менталитетин, генетикалык программасын эске албаган тарбия натыйжалуу болбой, көп көйгөйлөрдү пайда кылды, эл ичинде адептик, ыймандык кризистин масштабы кеңейди, дүйнө жүзүндө глобалдык, рухий проблемалар пайда болду;

– Иоганн Гербарттын “Туура билим берүүнү уюштуруу менен тарбиялоо жүргүзүлөт”– деген идеясы жетекчиликке алынып, тарбиялык иштерге жеткиликтүү маани берилбей калган. Билим берүү ЖОЖго даярдоо менен чектелген. (Н.А. Костантинов, Е.Н. Медынский, М.Ф. Шабаев. История педагогики. М., Просвещение. 1974. 81-б).

– НПОлор, секталар Ата Мекендик тарбияга жат, сексуалдык “билим берүү” боюнча иш жүргүзүп, конференция, семинарларды уюштуруп, китепчелерди таратып, жайкы лагерлерде лекцияларды окуп жатышат. Кыргыз балдар таңсык болгон секталар рухий сазга

батып баратканын окуучулар билбейт, алар бизге идеал-үлгү боло албайт;

– балдар дүйнөнү кыргыздын көзү менен таанybaй, башка элдин көзү, интернет менен таанып жатышат;

– мурда аракечтин балдарынан эле тарбияланышы кыйын балдар чыкчу, азыр иши ийгиликтүү жүргөн үй-бүлөлөрдүн балдарынан тарбияланышы кыйын балдар чыгып жатат;

– көпчүлүктүн аң-сезиминде ата-эненин сүйүүсү, үй-бүлөдөгү турмуштун материалдык, социалдык жактан камсыз болушу, баланын өз бөлмөсүнүн болушу маанилүү, балага көзөмөл кылуу жакшы, ал эми каражаттын, көзөмөлдүн, турак аянттын, ага көңүл бөлүүгө убакыттын жетишсиздиги жаман деген педагогикада миф калыптанган. Турмуш башканы көрсөтүүдө. Материалдык жактан камсыздалган, көзөмөлү жакшы байдын балдарынын рухий өнүгүүсүндө кечигүү, инфантилдүүлүк калыптанууда. Алардын каалаганы болгону менен, теңтуштарынын ичи тарып, кысым жасалат, ошондуктан эч ким менен жакшы мамиле түзө албайт, үй-бүлө курууда кыйналат, жалгыздыктан жапа чегип, жоопкерчиликсиз, өз алдынча маселе чече албаган, тарбияланышы кыйын, бактысыз инсандар калыптанууда. ЖМКда белгилүү инсандардын балдарынын трагедиялуу тагдыры жазылып жатат. Алар көп ооруп, энерговампир болушууда, башкаларга анын жанында жашоо кыйын, алардын психикасы истероиддик психопад тибинде калыптанууда. Кыйынчылыгы бар үй-бүлөнүн балдары энесине жардам берип, тажрыйбага ээ болуп, турмуштук кыйынчылыкты жеңүүгө үйрөнүп, адам таанып, тез чоңоюп жатышат. Алар үнөмчүл, ата-энесинин абалына боору ооруп, үй-бүлөнүн абалын жеңилдетүүгө аракеттенип, турмуштук активдүү позицияга ээ болуп жатышат;

– азыркы психологдордун компетентсиздиги айтылууда, анткени 73 жыл саясий ишмерлерди даярдаган адистер марксисттик-лениндик философиянын негизинде психологдорду даярдап жатышат, ошондуктан психологдор “илимий абрака-дабраны” сүйлөгөнү менен, балдарга компетенттүү жардам бере албай жатышат, алар түзгөн тесттердин практикалык пайдасы аз, анткени башка маданияттагы элдердин адабиятынан которулган, биздин элдин менталитетине туура келбейт, балдар ага ачык жооп бербей жатышат [8,115-б];

– окуучулар турмуштун адептик мыйзамдарын, адамдын (напсинин, рухтун) табиятын, адам таануу маселелерине, жашоонун маанисин жакшы түшүндүрүлбөгөн абалда мектепти бүтүрүшөт;

– “тарбия тармагындагы кризистин түпкү себеби адамдар арасындагы мамилелерди чечүүдө орой запкы көрсөтүп, талаш-тартыштардын кан төгүү менен коштолуп бара жаткандыгы, XX кылымдагы ыгы жок империялык саясат менен байланышы бар”- деп эсептейт РББАнын (РАО) экс-президенти Н.Д. Никандров. “Көп улуттуулуктун жана көп маданияттуулуктун шартында адамдардын арасында гуманисттик мамилелерди калыптандырууда кыйынчылыкка дуушар болушунун негизги себеби – дин таануунун жетишсиздиги менен байланышы бар”– деп ырастайт ал;

– телеберүүлөрдө зордук, зомбулук көрсөтүлүүдө, ЖМКдагы маалымат зордугунун жаштарга терс таасири тийип жатат;

– өспүрүмдөр каралар, актар, кызылдар, жашылдар болуп, секталарга бөлүнүүдө, булар психикалык проблемалардын көбөйүүсүнө түрткү болууда, суицид актыларын токтотуу кыйын болуп бара жатат.

Окуучулардын адептик аң-сезимин өнүктүрүүдө объективдүү кыйынчылыктар бар: ыймандык тарбия боюнча илимий-теориялык чечилбеген маселелер бар, адептик билим берүүнүн дидактикалык негиздери иштелип чыга элек; ыймандык тарбиянын табигаты толук аныкталбаган; өспүрүмдүн адептик билим алуу боюнча илээндилигинин себеби анализденбеген; электрондук окуу колдонмолор түзүлө элек; медицина менен педагогика илимин интеграциялоо жетишерлик ишке ашпаган, физиологиялык, психикалык көйгөйлөрдү чечүү боюнча окуучуларга жардам берүү ыкмалары жетишсиз.

Жогоруда айтылган көйгөйлөрдү чечүү максатында Кыргыз билим берүү академиясынын Педагогика илими жана кесиптик билим берүү борборунда Окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана практикасы лабораториясынын кызматкерлери КМШнын курамына кирген өлкөлөрдүн тарбия багытындагы өзгөрүүлөрү боюнча изилдөөлөр жүргүзүп, класс жетекчилердин кеңешмелерине, семинарларга тарбиялык иш-чараларга катышуу аркылуу класс жетекчилердин кыйынчылыктары аныкталды. Азыркы шартка ылайык колдонмолор иштелип чыкты. Бул колдонмолордун негизги максаты – ушул маселелер боюнча класс жетекчилерге жардам берүү.

Окуучулардын психикалык көйгөйлөрүн чечүүгө карата жаш муундарды тарбиялоодо кезиккен психологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору изилденип, класс жетекчилерге, психологдорго арналган методикалык колдонмо даяр болду. Ал “Жаш муундарды тарбиялоодогу психологиялык көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору”- деп аталат. Бул колдонмодо: рухий кризистен чыгууга карата сунуштар; стресстен коргонууга карата окуучуларга жардам берүү; агрессивдүү

өспүрүмдөр менен иш жүргүзүү; зордукка кабылган балдар менен иштөө, Батыштын субъективдүү маданиятынын терс жактарын түшүндүрүү; жогорку педагогикалык көңүл бурууну талап кылган окуучулар менен иштөө; сектага кирген балдар менен иштөө; туура ынанымды калыптандыруу; пессимисттик көз караштагы окуучуларга жардам берүү ж.б. маселелер боюнча методикалык сунуштар берилди. Ал колдонмодо психологиялык көйгөйлөрдөн кутулууга карата тарбия сааттарынын, класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелерин табууга болот (автору Жумабаева Г.А.).

Окуучулардын адептик аң-сезимин жогорулатуунун, адептик-абийирдик кризистен чыгуунун жол-жоболорун үйрөтүүгө, акыл тарбиясына, аң-сезимди өнүктүрүүгө карата, девианттуу, деликвенттүү (адептик, укуктук нормадан четтеген) балдар менен иштөөгө арналган ж.б. маселелерди “Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык жана психологиялык аспектилери”-деген колдонмодо сунуштадык (автору Жумабаева Г.А.).

“Кыргыз Республикасынын 2021-2030-жылдарга чейин окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясынын” жүзөгө ашыруу максатында, “Тарбиялык иштердин программасы” (автор Г.А. Жумабаева, Б.Б. Алымбаева, К.Акматов) иштелип чыкты. Ал ББжИМнин тапшырмасынын негизинде түзүлүп, КББАнын 2020-жылдын 29-сентябрындагы Окумуштуулар кеңешинин № 6 жыйынында бекитилген.

“Тарбия – ийгиликтин башаты”. 5-кл. (Б.Б. Алымбаева), “Адептүүлүктүн булагы – татыктуу тарбия”. 6-кл. (Б.Б. Алымбаева), “Туура тарбия ийгиликке өбөлгө”. 7-кл. (Б.Б. Алымбаева). “Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы” 8-кл. (Б.Б. Алымбаева), “Тарбиялык процессте окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүгө карата класс жетекчилерге жардам” 8-кл. (Г.А.Жумабаева), “Адептик-рухий-тарбиядагы көйгөйлөрдү чечүү”. 10-класс. (Г.А. Жумабаева), “Тарбия сааттарынын, класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелери” 9-11-класс. (Г.А. Жумабаева, Г.Ж. Карагозиева, И.И. Вороноина, А. Егиналиева, Т.Т. Шабданова), “Табиялык иштерди уюштуруу” 10-11-кл. (Г.А. Жумабаева), “Разработка классных часов по воспитательной работе и внеклассных мероприятий. 9-11-класс. (Г.А. Жумабаева, Г.Ж. Карагозиева, И.И. Воронина, А.С. Егиналиева, Т.Т. Шабданова), “Тарбия сааттарынын иштелмелери” 11-кл. Г.А. Жумабаева ж.б. балдардын көйгөйлөрүн чечүүгө арналган.

Бул колдонмолордо педагогикалык жактан кароосуз калган балдарды коррекциялоо, профилактикалык аракет, таалим-тарбиянын натыйжалуулугу боюнча мыйзам ченемдүүлүктөр, адептик аң-сезимди өнүктүрүү, турмушка керектүү компетенцияларды калыптандыруу

ж.у.с. маселелер боюнча педагогика илими менен этнопедагогика интеграцияланып берилди. Адептик, ыймандык тарбияга карата дубал газетага пайдаланууга жарактуу материалдар жазылды. Колдонмолор КРдагы азыркы реалдуулукка ылайык түзүлдү. Окурмандар жаш муундарды тарбиялоодо кездешкен көйгөйлөрдү чечүүгө карата мектептеги тарбиялык иште колдонууга керектүү маалыматтарды таба алат деген ойдобуз.

## Таалим-тарбиянын натыйжалуулугун жогорулатууга карата инновациялык технологиянын мазмуну

Билим берүү системасын модернизациялоо шартында инновациялык мүнөздөгү өнүгүү зарылдыгы бышып жетилди. Тарбиянын натыйжалуулугун жогорулатууда инновациялык технологиянын ролун ар бир педагог билиш керек, анткени инновациялык технология жөнүндө маалымдуу эмес мугалимге тарбиялык иштерди пландаштыруу, моделдештирүү, уюштуруу кыйын. Инновациялык технологиясыз мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн билим сапатын көтөрүү, деңгээлин жогорулатуу мүмкүн эмес. Инновация түшүнүгү Россиялык жана чет өлкөлүк адабияттарда ар башка методологиялык негизге жараша төмөнкүчө аныктама берилүүдө.

1. Инновация – педагогикалык чыгармачыл процесстин жыйынтыгы.
2. Инновация – тарбия процессинин жаңылануусу катары каралат.
3. Инновация – окуучулардын жаңы шартка социализацияланышына өбөлгө боло турган, чөйрөдөгү асоциалдык жүрүм-турумду жөнгө сала турган жаңы тарбиялык каражаттарды колдонуучу система же узак мөөнөттөгү демилге. Технология (грек. tehno – искусство, чеберчилик, логос – окуу), б.а. педагогдун ишин жеңилдетүүгө, чыгармачыл чеберчилигин өркүндөтүүгө арналган окуу. Тарбиялык жаңы технологиянын системасын түзгөн компоненттер төмөнкүлөр: диагноздоо, максат коюу, пландаштыруу, конструкциялоо, уюштуруу аракеттери, башкаруу-көзөмөлдөө компоненти. Тарбиялык технологиянын мазмуну:

1. Окуучуларды социалдаштырууда илимдин жаңы талаптарын эске алуу.
2. Улуулардын социалдык тажрыйбасын кичүүлөргө үйрөтүү.
3. Тарбиялык максат коюу, ага жетүү үчүн аракеттенүү, жагдайды анализдөө.
4. Окуучулардын социализацияланышы боюнча баалоосун угуу.
5. Чыгармачыл иш-аракеттерди уюштуруу.
6. Окуучуларды ийгиликке шыктандыруу, өнүгүүгө шарт түзүү.

Тарбиялык инновациялык технологиялар төмөнкүлөр:

1. Коллективдүү чыгармачыл иш (план, аракет, анализ ж.б.).

2. Маалымат технологиясын пайдаланууга үйрөтүү (сайт түзүү, идеялардын банкын түзүү, видео сюжеттерди топтоо, интернетте иштөө, медиотека).
3. Стандарттуу эмес технологиялар (илим жана маданият күнүн уюштуруу, интеллектуалдык марафон ж.б.).
4. Окуучулардын социалдашын долбоорлоо (мен киммин, кандай болгум келет ж.б.).
5. Пайдалуу көндүмдөрдү оюн түрүндө үйрөтүү (сценкалар, сюжеттер).
6. Долбоорлоо технологиясы (экономикалык, экологиялык, саясий долбоор ж.б.).
7. Илим изилдөө аракетин уюштуруу технологиясы (илимий булактар менен иштөө).
8. Дидактикалык оюндар технологиясы (уйкашмак, сөз-күзгү ж.б.).
9. Ден соолукту сактоо технологиясы (физикалык маданият, гигиена, ЖСМ ж.б.).
10. Инсанга багытталган технология (субъект-субъект мамиле, баланын аракетин колдоо, педагогикалык көмөк көрсөтүү ж.б.).
11. Экологиялык билим берүү технологиясы (табигый шарт, турмуштук жагдай, адамзаттын жашап кетүүсү үчүн керек болгон экосистема ж.б.).
12. Арт-технология (искусство каражаттары, элдик, классикалык чыгармалар, музыка, театр, сүрөт искусствосу, жомок терапиясы, фотомонтаж ж.б.).
13. Шоу технологиясы (конкурстар, мелдештер, КВН уюштуруу ж.б.).
14. Топтук көйгөйлөрдү чечүүгө карата иштелмелер (үй-бүлөнүн, элдин турмушун жакшыртууга карата ойлор, дил баяны, реферат ж.б.).
15. Диалогдук технология (талкуу, дебат, тегерек стол).
16. Педагог-окуучу диалогу (окуучунун рухий абалын, муктаждыгын билүү).
17. Мамиле түзүүгө карата тренингдерди уюштуруу (адам таануу, коом таануу, эл таануу, жашоонун мааниси ж.б.).
18. Маалымат күзгүсү (кулактандыруу, дубал газета, радио түйүнүнүн иши).

Инновациялык технологияны өздөштүргөн класс жетекчи – ар бир окуучунун кайталанбаган уникалдуулугун педагогикалык диагноздоо аркылуу аныктап, ар бир баланын абалына жараша класс коллективинин ишин уюштурат, ошол эле мезгилде инсанга багытталган мамиле кылат. Класстык сааттын тарбиялык максатын туура аныктайт. Окуучулардын кызыкчылыгына, класстын мүмкүнчүлүнө жараша иш алып барат. Инновациялык технология тарбияны бир бүтүн системага бириктирип, сырткы чөйрө менен коммуникациясын камсыздайт, тарбиянын оптималдуу жолдорун табууга мүмкүндүк берет. Инновациялык технологияны пайдалануу менен ишти уюштуруу, тарбия процессинде көйгөйлөрдү азайтат,

иштин натыйжалуулугун жогорулатат.

**Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн чечүүдө, инсандын өнүгүшүндө класс жетекчинин компетенттүүлүгүнүн маанисси**

Коомдун сенек абалда жашоосун улантышы же өнүгүшү көбүнчө мугалимдердин ой жүгүртүүсүнө, рухий абалына, компетенттүүлүгүнө байланыштуу болот. Окуучулардын көйгөйлөрүнүн чечилиши да класс жетекчинин компетентүүлүгү менен байланышат. Өз ишин жакшы билген, аракетинин багыты туура, рухий потенциалы жогору, оптимист мугалимдер бар. Окуучуларга системалуу педагогикалык көмөк көрсөтүп, ар бир бала эмнеге муктаж экенин ойлоп, ага зарыл нерсени таап, өсүшүнө дем берип, турмушка керектүү билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандырып турган мугалим – акылман. Андай мугалимдер ар күн сайын ар бир баланын ар башка көйгөйүн көрөт. Ошол проблемасына жараша иши динамикалуу болуп, өзгөрүп турат. Мындай мугалимди компетенттүү педагог деп коюшат, б.а. компетенттүү мугалим деп – педагогикалык процессте (ишти пландаштырууда, сабакты өтүүдө, класстан тышкаркы иш-чараларды уюштурууда ж.б.) оптималдуу жолду тандай билген, потенциалы (теориялык билими, педагогикалык чеберчилиги) жогору, жаңычыл билим берүү технологиясы менен куралданган, маданияттуу педагогду аташат. Компетенттүүлүк – бул адамдын ишмердүүлүгү, иш билгилиги, профессионализми. Чыгармачылыгы өнүгүп жаткан, компетенттүү мугалим окуучулардын өнүгүшүнө өбөлгө болот, өзү күнүмдүк тиричиликтин убаракерчилигинен башка нерсени ойлонууга жөндөмсүз мугалим башкалардын өнүгүшүнө жеткиликтүү камкордук көрө албайт. Профессионализми төмөн мугалим программа боюнча сабагын түшүндүрөт, аны өздөштүрө албаган баланы жемелейт. Иш-чара уюштурса, администрацияга көрүнүп коюу үчүн уюштурат. Анын педагогикалык иш-аракети оптималдуу эмес. Мындай мугалимди компетенттүү эмес педагог деп аташат.

XXI кылымда КМШ жана Европа мамлекеттеринин билим берүү мейкиндигинде актуалдуу парадигмалардын бири – компетенттүүлүккө негизделген окутуу (компетентностный подход) болууда. Бул парадигма окуучунун билими менен турмушка даярдыгынын ортосундагы айырмачылыкты азайтуу максатында жаралган. Компетенттүүлүккө негизделген окутуу парадигмасына Г.Селевконун, А.Н. Дахиндин, Г.А. Ларионованын эмгектеринде көңүл бөлүнөт. Окутуунун компетенттүүлүккө негизделген модели деле таалим-тарбияга арналат, бирок мында билимдүүлүк башка критетийлердин негизинде чечмеленет.

Билим сапаты биринчи орунга коюлган билим берүү парадигмасынын кемчиликтери бар, алар төмөнкүлөр: авторитардык башкаруу стили,

инсандын көйгөйүн, тарбиялоону экинчи орунга сүрүп чыгаруу, объект-субъект катары мамиле кылуу, окуучу кабыл алуучу, өздөштүрүүчү окуу көлөмү өтө көп, мугалимдин окуу программаларга «колу байланган», окуучуга да, мугалимге да тандоо эркиндиги чектелген. Натыйжасы: окуучунун өзүн-өзү баалоосу, өзүн-өзү таануусу, өз жолун өзү аныктоосу, өзүн-өзү жөнгө салуусу, өзүн-өзү өнүктүрүүсү, жоопкерчилиги төмөн, мүдөөсүн жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүгү чектелүү, турмуштан ордун табуусу начар, активдүү, маанайы пас, рухий алсыз болгон.

Бүгүнкү күндө окуучунун мээсин "билим топтогучка" айландыруунун зарылдыгы жок, анткени таанып билүүнүн, маалыматтарды сактоонун башкача жолу табылууда. Биздин милдет – окуучуларга билимдерди өздөштүрүүгө, таанып билүү жолдорун көрсөтүүгө, маалыматтарды ишинде колдонууга үйрөтүү. Компетенттүү, акылман мугалим "эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө" дебейт, баланын келечеги кең, түбөлүгү түз болушун, анын турмуштан өз ордун табышын, шыгына жараша эмгектенүү жолун аныкташын, жашоосу пайдалуу, маңыздуу болушун ойлойт. Акылмандуулуктан куру калган мугалим бүгүн "жакшы натыйжага" жетип, сыйлык, мактоо баракчасын алууну ойлойт. Компетенттүү мугалим баланын шыгына, жөндөмүнө жараша аракеттенип, аларга карата ийкемдүү мамиле түзөт. Компетентсиз мугалим реалдуулук менен эсептешпестен, өзү ойлоп тапкан, же шектүү адабиятта жазылган "ийгиликке" жетсем деп окуучуларды да кыйнап, өзү да кыйналат. Компетенттүү педагогдун маанайы көбүнчө көтөрүңкү болот, окуучуларга жакшы маанай тартуулап, эмгектенишине шарт түзөт. Класста жагымдуу моралдык-психологиялык климат түзөт. Мугалимдин маанайы жарык болуп, балдарга ийгилик каалап турса, балдардан алардын өнүгүүсүн күбөлөндүрүүчү сөздөр айтылып, жакшы ойлор жаралып турат. Системалуу бирөөлөргө ачууланып турган мугалимди ким жактырат? Эмнеге жактырат? Окуучулардын аң-сезиминин, акылынын өсүшүнө камкордук көргөн мугалимдин өзүнүн педагогикалык чеберчилиги, чыгармачылыгы өсүп турат. Ким өз профессионализмин өнүктүрбөсө, ал өзүнөн өзү педагог катары деградациялана берет. Профессионализми өсүп турган педагог балага көмөк көрсөтүүнүн, акыл-эсти өнүктүрүүнүн, б.а. чыгармачылыктын ар кандай форма-методдорун ойлоп таап турат. Баланын ачыла элек шыгы ошентип ачыла берет. Ан сайын педагогдун энергиясы, чеберчилиги арта берет. Башкалардын муктаждыгын сезип, ага жараша аракети бар мугалимдин интуициясы өнүгө берет. Андай педагогдор керектүү жерде керектүү сөз, чечим, метод таап, оор проблемаларды чечүүгө жөндөмдүү болуп калат. Оор иш баштаарда иштин ийгиликтүү бүтөрүнө күмөн санабаган мугалим өзүнө да, окуучуга да ишенет. Коркуу – ички душман, аны жеңген мугалим компетенттүү.

Класс жетекчинин компетенттүүлүгүнүн белгилери төмөнкүлөр:

1) Тарбиялык иштерди уюштуруунун оптималдуу жолдорун тандайт.

2) Маалымдуу, темага ылайык каражаттарды колдонот.

3) Балдардын тарбияланышындагы күтүлбөгөн өзгөрүүнү байкайт.

4) Тарбиялык сабакта кыйналбай эки-үчтөн кем эмес окутуунун форма, методдорун айкалыштыра билет.

5) Оригиналдуу ойлорду айтууга жөндөмдүү.

6) Тарбиялык иштерди ырааттуу, системалуу уюштурат.

7) Иш-чараны уюштурууда коллективде жакшы атмосфера түзөт.

8) Окуучулардын таанып-билүү кызыгуусун арттырууга демилге берет.

9) Адаттагыдай эмес, тарбиялык темаларды, парадокторду, юморлорду колдонот.

10) Окуучуларга проблемалуу суроолорду коёт, чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүүчү тапшырмаларды таба билет.

11) Окуучулардын турмуштук тажрыйбасына таянып, иш алып барат.

12) Педагогдун кебинде окуучуну кекетүү, кемсинтүү, шылдың, күйдүргү сөз болбойт.

13) Окуучунун кыйынчылыгын педагог сезет, керектүү кезде окуучуга керектүү сөз (идея, колдоо, жардам ж.б.) табат.

14) Класстан тышкаркы иштерде ар кандай мазмундагы иш-чараларды уюштурат, анда ар түрдүү форма, методдорду колдонот.

15) Пассивдүү (ынтаасыз, жигерсиз, демилгесиз, ишкерсиз, бошоң) окуучуларды аракетке тартуунун жолдорун билет.

16) Атайын эмес жасалган майда жагымсыз нерсени (айтылган сөздү) байкамаксан болот.

17) Атайын жасалган жаман нерсени (айтылган сөздү), олуттуу тартип бузууну өз убагында байкап, өз убагында оңдойт, чара колдонот.

18) Педагог мүмкүн болушунча тартип бузуучулар менен ачык күрөш жүргүзбөйт (жеке иш жүргүзөт), иш-чараларды уюштуруунун өзгөчө формасы катары ал фактыларды колдонуп, тартипти оңдоо аракетинин үстүндө эмгектене берет.

19) Педагогдун тандаган курсу туура, рухий кубаты жогору болот, балдардын рухий өсүшүнө камкордук көрөт.

20) Оптимисттик ойлорду ойлойт, балдардын пессимизмин кенебейт, аларга оптимисттик ойлорду салып турат.

21) Карама-каршы көз караштагы балдарга өзү толеранттуу, сабырдуу мамиле кылат, балдарды да ошого тарбиялайт.

22) Жаңы нерсени тез кабылдайт.

23) Окуучунун ички дүйнөсүн (оюн, мотивин, мүдөөсүн, ниетин ж.б.) билет, өзүнүн ниети таза, балдардын ниетин оңдоого аракеттенет.

24) Педагогдун адептик (такт) сезими өнүккөн.

25) Ар бир балага шыгына, мүнөзүнө, ички абалына жараша мамиле кылат.

26) Өзү эмгекчил, балдарды эмгекке тартып турат.

27) Өзү позитивдүү ойлонот, окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү атайын иш-аракеттерди жүргүзөт.

28) Өзүнүн билимин тереңдетүүнүн, педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүүнүн үстүнөн эмгектенет.

29) Мезгилдин талабына жараша ийкемдүү ойлонот, балдардын жаңы шартка ыңгайлашына (адаптацияланышына) түрткү болот.

30) Ал тарбиялаган балдардын билими жогору, эрки күчтүү, тартиби жакшы.

31) Мугалимдин өзүнүн (тарбиялык) таасирдүүлүгү күчтүү.

32) Педагогдун чыгармачыл изденүүсү жаңыланып, оригиналдуу иш-чара уюштурат.

33) Мугалимдин педагогикалык сыпайыкерчилиги, маданияттуулугу, сөз байлыгы, нарктуулугу, абийирдүүлүгү, кадыр-барктуулугу үлгү боло алат.

34) Окуу-тарбия иштериндеги ийгилиги стабилдүү, өнүгүүсү туруктуу.

Эгерде педагог коомдун, мамлекеттин, элдин өнүгүшүн ойлосо, балдардын өнүгүшүнө өбөлгө болот. «Өз камың ойлобо, эл камын ойло, эл камын ойлосоң, өз камың болот ойдо»,-деген Ж.Баласагын. Элдин өнүгүшүн ойлогон педагог позитивдүү (туура, ырас, оң, жакшы) ойлонот. Позитивдүү ойлонгон мугалим өзүнүн жана балдардын ден соолугунун чың болушуна өбөлгө болот. Элдин өнүгүшүн ойлонууга жөндөмсүз мугалим сабагын берип, үйүндө өз тиричилигин кылууну ойлонот. Бирок сабакта баары анын оюндагыдай боло бербейт, анан «эмне үчүн силер менин оюмдагыдай эмессиңер»-деп балдарга ачуусу келет. Бул – негативдүү (жаман, терс, жагымсыз) сезим. Негативдүү сезимдер мугалимди, окуучуларды негативдүү ойго салат. Негативдүү ойлонгон мугалим өзүнүн жана окуучулардын ден соолугуна терс таасирин тийгизет. Агрессивдүү сезимдер, негативдүү ойлор организмге терс таасир этери психологиялык адабияттарда белгиленет, ал эми позитивдүү ойлордун, жагымдуу сезимдердин ден соолукка оң таасир этери белгиленет. Мугалимдин ачуусу келсе, нерв системасы дүүлүгөт,

жүрөгү тез кагат, кандын басымы көтөрүлөт, бул жүрөк ооруга себеп болот. Окуучулардын маанайын бузат. Өсүү жок болсо, окуучуларда жаман сезимдер туруктуу болот. Анда балдардын иммунитети начарлайт, ар кандай ооруларга туруштук берүү жөндөмү төмөндөйт. Ал эми позитивдүү ойлор, жагымдуу сезимдер класста системалуу болсо, мугалимдин да, окуучулардын да иммунитети дурус болуп, ар кандай ооруларга туруштук берүү жөндөмү жогору болот. Оң эмоциялар ден соолукка пайдалуу, терс эмоциялар зыяндуу. Азыркы окуучулардын ден соолугунун начар болушуна административдик башкаруу системанын, ата-энелердин, коомчулуктун, илимпоздордун, педагогдордун ар биринин кичинеден “салымы” бар.

Компетенттүү педагогдор келечек муундун турмуштан туура жол таап, оокатын кылып кетишине, бактылуу болушуна, өлкөнүн өсүшүнө кам көрөт, компетентсиз педагогдор алардын тагдырынын тайкы болушуна, турмуштан ордун таппай калышына өбөлгө болушат. Өлкөнүн өнүгүшүн каалаган педагог балдардын өнүгүшүн каалайт. Баланын өнүгүшүн каалаган педагог балага эне сыяктуу мээрим төгүп, кубаныч тартуулап, ишке көнүктүрөт. Окуучуга кубаныч тартуулаган мугалим балдарга жагат. Балдар дайыма жактырып турган мугалим өзүнө ишенимдүү болот, башкаларга ишенимдүү көрүнөт. Ишенимдүү мугалим менен эл мамиле түзгүсү келет.

Эми окуучулардын компетенциялары жана алар кандай шартта калыптана тургандыгы жөнүндө айта кетели: окуу-тарбия процессинде практикалык багытка көңүл бөлүү, тарбиялык процессте өз алдынча эмгектенүүгө көңүл бөлүү, жоопкерчилигин өнүктүрүү, окутуунун жаңы технологияларын киргизүү. Коммуникациялык компетенттүүлүк дегенибиз – адамдар менен байланыша билүү, башкаларга пикирин түшүндүрө билүү. Коммуникативдүү компетенциянын калыптанышы үчүн төмөнкү жөндөмдөрүн калыптандыруу зарыл. Мамиле түзүү жөндөмүн өнүктүрүү, башка адамдын позициясын түшүнүү, бирөөлөргө санаалаштык, учурдагы абалды, башкалардын абалын, шартты баалай билүү, өз кылык-жоругун, ишин баалоо, ага жоопкерчиликтүү болуу, чырды айлана билүү, сүйлөшкөн адамды уга билүү, кунт коюу, оюн так, кыска баяндоо, өз позициясын маданияттуу түшүндүрө билүү, өз жүрүм-турумун көзөмөлдөө. Маалыматтык компетенттүүлүк дегенибиз – маалымат технологиясын өздөштүрүү, маалымат табуунун бардык жолдорун билүү. Автономиялык компетенттүүлүк деп – өз алдынча билим алууга, өз жолун өзү табууга, өзүн өзү өнүктүрүүгө, атаандаштыкка туруштук берүүгө жөндөмдүүлүктү аташат. Социалдык компетенттүүлүк дегенибиз – жакындар жана бөтөн адамдар менен, класс же башка жамаат менен кызматташууга жөндөмдүү болуу. Өндүрүмдүүлүк компетенттүүлүгү деп – иш таба билүү жана иштей билүү, өзү чечим кабыл алып, өзү продукция өндүрө билүү жөндөмүн түшүнөбүз. Адеп-ахлактык компетенциясы деп – жалпы адептик нормалардын, мыйзамдын негизинде жашоого жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Кесиптик компетенциясы деген – айрым кесиптик иштин жол-жобосун, өнөрдү билүү.

Предметтик компетенциялар – адистик боюнча билгичтиктерге ээ болуу. Компетенттүү окуучунун инсандык сапаттары төмөнкүлөр: шеригин урматтоо, толеранттуулук, сылыктык, тартиптүүлүк, жолдоштук мамиле, чын ыкластуулук, жоопкердик, ак ниеттүүлүк, чынчылдык, ийкемдүүлүк, кыраакылык, сезимталдуулук, эрктүүлүк, тыкандык, чыдамдуулук ж.б.

Компетенттүүлүк модели боюнча баланын өздөштүргөн билимин айтып берүү анчалык баалуу эмес, аны турмушта колдонуу тажрыйбасы баалуу. Адептик эреже, нормаларды жакшы өздөштүрүп, бирок аны турмушта колдонбогон балдар бар, алар – компетенттүүлүккө ээ болбогон, эртеңки ийгилигине камкордук көрбөгөн балдар. Ийгилик жалаң эле профессионилизм аркылуу жаралбайт, ийгиликке жетүүдө адептүү жүрүм-турумдун ролу чоң болот. Окутуунун компетенттик парадигмасы ушул кемчиликти жоюуга багытталган. Анын түпкү максаты – адептик билимди, нормаларды эсине бекем тутуп калуу эмес, аларды турмуштун татаал кырдаалында пайдаланууга, көйгөйлөрдү чечүүдө колдоно билүүгө, көндүмдөрүн, билгичтиктерин өнүктүрүүгө жетишүү.

Эми компетенттүүлүк парадигмасы боюнча окуучуга кандай даярдыктарды талап кылгандыгы жөнүндө айта кетели. Окуучу алган билимин төмөнкүдөй типтүү кырдаалда ийгиликтүү колдоно билүүгө дарамети жетиши керек:

– заманбап техникаларды жана технологияларды өздөштүрүүдө, колдоно билүүдө;

– коомдун жана табигаттын сырларын, кубулуштарын таанууда жана чечмелеп берүүдө;

– адамдар менен мамиле түзүүдө, баарлашууда, өзүнүн кылык-жоругун баалоодо, өз эмоционалдык, социалдык ж.б. маселелерин чечүүдө;

– күндөлүк турмушта үй-бүлөнүн мүчөсүнүн, жарандын, сатып алуучунун, көрүүчүнүн, шайлоочунун ж.б. аткаруучунун ролунда машыгууда;

– кесип тандоодо, окуу жайга өтүүгө карата маселелерди чечүүдө;

– өзүнүн турмушта кезигүүчү кыйынчылыкты чечүүдө, жашоо образын аныктоодо, чыр-чатактарды жайгаштырууда ж.б.

Мурдагы жана азыркы педагогикалык турмушту чагылдырган адабияттарды окусаңыз, мугалимдердин көпчүлүгү жигердүү эмгектенип жаткан сыяктуу көрүнөт, мугалимдердин көпчүлүгү компетенттүү деген ой келет. Бул биздин педагогдорубуздун «өзүн көрсөтүүнүн» амалын жакшы билип алганына далил болуп эсептелет. Эгерде мугалимдер дайыма ийгиликтүү эмгектенип жатса, коом эмнеге экономикалык, адептик-рухий ж.б. кризистен чыга албай келе жатат? Эмнеге СССР бөлүндү? Эмнеге коомдо маселе көп? Эмнеге өлкөдө өнүгүү байкалбайт? Эмнеге ЖОЖдордун

бүтүрүүчүлөрүнүн 75% турмуштан ордун таппай, жумуш издеп, миграциялап жүрүшөт? Ага ЖОЖдун педагогдору эле күнөөлүүбү? Биздин буга күнөөбүз такыр жокпу? Биз 11жыл окутабыз, алар беш жыл окутушат. Башка өлкөлөрдө өнөр жайларды курганды, техниканы өнүктүргөндү, жумушчу орундарды түзгөндү башка планеталардын педагогдору келип үйрөтүп жатышабы? Эмне үчүн башка өлкөлөрдүн жарандары курган техникаларды, өндүрүштөрдү биздин жарандар кура алышпайт? Биз баарын чоңдорго (чиновниктерге) шылтап, көнө баштадык, ошол коррупцияга, трайбализмге, саясий нигилизмге жол берген чоңдорду ким тарбиялаган? Ачуу чындыкка түз карайлычы. Педагогдордун көпчүлүгү компетенттүү болсо, өлкөдө ар тараптуу өнүгүү күтүлмөк.

Бүгүнкү окуучунун даярдыгы, компетенциясы – анын эртеңки жашоо образын аныктайт. Класс жетекчинин, чоң адамдын компетенцияларынын көпчүлүк бөлүгү окуучулук кезде калыптанган. Окуу-тарбия чөйрөсүндөгү компетенциялар чоң адамдын (педагогдун, ата-эненин ж.б.) ишмердүүлүгүн ичине камтыйт. Компетенттүүлүк чоң адамдан балага өтөт. Алар баланын жашоосу үчүн зарыл, окуучулук турмушта керек. Окуучу мектепте укук таануу боюнча, атуулдук турмушка таандык компетенцияларды өздөштүрөт, бирок реалдуу турмушта кийин колдонот. Ошондуктан алар окуучу ээ боло турган компетенциялар таризде сыпатталат. Дүйнөгө көз карашы туура калыптанган бала прогноздоо компетенттүүлүгүнө ээ болушу мүмкүн. Алар илимий көз караш менен карап, иштин алдыңкы келечегин сезүү менен, жакынкы маселелерди чечүү жөндөмүнө ээ болушат.

Учурда бүткүл дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде окуучу ээ боло турган негизги компетенцияларды иштеп чыгуу боюнча бир канча долбоор иштелип келгендигине карабастан, универсалдуу документ ушул мезгилге чейин сунуш кылына элек. Соңку тыянак Швейцария, Америка мамлекеттеринин институттарында чыгарылган. «Негизги компетенттүүлүктөрдү тандоо жана аныктоо» - деген долбоор аягына чейин иштелип чыга элек. Ал эми Европа мейкиндигинде Европа кеңеши тарабынан өткөрүлгөн атайын симпозиумда «Европалыктар үчүн негизги компетенциялар» иштелип чыккан документ азыр кыйла популярдуу. Ал документтке ылайык окуучулардын компетенциясынын божолдуу тизмеси төмөнкүлөрдөн турат.

Үйрөнүү:

– улуулардын пайдалуу жактарын үйрөнө билүү;

– өз алдынча билим алуу ыкмаларын иштеп чыгуу, билимин толуктоо, өркүндөтүү тажрыйбалары;

– өз проблемаларын чече билүү.

Издеп табуу:

– маалымат базаларын колдоно билүү;

– айлана-чөйрөсүнөн өзүнө керектүү маалымат таба билүү;

– эксперт, консултация ала билүү;

– документ менен иштөө жана аларды классификациялай билүү.

Ой жүгүртүү:

– мурдагы жана азыркы окуялардын ортосундагы байланыштарды түзө билүү;

– коомдук өнүгүүнүн тигил же бул аспектилерине сынчыл мамиле кылуу;

– кыйынчылыкка туруштук берүү [4]. Жалпы билим берүүчү мектептерде ушу компетенцияларды калыптандыруу керек.

Эми өзү негативдүү ойлордун туткунунан чыга албаган педагогдор эмне кылышы керек, ошо жөнүндө сөз кылалы. Ой жүгүртүүсүн өзгөртүү керек. Өткөн кылымдын 50-жылдары профессор Хорнелл Харт негативдүү ойдон кутулуп, позитивдүү ой жүгүртүү техникасын сунуш кылган. Аң-сезимди негативдүү ойдон тазалоо, өзүн позитивдүү багытка ынандыруу керек. Азыркы мезгилде өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү ынандыруу ыкмалары бар. Эмиль Куэ күнүгө күзгүнү карап, өзүн-өзү ынандыруу (мен жакшы болуп баратам) методун сунуш кылат. Р.Стоун мээнин оң жарым шарын аракетке келтирүү ыкмасын сунуш этет (Небесная 9-11 или как обращаться за помощью правому полушарию мозга). Ал төмөнкү аффирмацияны көп кайталоону сунуштайт. «Мен пессимисттик ойлорду ойлогом. Мен беймаза болуп жашап жүргөм. Мен эми пессимист болгум келбейт. Көзүмдү ачкандан кийин буйруса пессимист болбой, оптимист болом. Мындан ары мен пессимист эмесмин. Мындан ары оптимист болом. Оюңарды өзгөртсөңөр жашооңор өзгөрөт»-дейт Р.Стоун. Оптимизмге өтүү үчүн аффирмацияга кошумча аракет, эмгек, билим керек.

Биздин ата-бабаларыбыз колдонуп келген методдор – булар сунуш кылган ыкмалардан айырмаланат. Алар адамдын жөндөмүнүн чектелүү экендигин билишкен. Жөндөмү чектелүү адамдын мүмкүнчүлүгү, рухий дүйнөсү да чектелүү болорун жана ийгилик жаратуусу да чектелүү болорун түшүнүшкөн. Ошондуктан мүмкүнчүлүгү чексиз Кудайдан жардамга кайрылышкан. Системалуу ниетин, пейилин оңдоо, оюн (жаман ойдон) тазалоо менен алектенип жашап келишкен. «Ниетиңер, пейилиңер, оюңар оңолсо, жашооңор оңолот»- дешкен. Ал эми педагог профессионализмин өнүктүрүш үчүн педагогикалык, психологиялык адабияттарды окуш керек.

«Компетенттүүлүк» деген сөздү кыргыздар «иш билгилик» деп аташкан. Иш билгиликке үйрөнүү үчүн: «Билгенди эшитсең, билги болосуң», «Көрө-көрө көсөм болот», «Устаттын билгени, шакиртине үлгү», «Устасы кандай

болсо, устамы ошондой болот, уста, устадан алар нуска», «Билген билгенди иштейт, билбеген бармагын тиштейт», «Билгениңди элден аяба», «Иш билги адам өсөөр, иш билбес адам өчөөр», «Иш билген зор болот, иш билбеген кор болот», «Иш билгинин белгиси, билгенин келет бергиси»- дешкен (Кыргыз макал, лакап, учкул сөздөрү. Жыйнаган Мухаммед Ибрагимов. –Б. 2008).

Класс жетекчинин компетенттүүлүгүнүн дагы бир белгиси – анын маданияттуулугунда. Мугалимдин маданияты – жаңы парадигманын негизинде иштөөдө, жаңы методика издөөдө, жаңыча мамиле түзүүдө билинет. Педагогикалык маданият деп – мугалимдин инсандык, рухий мүнөздөмөсүн, анын педагогикалык аракетин, тандаган ыкмасын, метод-амалын, маңыздуу мазмунду тандашын, ал жетекчиликке алган маанилүү нерселерди, баалуулуктарын ж.б. аташат. Мугалимди “маданиятсыз”-деп айтуу туура эмес, балким анда чеберчилик жетишсиздир, бирок маданияттын кайсы бир деңгээли бар. Мугалимдин маданияты: аксиологиялык баалуулуктар системасын билиши, этикалык билими, чыгармачыл ишмердүүлүгү (өнүктүрүүгө керек болгон ыкмалары, иш-аракети), ыймандык-инсандык сапаттары.

Педагогикалык маданияттын өсүшүнө таасир этүүчүлөр: өлкөнүн экономикасы, элдик нускаларды колдоно билүүсү, адептик маданияты, рухий (диний) маданияты, улуттун маданияты. Адептик маданиятка адам менен мамиле түзө билүү кирет, маалымат маданиятына ачыктык, маалыматты таба билүү, анын жетиштүүлүгү, аны саясатташтырбай, идеологиялаштырбай айтуу, альтернативалуу жол издөө ж.б. кирет. Улуттук маданиятка – тил, үрп-адат, каада-салт, элдик тартип, улуттук психология, этнопедагогика кирет. Диний маданиятка – ыймандуулук, тынчтыкка умтулуу, туруктуулук, табигатка ыңгайлашуу, гармониялуулук кирет. Өлкөнүн экономикасынын да педагогикага таасири тиет, азыр рынок шартында таланттуу, ак ниет, адептүү, ишмер тарбиялоого жөндөмдүү педагог керек.

Мурда педагогдон акылды, интеллектти өнүктүрүү маанилүү болгон. Азыр педагогдор:

– улуттук баалуулуктарды, маданиятты мурунку муундагылар кандай баалаcа, кийинки муунга ошондой өткөрүү;

– баалуулуктар системасын, педагогикалык теорияны билген, педагогикалык чыгармачылыгы өнүккөн, элдин рухий тажрыйбасын илимий жетишкендик менен таалим-тарбияда интеграциялай алган;

– профессионализми жогору (компетенттүү), позициясы туруктуу, инсандык сапаттары, жүрүм-турум мүнөздөмөсү менен бааланат.

Америкалык окумуштуулардын пикири боюнча компетенттүү педагог төмөнкүлөрдү билиши керек: өзүнүн предметин, окуучулардын өнүгүү процессин билүү, предметтин мазмуну менен окуучулардын аны

өздөштүрүүдөгү байланышын, окуучулардын өзгөчөлүгүн түшүнүү, ага жараша методикаларды пайдалана билүү. Бул схемада методологиялык билим жөнүндө сөз болгон жок. Билим берүүнүн философиясы бул жерде көрүнбөйт. КМШлык педагогиканын өзгөчөлүгү – билим берүүнүн философиясы болгондугу менен айырмаланат.

Жыйынтыгында төмөнкүлөрдү сунуштайбыз: ЖОЖдордо болочок мугалимдерге кесиптик билим берүүдө педагогдун компетенттүүлүгүн калыптандырууга көңүл бөлүү керек, педагогика, психология сабактарын окутууда педагогикалык компетенттүүлүктү калыптантандырууга карата мазмунду өзгөртүү зарыл. Педагогика жана психология, медицина илимин интеграциялаган изилдөөлөрдү жүргүзүүгө көңүл бөлүш керек. Окуучуларга теориялык билимди берип чектелбей, практикалык аракетке тартуу максатка ылайык.

## Методикалык бирикмелердин ишинин мааниси

Класс жетекчилердин методикалык бирикмесинин (МБ) ролун ар бир педагог билет. Методикалык бирикме бардык класс жетекчилердин илимий-методикалык чеберчилигин жогорулатууга жардам берет. Ал жерде нормативдик, укуктук документтер, педагогикалык, психологиялык илимий-теориялык жаңылыктар менен таанышат. Таанышкан материалдарынын негизинде тарбиялык иштердин багыты, мектептин өнүгүү программасы аныкталат. Методикалык бирикме – класс жетекчилердин билимин өркүндөтүүчү институт сыяктуу милдет аткарат. МБде өтүлүүчү кеңешмелер, лекциялар ж.б. аркылуу класс жетекчилердин профессионализми өсөт, компетенттүүлүгү калыптанат. Жаш муундарды тарбиялоодо кездешкен көйгөйлөрдү чечүү боюнча методикалык сунуштар айтылат. МБдан класс жетекчилер тарбиялык ишти уюштуруу боюнча жаңы маалыматтарды алып турушат. МБнин класс жетекчилердин алдына койгон милдеттери:

– класс жетекчилерге методикалык жардам, жаңы илимий маалыматтарды сунуштоо;

– педагогикалык инновациялык иш-аракеттер, жаңы тажрыйбаларды талкуулоо;

– мектепте педагогикалык алдынкы тажрыйбаларды жайылтуу;

– менторлордун (насаатчы), алдынкы тажрыйбанын (новаторлордун) банкын чогултуу. МБнын милдети – тарбиялык иштерди уюштуруунун натыйжалуу усулдарын издөө. Бул формалдуу эмес мугалимдердин усулдук бирикмесинде класс жетекчилердин чыгармачыл аракети аркылуу жаңы тарбиялык иш-чараларды уюштуруу жөнүндө идеялар жаралат.

МБнын функциясы: илимий-методикалык, уюштуруу-координациялоо, пландаштыруу-анализдөө, инновациялык.

Илимий-методикалык функция: класс жетекчилер илимий-теориялык материалдарды жетекчиликке алып, мектепти өнүктүрүү программасын иштеп чыгышат. Анын негизинде тарбиялык иштер уюштурулат. Тарбиялык иштерди уюштурууга: «XXI кылымдын мененджери», «Алтын балалык», «Ак-Башат», «Социалдык көмөк көрсөтүү» ж.б. маданий борбор түзүшүп, иш жүргүзөт.

Класс жетекчилердин ишинин формалары: класс жетекчинин портфели, профессионалдык чеберчилигин өнүктүрүү максатында жүргүзүлгөн конкурстар, методикалык иштелип чыккан продукцияларын (класстык сааттардын, иш-чаралардын иштелмелерин ж.б.) сынакка коюу ж.б.

Кесиптик чеберчиликти өнүктүрүү боюнча ар кандай конкурстар уюштурулат. «Менин классымдын портрети», «Эң жакшы класстык тарбия сааты», «Эң жакшы класстан тышкаркы иш-чара», "Жан дүйнөнүн коргоочусу – үй-бүлө" ж.б. тематикада конкурс уюштурууга болот.

МБнин координациялык функциясы: класстын ар кандай тематикадагы долбоорлордун (кол жазма, электрондук) вариантын иштеп чыгышат, класстын долбоорун жүзөгө ашыруу картасы, долбоорду баалоо критерийлери, долбоордун билим берүүчүлүк, тарбиялык натыйжасы аныкталат. Класстык долбоор (план) негизги документ болот, анда окуучулар менен бирдикте темалардын ичинен керектүүлөрү тандалат, иш-чаралар, коллекция, альбом ж.б. уюштуруу пландаштырылат. Долбоордун ар түрдүү формасын тандоо боюнча чектөөлөр болбош керек, аны жүзөгө ашыруу картасы иштелип чыгат.

МБнын пландаштыруу жана анализдөөчү функциясы: окуучуларды өнүктүрүүчү иш-чаралар пландаштырылат, тарбиялык иштерди уюштуруу боюнча эксперт тобу түзүлөт, инновациялык иштерди автордун көзү менен, эксперт тобунун көзү менен салыштырып анализденет.

Тарбиялык иштерде инновациялык технологияларды төмөнкү критерийдин негизинде анкета толтуруп, эксперт жүргүзүлөт: маселенин актуалдуулугу, кеңдиги, жактоо деңгээли, көргөзмөлүүлүгү, натыйжалуулугу, комфортабелдүүлүгү, интерактивдүүлүгү, иреттүүлүгү, тартиби, идеянын окуучуларга жеткиликтүүлүгү ж.б. Автордун иштелмеси аркылуу анын рейтинги аныкталат. Ал аркылуу кийинки жылдагы тарбия боюнча динамикасы, приоритети (биринчи орундагысы) аныкталат.

МБнын инновациялык функциясы: тарбия процессине инновациялык технологияны киргизүү, дүйнөлүк билим берүү мейкиндиктеги технологияларды колдонуу, долбоорлоо технологиясы, коммуникациялык каражаттардан керектүү маалымат табуу технологиясы, эстетикалык

маданиятты пайдалануу, интеграциялоо формалары, мисалы, “Эски сүрөттөр эмне жөнүндө кабар берет”-деген темада (фото) альбом түзүү пландаштырылат. Окуучулар тарыхый адабияттар аркылуу изилдөө жүргүзүшөт, эски сүрөттөрдү табышат, табылган материалдар аркылуу экспозиция түзүшөт, альбом чыгарышат ж.б.

**Методикалык бирикмелерде каралуучу маселелердин тематикалары:**

1. 8-9-класстын окуучуларынын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү.

2. Окуучуларга бирдиктүү педагогикалык талап коюу.

3. Балдардын жөндөмүнүн, шыгынын, талантынын ар түрдүүлүгүнө карата дифференцирлеп мамиле кылуу, ишке кызыктыруу.

4. Адептик аң-сезимдин, акыл-ой аракетинин өсүшү үчүн илимий булактар менен иштөөгө үйрөтүүнүн мааниси.

5. Класстан тышкаркы убакытты туура пайдалануунун мааниси.

6. Балдарга предметтик ийримди тандап алууга жардам берүү.

7. Улутуна, расасына, ишенимине ж.б. айырмачылыгына карабастан бардык адамдарга карата толеранттуулукка тарбиялоо.

8.15-16 жаштагы өспүрүмдөрдүн организминин өзгөчөлүктөрү (врач менен бирдикте лекция).

9. Акыл эмгегин уюштуруу маданияты. Жогорку класстын окуучуларынын окуу эмгегин уюштуруу, ылдыйкы класстын балдары менен салыштырмалуу айырмачылыктары.

10. Өспүрүмдөрдүн кеп маданиятын, ой жүртүүсүн өстүрүү үчүн балдарга кандай жардам керек.

11. Акыл эмгеги менен күч эмгегинин гигиенасы.

12. Өспүрүмдөрдүн психикалык жактан өнүгүүдөгү өзгөчөлүктөрү.

***Методикалык бирикменин жыйынынын үлгүсү.***

1. 15-16 жаштагы балдарды тарбиялоодогу кыйынчылыктар, аларды жеңүүнүн жолдору. Тарбия завучунун билдирүүсү.

2. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу комитетинин иши.

3. Өспүрүмдөрдүн тарбиясына ЖМКнын терс таасирин оңдоого карата сунуштар (доклад)

4. Класс жетекчилерди ойлондурган ар кандай маселелер.

## Өспүрүмдөрдүн тарбиясына сыналгынын терс таасирин оңдоого карата сунуштар

Биз өспүрүмдөргө телевизор көрүүгө уруксат беребиз да, эмнеге мектепте зордук менен кылмыштуулук өсүп жатат,-деп таң калабыз. Биз кылмыштуулуктун өсүшүн каалабайбыз, бирок ага каршы күрөшүү боюнча жоопкерчиликти унутуп калган сыяктуу жашап жатабыз. Балдарга телевизор көрүүгө уруксат берүү менен бирге анын каалоолорун өстүрүүгө, криминал дүйнөнү көрүүгө уруксат берилет. Ал жерде көргөн нерселер балдарды аксакалдар менен аялдарды урматтоого үйрөтүлбөйт. Телевизордун элди тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү өтө жогору болгонуна карабастан, азыр анда позитивдүү нерселерге караганда негативдүү маалыматтар көп болуп жатат. Телевизордун «жардамы» аркылуу азыр функционалдык коом түзүлбөй, патологиялуу коом түзүлдү. Экранда криминалдык дүйнөнүн жашоосу, согуш, детектив ж.б. негативдүү ойго салуучу фильмдер көрсөтүлөт. Негативдүү турмушка көңүл буруу менен кийинки негативдүү жашоого бара жатабыз. Азыр дүйнөдө жамандык көп. ЖМКда позитивдүү нерсеге көбүрөөк көңүл бөлүнсө, кылмыштуулук азаймак. Оюбузду жакшы гана нерсеге бура алсак, жашообуз жакшырмак. Ошондуктан экранды аз карап, китепти көп окуганга кеңеш бергиле.  Аны карагандыгы үчүн окуучуларды урушпагыла, кемсинтпегиле, көңүлүн оорутпагыла. Советтер Союзунун саясатындагы кемчиликти, репрессияны, террорду, революцияны, Улуу Ата Мекендик согуштун жоготуусун көргөн элдин жүрөгүндө канча «кара так» калды. Биздин өлкөдө элге тарбиялык камкордук көрүү телекөрсөтүүнүн иши эмес, аларга мурда камкордук көрүүнү үйрөткөн эмес. Келечекте журналисттерге бул маселе түшүндүрүлүшү керек.

ЖМКдагы маалымат зордугу, биздин билим берүү системабыздагы конкуренция, тестирлөө балдарыбыздын өзүн кем тутуу сезимин туудуруу менен чыгармачыл духун «өчүрүп» салууда. Айрым окуучулар турмушта зордуктун «сабагын өздөштүрүп», бирөөлөрдүн азабын тартканга үйрөнүшөт, бирөөлөргө кор болуп, өзүн урматтоодон калышат. Азыр эркек балдардын дискриминациясы (укугун бузуу) көп кездешүүдө. Ал кыздарды басынтуудай эле  жаман нерсе. Балдарга камкордук көрүүгө аз көңүл бөлүнүп жатат. Анан балдар улууну урматташ керек дейбиз. Ачкачылык менен жокчулуктун азабын көрүп чоңойгон, адептик билиминде кемчилиги көп балдар улууну кантип урматтайт? Балдар улууну урматташы үчүн улуудан ызаат көрүп чоңоюшу керек. Ошондуктан мугалимдерге педагогикалык көмөк көрсөтүү маселесин көбүрөөк ойлонсо дурус болот. Балдарга көмөк көрсөтүү үчүн:

– анын күчтүү жагын билип, мүмкүнчүлүгүнө, өзгөчөлүгүнө жараша тапшырма берүү керек;

– баланын жаңылыштыгын баса белгилебеңиз, анын кичине иши үчүн болсо да канааттангандыгыңызды билдириңиз;

– баланы урматтоо менен ага мээримдүү мамиле жасаңыз;

– чоң тапшырманы анын алы келген майда бөлүктөргө бөлүп жибериңиз;

– бала менен бирге болуп, анда-санда анын көңүлүн көтөрүп, юмор айтуу пайдалуу;

– баланын ар бир аракетин байкоо, анын аракетине жараша жетектөөчү нерсе (суроо, сөз, метод, каражат) табуу керек;

– ал маселени өзү чечип кете аларына көзүңүз жетип турса, өзүнө эмгектенүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз;

– жазалоодон да, мактоодон да оолак болгон дурус, баланы көп мактаса өнүкпөй калышы мүмкүн, өнүгүүнүн чеги болбойт, канчалык мыкты болсо да, андан ары өнүгө берсин;

– ар бир бала уникалдуу, тигил жакшы, а сен жамансың дебеңиз, ага ишенүү, аны жактыруу керек;

– оптимисттик ойлорду ойлоо, балдарга да оптимисттик ойлорду айтуу пайдалуу;

– эсиңизде болсун, эгерде баланы дайым сындай берсеңиз, ал класстан тышкаркы ишке катышпай калат, мугалимди жек көрө баштайт. Эгерде ал мугалимди жек көрсө, агрессивдүүлүгү жогорулайт;

– баланы шылдыңдабагыла, анын натыйжасында мүнөзү түнт калыптанат;

– эгерде баланы дайыма жемелеп, зекий берсе, ал күнөөлүү сезим менен жашаганга үйрөнөт;

– баланын аракетине жол берип, мугалим чыдамдуулук көрсөтсө, ал башкаларды түшүнүүгө аракеттене баштайт;

– баланын көңүлүн көтөрүп, ага дем берсе, ал өзүнө ишенүүгө үйрөнөт;

– бала ак ниет болуп чоңоюп келе жатса, анда калыстыкка да үйрөнөт;

– бала коопсуз жашоодо чоңойсо, ишенчээк болот;

– баланы колдосо, ал колдоо көрсөткөнгө, өзүн баалаганга үйрөнөт;

– баланы түшүнүп, ага ынак мамиледе болсо, ал бул дүйнөдөн мээрим тапканга үйрөнөт;

– адам өзү кайсы жөндөмүнүн потенциалын кайсы тармакта жогору сезсе, ошо тармактагы аракетке умтулат. "Өзүнүн күчү жеткен иште ар бир адам талanttуу" (В.П. Беспалько).

Оо, мугалимдер, адамгерчиликтүү болгула! Бул силердин биринчи милдетиңер! Адамгерчиликтен өткөн акылмандуулук болбойт. Баланын бардык абалына, курагына, шартына ийкемдүү болгула. Балдардын балалыгын кайгы-капа, азаптуу билим алуу менен толтурбагыла. Аларга балалыктын ырахатын сезгенге мүмкүнчүлүк бергиле. Алардын жашап кетишине шарт түзгүлө. (Ж.Ж. Руссо)

***Класс жетекчилерди ойлондурган маселелер:***

1. Лениндин саясатынан баштап Горбачевдун саясатына чейин мамлекеттик ишмерлер педагогикалык кесипке, өзгөчө класс жетекчинин ишине “эртеңкини ойлобогон” адамча мамиле кылып келишкен. Мугалимдин эмгеги бардык интеллектуалдык эмгектердин эң төмөнү катары бааланып, акы төлөнгөн. Бул мугалимдин социалдык абалына, статусуна терс таасир эткен. Ал эми педагогикалык адабияттарда “мугалимди – мөмөлүү дарак, энеден кийинки экинчи адам”-деген сыяктуу формалдуу сөздөр көп айтылган. Мугалим өз социалдык абалын оңдой албаган абалга жеткен. Өзү алсыз адам кимдин күчүнө күч кошууга жардам бере алат, аны мамлекеттик ишмерлер ойлобогон. Билим берүү системасынын бул – чоң кемчилиги. Кемчилиги бар системанын айрым бөлүгүн модернизациялап, оңдоого болбойт. Анткени кандай гана имплонтация (бир бөлүгүн алмаштыруу) болбосун жашоонун мыйзамы боюнча толук организмге зордук болуп эсептелет (В.П. Беспалько. Образование и обучение с участием компьютера. М., 2002).

2. Бизде АКШнын тарбиялык тажрыйбасын тууроо модага айланып бара жаткансыйт, алардын билим берүү системасы идеалдуу эмес. АКШнын билим берүү системасындагы дефицитти (жетишсиздигин) экстенсивдик (сапаты жагынан эмес, саны жагынан кеңейтүүгө багытталган) жол менен толукташат. Дүйнө жүзүнөн кесипкөйлөрдү чоң акча төлөп, кызматка алышат. Билим берүү системасына мындай мамиле туура эмес. Эгерде Америкалыктар билим берүү системасын модернизациялабаса (оңдобосо), XXI кылымда өзүнүн кадрын өзү даярдабаса, (коммунисттик империянын кулоосундай) кулоо күтүлөт. Бизге бул тажрыйбаны тууроонун кереги жок (В.П. Беспалько).

3. Бала аткара турган жумушту сиз аткарбаңыз. Эгерде окуучу тамеки тартып жатканын, уурулук кылганын байкап калсаңыз аны жазалоого ашыкпаңыз. Балага кандай мамиле кылсаңыз ал ошондой аракетке үйрөнөт. Сиз ага карата сабырдуу болсоңуз, андан кийин сабырдуулукту көрөсүз. Окуучуга чынчыл мамиле кылсаңыз ал чынчылдыкка үйрөнөт. Бала ынтымактуу үй-бүлөдө, коллективде жашаса, анын бар экендиги кубандырса, ал өзү жашоодон сүйүү тапканды үйрөнөт. Баланын кылган жакшы ишин кубаттаңыз, анда тырышчаактыкка үйрөнөт. Мактай берсеңиз, өзүн ашыкча баалап алышы мүмкүн. Балага акылсыз, жалкоо, жаман деген сөздөрдү

айтпаңыз, сен эч качан бир нерсени түшүнбөйсүң дебеңиз, анда бала чүнчүй баштайт.

4. Күнөөкөр сезими бар балдар бактылуу болбойт. Андай балдардын өзүн кем тутуу комплекси болот. Ал комплекс адамдын жашоо күчү менен азыктануучу терс зарядга ээ болот. Өткөн күнөө, окуя адамдын эсинде калат. Ал аң-сезимди булгап турат. Негативдүү ойлор негативдүү окуянын себеби болгондуктан, адамдын шериги таштап ж.б. жагымсыз окуялар боло берет. Бала ызага буулугат, ички дүйнөсүндө бүлүк түшөт. Канчалык аны эстесе ошончолук туталана берет. Бала бүтүндүүлүгүн жоготот, процесстен утулат, кийин миграциялап акча табам деп, Ата Мекенинен ажырайт, жашоонун мааниси жок болгон абалга жетет. Адам дайым бир нерсени жоготуунун үстүндө жашайт. Жашоонун агымын токтотуу мүмкүн эмес. Мындай шартта «Бардык азап өтүп кетет»,- деп кабыл алыш керек. Азап тартууга чыдап, аман калса, аң-сезими тазалангандан кийин гана ага турмуштун жаңы барагы ачылат.

5. Пессимисттер – өзүн жаман сезген адамдар. Алар «иши оңунан чыкпайт»,-деген коркуу сезимден кыйналышат, өзүн өзү аяшат. Өзүн өзү аяп, коркуп, отура бергенден пайда жок, ага күч кетет, ден соолуктан ажырайт, убакытты текке кетирет. Өзүн өзү аяп, корко берген адам коом үчүн керексиз болот. Андай адамдын позициясы деструктивдүү болгондуктан, өзүн урматтоосун жоготот. Мындай багытын адам ой аркылуу өзгөртсө болот. Кантип? Ой – энергия, адамдын рухий аракети. Позитивдүү (жакшы, оң, ырас) ойлонуу, ниетин оңдоо – жакшы адам болууга биринчи кадам. «Дуденде» (лингвинистикалык маалымдамада) «позитивдүү» деген сөздү: «пайдалуу, жайлуу, ыктуу, ылайыктуу, кырдаалдуу, оңтойлуу, жагымдуу, жакшы, жактырган, натыйжа алып келүүчү, оң, ишенимдүү, маанилүү, таасирдүү, өтүмдүү, ишкердүү, ийкемдүү» деген мааниде түшүндүрмө берет. «To be positive about semetheing» дегенди өзүнүн туура, ырас, адилет, чын жолдо экендигине, ийгиликтүү болоруна ишенүү”,- деп которулган. Ушундай ой жүгүртүүнү позитивдүү ой жүгүртүү деп аташат. Туура эмес ролго кирип алган, сени туура жолдон адаштырууга аракеттенген авторитетке «жок, андай эмес» деп айта билиш керек. Тобокел кылып иш баштабаган утпайт. Сыйлыкка баштаган эле эмес, аягына чейин аракет кылган жетет. Арамза, калп, туура эмес, адашкан, жаңылыштуу, бузуку ойлордун өзүнө да, башкага да зыяны тиет. Аң-сезимди мындай ойдон таза кармоо керек.

6. Жаштар арасында псевдомаданияттын, контрмаданияттын (укуктук, лагердик субкультуранын) пайда болушу да коомдун укуктук негизине, моралына, жүрүм-турум адебине наразычылыктын белгиси. Митингдер көбөйүп, мурдагы маданиятка, моралга, баалуулуктар системасына адамдардын канааттанбагандыгынан чыгат. Бул – адептик-

рухий кризистин натыйжасы. Кризистен чыгуу үчүн баалуулуктарды туура түшүндүрүү керек.

7. Кийинки МБге даярданууга карата суроолорду берип коюу керек. Өспүрүмдөрдү таш боордуктан кантип сактап калууга болот? Баланы каалоосун кармана билүүгө кантип үйрөтсө болот? Баланын ички жана тышкы маданияты эмнеден көз каранды?

## Класс жетекчилердин ишиндеги өзгөчөлүктөр

Россиялык адабияттарда (Школа классных руководителей. Картотека воспитательных форм работы. Т.Н. Федорова ж.б.) ар кандай оюндарга (элдик, спорттук, майрамдык), көңүлдүү кечелерге (предметтик, спорттук, көркөм өнөр чыгармачылыгы, шоу), жолугушууларга (спортсмен, киноактер, режиссер, ырчылар), конкурстарга (спорттук, адабий) ШТК (КВН), майрамдарга (улуттук, диний, кесиптик), искусство каражатына (театрлашкан оюндар, "көгүлтүр от" (голубой огонек), оюнчуктардын көргөзмөсүнө, фестиваль, пародия, курч сөз айткандардын конкурсу, эстрада, бий, фольклор, дискотека ж.б) өтө көп көңүл бөлүшүүдө. Анан эмнеге жеңил ойлуу жаштар чыгып жатат деп таң калабыз. Биздин оюбузча инсанга олуттуу тарбия бериш үчүн олуттуу сөздү айтып, олуттуу маселелерди козгогон иш-чараларды уюштуруу керек. Жогоруда көрсөтүлгөн иш-чараларды көп уюштуруу өспүрүмдөрдү жеңил ойлуулукка тарбиялайт [19].

Профессор А.С. Шмаков балдардын чыгармачылыгын төмөнкүчө өнүктүрүүнү сунуш кылат: тарбиялык мааниси бар жомок, тарыхый этюд, адабий-этикалык сюжет, текст менен иштөө, поэзиялык чыгармаларды угуу, өздөрү ойлоп табуу, классиктердин спектаклин көрүү ж.б. Мамиле түзүүгө үйрөтүүнүн төмөнкү жолдорун сунуш этет:

– эне тилинде сүйлөө, эне тилин билүү өз маданиятын сыйлоонун белгиси, мамиле түзүүдө эне тилинин пайдасы көп, зыяны жок.
– этикалык эрежелерден чыкпоо, өз көз карашы болгон адамга башканын көз карашын түшүнүү кыйын, ошондуктан "өзүнүн эрежеси (уставы) болгон, бөтөн эрежени түшүнө албайт", өз көз карашыңызды көрүнгөнгө таңуулабаныз, көрүнгөндүн көз карашын ээрчий берсеңиз, сизди адаштырып кетишет, башканын пикирин сыйла, өз позицияңда бол.

Интеллектуалдык жактан өнүктүрүү үчүн: предметтик ийримдер, "кызыктар дүйнөсү", "жаш техниктер", "жаш натуралисттер", "жаш журналисттер", "жаш педагогдор", "жаш саясатчылар", "эрудиттердин клубу" ж.б. уюмдарды уюштуруп, "билим күнүн", "медалисттердин күнүн" ж.б. белгилөө сунуш этилет.

Он күндүктөр (декада): маданият, илим, техника, адептик билим, эмгек ж.б.

Акылдын гимнастикасы: долбоор коргоо, интеллектуалдык оюндар (эстафета, божомол түзүү, марафон, турнир ж.б.). Интеллектуалдык кечелер,

викторина, талкуу, тегерек стол, изилдөө иштерин жүргүзүү, дүйнө жүзүндөгү элдердин илимге мамилеси, табигат сырлары, тумуштук билим боюнча сюжет сунуш этүү, акылман адамдардын ойлорун угуу (окуу), илимий, саясий жаңылыктар менен таанышуу, түштүн маанисин чечмелөө, этика илими менен таанышуу, өлкөлөргө жана континеттерге саякат (видио, аудио сюжет угуу), окуган китептер боюнча пикир алмашуу ж.б.

## Ата-энелер чогулушуна керектүү материалдар

Ата-энелер чогулушунда талкууланууучу суроолор: Балдарды тарбиялоодогу ата-энелердин типтүү каталары, аны кантип жоюуга болот. Адептик тарбияда кездешүүчү маселелерди кантип чечүү керек. Үй-бүлөдө ынтымакка жана ак ниеттүүлүккө кантип жетишүүгө болот? Үй-бүлөлүк турмушта китептин ролу. Өспүрүмдөрдүн азыркы мезгилдеги ыймандык проблемаларына кантип көмөк көрсөтүү керек. Үй-бүлөдөгү чыр-чатактан кантип кутулса болот? Баланы мээримге жана сүйүктүү болууга кантип үйрөтүүгө болот? Үлгүлүү ата-эне кандай болот? Зээндүү балдар менен үй-бүлөдө иш алып баруунун жолдору. Ыймандык тарбияда адал азык-түлүк менен тамактандыруунун мааниси. Балдарды үй-бүлөдөгү тиричилик кылууга катыштыруу. Балдардын адебинин калыптанышында ата-эненин жүрүм-турумунун үлгү болуучу мааниси. Балагатка жеткен кыздардын (балдардын) өзгөчөлүктөрү. Кыздын тарбиясында эненин ролу, уулдун тарбиясында атанын ролу.

## Өспүрүмдөрдү адептүүлүккө тарбиялоодо эненин мээриминин ролу

“*Алла жер менен асманды жаратканда жүз ырайым жараткан. Ал жүз ырайымдын бири гана жерге түшкөн. Ал эненин балага болгон ырайымы” (хадис).*

“Баарынан күчтүү, ыйык сүйүү – эненин сүйүүсү. Ал эч нерсеге багынбайт”,–деген Т. Драйзер. Эненин сүйүүсү – баарынан кымбат сүйүү. Канчалык жакшы адам болуп, балага кам көрбөсүн, эненин ордун, мээримин эч ким алмаштыра албайт, – деген Саади. Башкалар үчүн катардагы карапайым, жөнөкөй көрүнгөн аял, өз баласы үчүн – дүйнөдөгү эң жакшы адамдардын баарынан жакшыраак АДАМ сыяктуу көрүнөт. Анткени ошол карапайым аялдын өз баласына берген мээримин, тарбиясын дүйнө жүзүнүн мыктылары биригип бере алышпайт.

Баланын эң биринчи тарбиячысы жана мугалими көбүнчө анын энеси болот. Баланын тарбияланышында атага караганда эненин эмгеги көп. Баланын дүйнө таанууда, кесип тандоодо, адептик-рухий багытын аныктоодо ата-эне чечүүчү ролду ойнойт. Улуттун өсүшү же пас абалга жетиши тарбиядан, көбүнчө коомдун кыздар тарбиясына көңүл бөлүнүшүнөн көз каранды. Аристотель: ***“Кыздары тарбияланбаган коомдун келечеги жок,***

***анткени келечектин ээлери алардын колунда тарбияланат***" –деген. Балдарына жакшы тарбия берген эл өсөт. Балдарына камкордук көрбөгөн улут артта калат.

Эненин сүйүүсү өчпөс от сыяктуу нерсе, энеге баланын жаманы көрүнбөйт. Эненин жүрөгү жана кучагы – изги тарбиянын ордосу, чыныгы мектеп. Дүйнөдөгү элдердин бардык жыргалчылыгы – ата-энелердин балдарын жакшы тарбиялоосу менен байланыштуу, бардык тарткан азабы – тарбиясындагы өксүктөрү менен байланыштуу. Балдарды көбүнчө энелери жазалашат, ошого карабастан, балдары энелерине тартылышат, анткени балдары энелерден мээрим издешет.

Адептик тарбияда ата-эненин ролу жөнүндө кыргыздарда төмөнкүчө накыл кептер бар:"Энеден тарбия башталат", "Энени көрүп кыз өсөт, атаны көрүп уул өсөт". "Баланын билеги ооруса, эненин жүрөгү ооруйт". "Ата болсоң, акылдуу бол, эне болсоң, мээримдүү бол", "Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы", "Ата кебин эшиткен уул, эне кебин эшиткен кыз адеп тутат", "Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат", "Атанын сөзү – акылдын көзү", "Эне адаты – кызга үлгү, ата адаты уулга үлгү", "Энеси тыйбаган кыздан түңүл, атасы тыйбаган уулдан түңүл", "Ата сөзү уулга эм, эне сөзү кызга эм". "Ата баштабагандын башы жок".

Адамдын кадырлоого арзырлык эң баалуу сапаты – анын ыймандуулугу, тазалыгы, айыпсыздыгы, ак ниеттүүлүгү. Бул сапаттарды кыз бала энеден көрбөсө, адептик-рухий дартка чалдыккан коомдон үйрөнүшү кыйын. Энеси абийир менен ар-намыстуулукка тарбиялоого камкордук көрбөсө, улуттун абийирдүү ар-намыстуу болушу кыйын. Ошондуктан эне мектебин иштетүүгө, кыздардын ыймандык тарбиясына өзгөчө көңүл бөлүү керек.

АКШда XX кылымдын 30-жылдары катуу ооруга чалдыккан балдар дарыланып жаткан эки клиникада эксперимент жүргүзүлгөн. Экөөнүн медициналык тейлөө шарты, врачтары, дарылары, тамактары бирдей болгон. Биринде инфекция жугузбасын деген "жүйө" менен оорукчал балдарды ата-энесине, жакындарына жолуктурбай, кат аркылуу гана байланышууга уруксат берилген. Экинчисинде үй-бүлөнүн мүчөлөрү менен жолугууга уруксат берилген. Биринчи клиникада балдардын 1/3 өлүп калышкан. Экинчисинде эч ким өлгөн эмес. Бала ата-энесин көрбөсө, ага эч ким келбесе, маанайы бузулат. Баланын сакайып, жашап кетишине ата-эненин мээриминин ролу чексиз экендиги эксперимент аркылуу аныкталган [15].

Чыгышта эне мээрими жөнүндө ойлор көп айтылат. "Европалыктарда мурдагы доолордо эненин сүйүүсү жөнүндө мазмундуу чыгарма жазуу кыйын, т.а. мүмкүн эмес"- деп эсептешкен. Француз окумуштуусу Элизабет Бадинтер Францияда XVII-XX кылымдарда эненин балага карата мээримин изилдеп, төмөнкүдөй жыйынтык чыгарган: "Эненин инстинктивдүү мээрими

жөнүндөгү кеп – жөн эле миф”. Ал ушул төрт кылымдагы эненин жүрүм-турумун изилдөө аркылуу энеде эч кандай мээрим байкалбагандыгын белгилейт. Коом өзгөргөн сайын эненин сүйүүсү өзгөргөн. “Энелик сүйүү күчтүү, чабал, тандалма, жалпы болушу мүмкүн. Бирөөлөрдүн энелик мээрими бар, башкаларда жок болушу мүмкүн. Мээрим эненин маданиятынан, жеке өзгөчөлүгүнөн, коомдук түзүлүштөн, тарыхый кырдаалдан көз каранды”-дейт Элизабет Бадинтер. Эне мээрими балдардын баарын толкундандырган маселе. XVIII кылымда Европа маданиятында эне мээриминин ролуна маани берип, өтө көп көңүл бөлүнгөн, баланын тарбиясына энени милдеттендирип, жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча атайы пропаганда жүргүзүлгөн. Идеалдуу эненин образы назик, мээримдүү кылып сүрөттөлгөн. Ошондон баштап энелер балдары жөнүндө камкордук көрүп, идеалдуу болууга умтулушкан. Өз балдарын өзү эмизип, жалданма энелердин саны азайган. Медицинада педиатрия пайда болгон. Ага чейин шаардык үй-бүлөлөр балдарын айылга, тарбиячыга, профессионал врачтарга, медайымдарга, балдар бакчага беришкен. Эне мээрими жөнүндөгү пропаганда эненин жүрүм-турумун өзгөрткөн [24]. Ырайымсыз доорлордо да мээримдүү энелер болгон, кой жонуна торгой жумурткалаган доорлордо да мээримсиз энелер болот.

Европалык окумуштуу-этнографтардын изилдөөлөрүндө XVII-XX кылымдардагы аталардын салттуу тарбиясы жөнүндө эч кандай сөз айтылбайт. Окумуштуулар 222 коомдогу ата тарбиясын изилдешип, “Аталар ошол кезде – кичине бала болгон” деген жыйынтыкка келишкен. Ал жерде атанын бийлиги жөнүндө сөз болот. Окумуштуулардын көпчүлүгү эркектер болгон, алардын “маданияты”, “кызыккан чөйрөлөрү”, жаңылыш көз карашы болгондуктан, мындай фактыларды байкаган эмес.

Американык окумуштуулар Р. Дей, У. Маккей балдар менен аталар тартылган 218 карикатураны изилдешип, аталардын тарбиялык ишке компетентсиздигин аныкташкан. Чоңдор менен балдар тартылган карикатуралардын көпчүлүгүндө эркектердин олдоксондугу көрсөтүлгөн. “Аталарды балдардын тарбиясынан өздөрүнүн кумардануулары бөлүп турат”–дейт, Фрасуа Мориак. Бирок педагогиканын теориясын жана тарыхын негиздеген классикалык педагогдордун көпчүлүгү – эркектер. Бул парадокс ойлонууга түрткү боло турган маселе.

Европада баланы тарбиялоодо эненин мээриминин ролун Чыгыш маданияты аркылуу протестант педагогдору жакшы түшүнгөн, Я. Коменский да протестант педагог болгон. XVII- XVIII кылымдан баштап атайы ата-энени тарбиялык маселеге көңүл бөлдүрүү боюнчи иш жүргүзүзүлгөн, натыйжада Еврапа континенти гүлдөп өскөн [17].

Энелерге балдарынын ден соолугуна, интеллектуалдык-рухий өсүшүнө камкордук көрүүсү маанилүү маселе экендигин түшүндүрүү керек. Бул – баланын бактылуу өсүшүнүн зарыл шарты.

Ит да күчүктөрүн сүйгөндүктөн тукум улап жашап келе жатат. Баарынан аң-сезими жогору деп эсептелген адам баласынын мээриминин абалы азыр эң жакшы деп айтуу кыйын болуп калды, анткени эненин балага карата мээрими төмөндөдү. Натыйжасы ата-энени карылар үйүнө өткөрүү нормага айланды. Балдардын 90,5% оорукчал абалга жетти (И. Бекбоев). Азыр Европада да мурдагы пропаганданын таасири төмөндөдү.

Жакшы эне баланын жүрөгүн жылытат, жумшартат, камкордук көрөт, жамандыктан коргойт, демине дем кошот, өмүрдүн узарышына себепкер болот. Эне деген сыймыктуу атка татыктуу эмес энелер бар, алар балдарынын жашоосун азапка салышат. Өз кызыкчылыгы менен жашап, дүйнө таануу маселеси боюнча баласына "өзү кийген көз айнекти кийгизет" (туура эмес маалымат берет, ынандырат). Эненин жүрөгүндө сезимдери, мээсиндеги ою тартипке келбесе, баласынын жашоосунда тартипсиздик боло берет. Жакшы эне баласына жөлөк болууну ойлонот. Жаман эне баласын өнүктүрүүнү эмес, өз "мансабы" жөнүндө ойлонот.

Балдар тарбиясына көңүл бөлгөн өлкө, континент гүлдөп өсөрү педагогика илиминде белгилүү нерсе, бирок ошого карабастан, бул маселеге жеткиликтүү камкордук көрүлбөй келе жатышы – биздин кайдигерлигибиздин натыйжасы. Мектептерде ата-энелер менен иштөөнү жандандырууга көңүл бөлүш керек. Балдар тарбиясына ата-энелердин көңүлүн бурбаса, алар балдарына көңүл бөлбөсө, жалгыз мектептин мындай оор маселеге алы жетпейт. Келечекте өлкөбүздүн гүлдөп өсүшү үчүн мектептин ата-энелер менен иштөө маселесине, өзгөчө кыздар тарбиясына көңүл бөлүүсү азыр өтө актуалдуу болууда.

Социалисттик, капиталисттик түзүлүштө да коомдун капчыгын кеңейтүүгө аялдын эмгеги керек болгон, ага атайы саясат жүргүзүлгөн. Коомдон ордумду табам, элге кызмат кылам деген энелер, эркек менен барабар милдетти «мойнуна алган», бирок алардын көпчүлүгү өз үй-бүлөсүндөгү тарбиялоо милдетин, өзгөчө кыздар тарбиясын сапаттуу аткара албай калган. Жүрөгүнүн астында өсүп чыккан баласына бата берүүнүн ордуна ачуусу келгенде "өлүгүңдү көрөйүн", "кара жерге кир", "өпкөң үзүлгүр", "каргыш тийгир" деген сыяктуу сөздөр энелердин оозунан чыгып жатканын кантип танабыз? Бул энелердин жыргаган жашоосунан келип чыккан сөз эмес, бирок ошол жыргабаган жашоого эненин келишине өзүнүн күнөөсү жок эмес. Каргыш – кудук сыяктуу, бата – аялдама сыяктуу, кудукка түшүп кетүү бар, аялдамада күтүү бар. Үйдүн куту болуу милдетин унутуп калган сыяктуу энелердин кайдигерлигинин натыйжасында кырсык, ажырашуу, оору, өлүм, зордук көбөйүүдө. Куту жок үй-бүлөдө ынтымак жок болот. Ынтымагы жок үй-бүлөлөрдүн 40% көбүнчө келиндердин демилгеси менен ажырашып жатышат (2010). 2008-жылы беш жашка чыга элек 40 миң бала өлгөн. Аялдарга жана балдарга карата катталган кылмыштардын саны – 33277, анын ичинен өзгөчө оор кылмыштар 22090 (2010). КРда физикалык,

психикалык, сексуалдык зордукка дуушар болгон балдар 26% түзөт (2009). Улутубуз жармач абалга жетүүдө. Булардын арасында бейкүнөө бечаралар бар. Балдардын психикалык көйгөйлөр көбөйдү. Үй-бүлөнүн очогун сактоочу көбүнчө энелер болуп келген. Буга аталардын күнөөсү жок деген ойдон алыспыз. Өз балдарына мээрим төгүп, тарбия-таалим берген, ата-энелер улуттун өсүшүнө салым кошот. Баланын жашоосун бактылуу кылып, коомдо тынчтыктын, бейпилдиктин гаранты болот. Азыр бизге Европадан илимди, техниканы, технологияны үйрөнүп, ал эми адептик-рухий тарбия боюнча ата-бабаларыбыздын таалим-тарбиясын калыбына келтиргенибиз акыл-эстүү көрүнүп турат.

Кай заманда болсо да энелер турмуштун туткасы, жашоого керек болгон жароокер жар, мээрман аял, мээнеткеч тарбиячы, үй-бүлөнүн куту болуп келген. Энелердин көпчүлүгү азыр милдетин жакшы аткарбай калышты. Эненин үй-бүлөдөгү орду, коомдогу ролу бүгүнкү күндүн талылуу көйгөйүнө айланды. Балдарын башка улуттагы адамдарга тарбиялоого (Оксфорд, АУЦА, КРСУ, Сапат Түрк лицейи, англис тилдүү мектептер) берүүдө, балдарын башка элдин өкүлдөрү тарбиялаoperа, эл өз маданиятынан ажырайт. Өз балдарына өзү камкордук көрбөгөн, тарбиялабаган элдин келечеги кең болбойт. Ошого карабастан, эркиндикти эңсеп жулунган энелер көп, а балдары болсо көз карандылыктын көп түрлөрүнө келишүүдө. Азыр тамекиден, аракечтиктен, баңгиликтен, медикаменттен, каражаттан, башка өлкөнүн адамынын аң-сезиминен көз каранды жаштар бар. Бизде саясий, идеологиялык, экономикалык ж.б. көз карандылык деген түшүнүк бар. Кыргыз балдарын башка маданияттагы, ишенимдеги адамдарга, чет элдик билим берүүчү мекемелерге тарбиялоого беришин энелердин өз милдетин жеткиликтүү аткарбай, балдарын тарбиялабай калгандыгына күбө катары келтирүүгө болот.

Энелер мурда балдарын ар балээден коргоп, “канаты менен калкалачу”. Жаңы жөжөлөгөн тоок да жөжөлөрүн коргоп, иттен куткарып жатат. Жырткычтар да баласын коргоодо. Энелерге эмне болду? Коом рухий сыркоо абалга жетти. Энелерге ушундай баадагы «эркиндиктин» кереги бар беле? Биз оокатыбыз өтпөй калды деп ыйлактайбыз. Согуштан кийинки жылдардагы кыргыздын жашоосу азыркыдан начар болгон, бирок эл ыйлактабай эле кыйынчылыкты жеңип кетишкен. Балдарынын эртеңки тагдырын ойлоп, ыйлап, жакшылык тилеген энелер көп болсо, балдарыбыз мындай абалда калбайт эле. Мындай фактылар биздин кыздар тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлбөй жатканыбызга далил болот.

Азыр эркекти тоотпогон, өзүн эркектен жогору койгон, эркекти жек көргөн аялдар кыргызда бар. «Адамды жек көрүү көбөйгөн коомдо оору, травма, кырсык, бактысыз окуя көп болот. Анда адамдардын энергиясы төмөндөп, эмоционалдык жактан чарчайт. Дилдин кеселдиги (депрессия, невроз ж.б.) арбыйт. Жашоосу маанисиз болгондуктан, жашоого

кызыкчылыгы төмөндөйт. Андай коомдун тагдыры тайкы болот, балдарынын жашап кетүү мүмкүнчүлүгү төмөндөп, суицид өсөт. Эл бири-бирин айыптайт. Адамды айыптоо, жамандоо – бул аны жок кылууга багытталган программа. Адамды жок кылууга багытталган программа – өзүн жок кылуучу программага өтүп кетет. Ал онкологиялык дарттын, менингиттин, эпилепсиянын, инсульттун ж.б. оорулардын, суициддин, травманын себеби. Текебер аялдардан көбүнчө майып балдар төрөлөт”. Батышта майып балдар көп болгондуктан, инклюзивдүү билим берүү нормага айланган. Медицина илими муну токтото албай калган [22].

Азыркы коомдун экономикалык, адептик-рухий, кризиске келишине, балдарынын психикалык көйгөйлөрдүн көбөйүшүнө энелердин күнөөсү көбүрөөк, анткени эненин биринчи милдети – балага камкордук көрүү. Ушундай «эркиндиктен» көрө аял үйдүн куту бойдон калып, үй-бүлөлүк тарбияга көңүл бөлсө, үй-бүлөлөр соо болсо, коом соо болот эле. Эненин кайдигерлиги үчүн балдары запкы жеп жатат. Физикалык, психикалык зордукту көргөн, психикалык, соматикалык көйгөйлүү балдарга ким жардам берет? Алар кантип жашап кетишет? Балдары ушундай кыйынчылыкта жашап жатса, Кыргызстанда спирт ичимдигин ичкендер – 2,3 миллион, алкоголиктер – 100миң (2011). Ичкиликке азгырган аялдар аз эмес. Мындай жаман адатка көнгөн элди ким токтотот, кантип токтотот?

Азыр АКШда, Европада, Японияда, КМШ өлкөлөрүндө атасыз чоңоюп жаткан балдар көбөйүүдө. Ажырашуулардын көпчүлүгү энелердин демилгеси менен ишке ашууда. Аталардын тарбиялык ишке таасири жыл сайын азайып келе жатат. Атасыз чоңойгон балдардын көпчүлүгү энеден көз каранды болушат, алар атасын идеализациялап, атасыз өскөндүгү үчүн энесине карата таарынычы болот. Ажырашуу мурунку муунда кыздар тарбиясына жеткиликтүү маани берилбей калгандыгынын натыйжасы. Өз баласына мээримсиз жүрөк башка адамга кантип мээримдүү болот? “Адамга мээримсиз жүрөк, Ата Мекенди урматтап, сүйө албайт” (А.Франс). Эненин мээрими баланын өмүрүн көркүнө чыгарат, акмагын адам, жаманын жакшы, бактысызын бактылуу кылат.

Урматтуу энелер! Кудай жараткан жүз ырайымдын бири гана эненин жүрөгүндө болуш керек экен, аны балага арнап, эненин жүрөгүнө түшүрүптүр, балага эненин ырайымы болбосо, бала ырайымды кимден табат? Кызмат, акча, байлык, эркиндик эненин жүрөгүнүн алдында өсүп чыккан баладан кымбатпы? Биз бүгүн балага камкордук көрсөк, эртең эле анын да, сиздин да жашооңуз бактылуу болгону турат. Биздин шорубуз “эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө”- деп, өпкөдөн да, куйруктан да куру калып жаткандыгыбызда.

## Өспүрүмдөрдү адепке, ыйманга, маданиятка тарбиялоодо ата-эненин ролу

“Адаб” деген араб сөзү – “сыйлоо”, “тарбиялоо” деген мааниде которулат. Адеп дегенибиз − адамдын жүрүм-турум нормасын аныктоочу моралдык эреже жөнүндөгү этикалык түшүнүк. Адептик тарбия деп − максатка ылайык аң-сезимдүүлүктү, адептик сезимди, жүрүм-турум көндүмдөрүн калыптандырууну жана адептик ыкмаларды өнүктүрүүнү айтабыз. Адептүүлүккө тарбиялоо деп − коомдогу адамдардын моралдык аң-сезиминин максатка жараша калыптанышын, ызааттуулук жактан өсүшүн, жүрүм-турум менен көндүмдөрүнүн иштелип чыгышын, о.э. эзелтеден келе жаткан элдин үрп-адаттарын, адептин прогрессивдүү үлгүлөрүн сактоону, байытууну, улуттун маданиятын үйрөтүүнү, аларга сезгичтик менен мамиле кылууга тарбиялоону түшүнөбүз [14].

«Ыйман» деген сөз араб тилинен келген, ал Жаратуучунун жалгыздыгына, периштелерге, ыйык китептерге, пайгамбарларга, тагдырга, кыяматка жана сурак берчү күндө жаралууга ишенүү [14]. Педагогиканы өздөштүргөн адам менен теологиялык билими бар адамдын ыймандык тарбия жөнүндөгү түшүнүктөрү бири-бирине окшобойт. Педагогикада адеп, ыймандуулук, маданияттуулук үй-бүлөлүк үлгү-өрнөк, насаат, тарбия аркылуу ишке аша турган маселе. Диний педагогикада теологиялык билимдин негизиндеги аракет, идеал-үлгү, амал, тарбия аркылуу ишке аша турган маселе. “Ыйман – деген сөз адамдын бардык жакшы сапаттарын ичине камтыйт, аларды өтө зарыл түгөнбөс баалуулук катары сактап калууга үндөйт, ыймандуулук коомдун өнүгүүсүнө пайдалуу. Ыймандуулукту калыптандыруучу нерсе (мотивация) – бул дүйнөдөгү адамга, элге, мамлекетке кылган жакшылыктарың өзүңө рахмат (жакшылык) болуп кайтат, жамандыктарың азап болуп кайтат деген ишеним. Окумуштуу-аалымдардын айтымына караганда ыймандуулуктун курамына тарбиялык аракет менен калыптануучу 80ден ашык адамдык оң сапаттары, анын карама-каршы жагына (ыймансыздыкка) 70 терс сапаттар кирет” [14].

Балдардын адептик аң-сезими өнүкпөй калып, ыймансыз өсүшүнүн себеби: ата-энелер балдарынын окуудагы ийгилигине көңүл бөлүшүп, адептик, ыймандык абалына жеткиликтүү көңүл бөлүнбөй, системалуу көмүскөдө калышы менен байланыштуу. Бул багытта баланын өзүнүн аракетсиздигинен да көйгөйлүү болуп калышы мүмкүн. Баланын өзүнүн ыймандуу өсүү боюнча ички мотивациясы болбосо, аны ыймандуулукка тарбиялоо кыйын.

Үй-бүлөдө ыймандык тарбияга маани бербесе, бала жашоосунда көптөгөн кыйынчылыктарга туш болуп, жүрүм-турумунун кесепетинен башка адамдарга караганда артта калат. Адепсиздик, ыймансыздык жеке эле адамга эмес, үй-бүлөгө, коомго, мамлекетине да залакасын тийгизип турат. Тарбияга маани бербеген үй-бүлөлөрдүн балдары, маани берген үй-бүлөлөрдүн балдарынан артта калып, ар тараптан кыйынчылыкка дуушар болуп турушат. Ага маани берген үй-бүлөлөр маданияттын өнүгүүсүндө салым кошуп келген. Дүйнө жүзүндө келечек муундун ыймандык

тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлгөн өлкөлөр өнүккөндүгү тарыхта белгилүү. Ошондуктан билимди ыймандык тарбия менен айкалыштырып, өркүндөтүп туруу зарыл.

Өспүрүмдөрдүн ыймандык абалынын алардын маданияттуулугуна түздөн түз тиешеси бар. Алардын адептүү, ыймандуулары маданияттуу болушат. Балдардын адептик, ыймандык жактан тарбиялангандыгы жана маданияттуулугунун жогору болушу келечекте саясатта, экономикада, айыл чарбада, өнөр жайда, эл аралык мамиледе ж.б. бардык чөйрөлөрдө элдин жашоосунун оңолушуна оң таасирин тийгизет. Алардын ыймандык тарбия алгандыгы менен маданияттуулугу, ой жүгүртүүнүн позитивдүү түрүн аныктайт. Адамдар канчалык ыймандуу болсо, ысырапчылыгы ошончолук аз болот. Ыймандуу адам (коом) зарыл болгон нерсени гана жетишерлик өлчөмдө керектейт. Ыймансыздардын керектөөлөрүнүн чеги жок сыяктуу. Анда элдин менталитетинин абалы начарлайт. Эгер ач көздүккө соргоктук кошулса, адам көп ооруп, аз жашайт. Материалдык баалуулукту рухий баалуулуктан жогору койгондор бактысыз болушат, анткени алардын маанайы керектөөлөрдөн көз каранды болуп калат, бирок жашоонун маңызы аны канааттандыруу менен чектелүү эмес, ал чыныгы бакыт эмес [14].

Кыргыздар бабалардын ыймандык билимин, тажрыйбасын өз боюна сиңирип, дээрин, зээнин асылдандырып, үй-бүлөдө билгенин кийинки муунга мурастоону адамдын атуулдук парзы катары эсептешкен. Алардын устаттыгын этнопедагогикалык өңүттө иликтөө бир топ баалуу дидактикалык ой, тыянактарга алып келет. Адамдын адептик аң-сезими анын жан дүйнөсүнүн байлыгы менен байланыштуу [5].

Даанышман бабалардын осуятын урматтаган ата-энелерибиз адамдын беделин көтөрүп: “Баланын көөнү – пашаанын көөнү”- деп мамиле кылган. “Адам болор кишинин адам менен иши бар”- дейт кыргыз эл макалы. Ыймандуулукка баланы тарбиялоодо, адам менен мамиле түзүүнүн ролу жогору бааланат. Ыймандык тарбия ата-эне менен баланын жан дүйнөлөрүнүн карым-катыш мамилелеринин натыйжасы экендигин баамдап, түшүнгөндүктөн байыркы чоң эне, тай энелерибиз балдары менен неберелерин жылуу жумшак тарбиялап, жан-дили менен мээрим төгүп, айланып-үйрүлүп баланын жүрөгүн жылытышкан. Эне сүтүнө тоюнган, мээрим көргөн бала ата-энесин жан-дили менен жакшы көрөт. Мээримге тоюнган бала ата-энеге, бир туугандарга, жакындарга күйүмдүү, боорукер болот. Энелер элдик оозеки чыгармаларды, икаяларды, уламыштарды эмоциялуу, элестүү, көркөмдүү кылып айтып беришип, балдардын аң-сезимин, акыл ой чабытын өркүндөтүшкөн. Ж. Баласагын, М. Кашгари ж.б. чебер устаттар мээримдүү энелердин жана мугалимдин акылман кебин угуп, билим алып чоңоюшкан. Баланы жакшы тарбиялаш үчүн көп сүйлөштүн зарылчылыгы жок. “Аз сүйлө, аз сүйлөсөң да саз (маанилүү) сүйлө” – дешчү. Чебер тарбиячы мээримдүү энелер баланын жаманын жаап, жакшысын таап атасына, сыртка

чыгарышкан. Анткени баланын терс сапаттарын көргөн ата сабырсыз болсо, ачууга жеңдирип койгон. “Ата каргышы − ок”. Анда ата назарынан калат. Ата назарынан калган, эл назарынан калат. Элдин назарынан калган Кудайдын назарынан калат деген ишеним бар элде [5].

Адеп, ыйман жагынан баланын жетилүүсүнө зарыл нерсе – коом алдында, үй-бүлө алдында милдетин, жоопкерчилигин сезүү, башка адамдар жөнүндө кам көрүү, андагы бир туугандык сезимдеринин болуусу. Ага жан-дили менен умтулса, жакшы тилек ишке ашат. Ак тилеги, таза ою бар бала ата-эненин, элдин пикирин жогору баалаганы дурус. Ата-энеден, тууган-уруктан, элден алкыш, бата алууга бел байлаган, жоопкерчиликти сезген жигит, элдин оор түйшүгүн көтөрө алат. Андай адам элге бакыт алып келүүчү ишти аткарууга күч кубатын, акыл дараметин, билимин аябайт. Андайларга тууган-уругу, эл ыраазы болуп, алкыш айтып, ак пейилден бата беришет. Элдин купулуна толгон жигиттин келечеги кең болот.

Ыймандык тарбияны эстетикалык, экологиялык, эмгектик же дене тарбиясы сыяктуу тарбиянын бир түрү катары кабыл алууга болбойт. Ыймандык тарбия аркылуу эң жогорку баалуулуктар, терең мааниси бар рухий түшүнүктөр баланын аң-сезимине, жүрөгүнө жеткирилет. Баланы жакшы этикетке, тартипке, жакшы адаттарга көндүрүүгө болот. Ошондой эле саясий ой жүгүртүүгө, аскердик эрежелерге, сүйлөшүүлөргө, келишим түзүүлөргө, социалдык аракеттерге үйрөтүүгө болот. Ал эми ыймандык тарбиясыз уяттуулукка, маңыздуу жашоого, баалуулуктарды туура аныктоого, аны тандоо эркиндигине тарбиялоо кыйын. Эгерде ата-энелер балдарынын ыймандык тарбиясына жеткиликтүү көңүл бөлбөй калса, алар жер жүзүндө **адам** катары өздөрү да кыйналышып, башкаларды да кыйноого салып жашашат. Эгерде ал тарбияга көңүл бөлүнсө, анда ыймандуу жаштар коомдун өнүгүшүнүн локомотиви сыяктуу болушат [14].

“Ыймандык тарбия баланын тышкы кийим, атрибут, формада көрүүнү каалабайт. Баланын дили тазарып, жүрөгү таза сезим менен арууланып, ою бийиктеп турушу кажет. Мындай аракетке өтпөгөн адам ыйманы ыйык, акылы тунук, ою бийик, дили соо, жүрөгү таза абалга жете албайт», – деп белгилеген Осман Нури Топбаш (Бакытка багыт. – Бишкек: 2008. – 201- б).

Үй-бүлөдө ыймандык тарбиянын ыкмалары**:** азан чакырып, жакшы ат коюу, баланын жакшы болуусун тилөө, баланын адептик аракетин алкап бата берүү, адал тамак менен оозандыруу, азыктандыруу, сүннөткө отургузуу, зыяндуу эмес чөйрөгө аралаштыруу, күнөө-кылмыштар жөнүндө айтып, жүрүм-турум эрежелерин үйрөтүү, колунан келген билимин берүү,

акыл-насааттарын айтуу, жомок, дастан, аңгеме айтуу, куран окуу, адабий-тарыхый мурастарды окутуу ж.б. болгон.

Кемчиликтери: ата-эненин берген тарбиясы натыйжалуу болбосо “балам начар чыгып калды, баланы төрөйт экенсиң, мүнөзүн кошо төрөбөйт экенсиң”- деп капа болушкан; “сөөгү меники, эти сеники” - деп бөтөн өлкөгө окууга жиберген; азыр дүйнөлүк маданиятты кыргыздын көзү менен таанытпай, элдин менталитетине жат секталардын, НПОлордун (БӨУлардын), чет элдин “көзү менен таанытууга”, лекцияларына катышууга уруксат берип жатышат.

Мындай шарттан кантип чыкса болот? Тарбиялык иштердин программасына (авторлору Г.А. Жумабаева, Б.Б. Алымбаева) ата-энелердин чогулушунда каралчу тематикаларга көңүл бөлүнүздөр.

“Адептик, ыймандык тарбиянын натыйжасында балдар рухий жактан өнүгөт. Рухий өнүгүүдөн кийин экономикалык өнүгүү күтүлөт. Жардылык, жокчулук, көйгөй – туура эмес ой жүгүртүүнүн акыркы звеносу, биринчи звеносу – рухий жардылык, ички өнүгүүнүн жетишсиздиги. Теологиялык билимсиз рухий өнүгүүнү элестетүүгө болбойт», – дейт, Москвадагы Ислам университетинин ректору М.Ф. Муртазин [14].

*“Маданияттуулук дегенибиз – өз жашооңду башкалардын турмушуна пайдалуу кылып, кооздоо” В.Г. Кротов.*

## II бөлүм. Тарбия сааттарынын, класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелери

### Класстык тарбия сааттардын мааниси

Адептик-рухий тарбия көбүнчө үй-бүлөдө калыптанат, бирок мектептин, өзгөчө класс жетекчилердин балдардын адебинин жакшы же начар калыптанышына салымы жок эмес. Адептик-рухий тарбия ата-бабалардын баалуулуктары, багыты, рухий мурастары, фундаменталдык өзөгү сыяктуу. Мектеп да балага жамандык менен жакшылыкты, абийир менен уятсыздыкты ажыратууга, жоопкерчиликке, тартипке үйрөтүүгө тийиш. Бала кезинде адамдын жан дүйнөсүндө адептик-рухий тарбия орун алса, кийин анын жемиши ийгиликтин себеби болот.

Билим берүү системасындагы тарбия – бул максатка багытталган иш-аракет, анын максаты – окуучуларга Ата Мекендик, жалпы адамзаттык, улуттук рухий баалуулуктарды түшүндүрүү жана өнүгүүгө шарт түзүү, турмушта жолун, кесибин аныктоого жардам берүү. Булардын көпчүлүгү класстык сааттарда каралат. “*Тарбия баланын билимин, билгичтигин,*

*тажрыйба менен байытып, акылын өнүктүрүп, жамандык менен жакшылыкка туура мамилени калыптандырып, коомдо болгон моралдык эскиликке каршы күрөшүүгө даярдашы керек”* (В.А. Сухомлинский).

Жаңылбаган жаак, мүдүрүлбөгөн туяк болбойт. Педагогдор да жаңылышат. Мисалы, мурда класстык сааттарда коммунисттик идеологияны, саясий “идеалдарды” пропагандалоого көп орун берилген. Азыр да ошол “жолдон чыкпагандар” бар, айрымдары жаңы идеологияны ойлоп таап, аны пропагандалоого өтүшкөн. Мунун натыйжасы кандай? Психологияда “бөлүкчө-адам” (башкалардын баалуулугун түшүнбөгөн, күн тийген жердин күкүгү), “бурама-адам” (өзүнө талаптары минималдуу, өз ою жок, башкаруучунун сөзүн кыңк этпей аткаруучу), “адам-хакер” (компьютер менен гана иши бар, өзүнчө жашаган), “тиешеси жок-адам” (туугандарына, жакындарына жан тартпаган, кайдигер), “масса-адам” (эл кандай болсо, мен да ошондой болом, формалдуу окуйт, аткарат), “робот-адам” (адам-машине, баалуулугу жок), “адам-фантом” (ырайымсыз, катаал), “адам-романтик” (чексиз кызыкчылыгы бар, өзү иш-аракетсиз) деген сыяктуу түшүнүктөр пайда болду. Бул цивилизациянын жемиши, бирок алардын пайда болушуна педагогика илиминин да, практик педагогдордун да салымы жок эмес. Философ Н.Бердяев *“Техникалык цивилизация – имперсионисттик, ал адамдын инсан болушун эмес, активдүүлүгүн каалайт, инсандын чыгышын каалабайт,”*-деген.

Мектептин бүтүрүүчүлөрү айрым учурда класс жетекчи күтпөгөн ийгиликке жетишет. Бул кокустукпу же класс жетекчи окуучуну баалай албагандыгыбы? Класс жетекчилер (көбүнчө) өзүнө жаккан план түзүп, ошол план боюнча аракеттенет. Балага ошол план керекпи, жагабы, баланын абалы кандай, ал эмнеге муктаж, аны жеткиликтүү баалабайт. Биздин жаңылыштыгыбыз ушул жерде. Айрым класс жетекчилер окуучуга мүнөздөмө жазуудан кыйналышат, анткени баланы жакшы билбейт. Класстык сааттардын мазмуну окуучуга кызык эмес, баланын терс эмоциясын козгой турган, көңүлүн оорута турган маалымат берилет. Бул туура эмес. Окуучу менен чын жүрөктөн сүйлөшүп, жан дүйнөсүнө үңүлүп, “кирип”, ага эмне керек экендигин билүү маанилүү. Класстык саат баланы ойлондуруп, жаман сапатын жоюуга, жакшысын жандандырууга, көкүрөгүндө жакшылыктын үрөнүн калтырууга тийиш.

Мурунку доорлордо кийим зарыл нерсе болчу, азыр байлыгын (престижин) көрсөтүүчү нерсе болду, ал инсандык сапатты “эритүүгө” айланды. Адамдар байлыктын кулчулугуна өтүүдө. Бул реалдуулуктан адам кайда качат? Калыссыздык, ырайымсыздык орун алган коомдо АДАМ болуп калыптануу кыйын. Класстык саат ушундай реалдуулукта окуучуга АДАМ болууга жардам бериши керек.

Эмнеге балдар интернетке көп тартылышат? Интернет – жалгыздыктан жапа чеккендердин эрмеги. Бала интернетте билгенин кылып отура берет. Адам менен мамиле түзүү, интернеттик “мамиледен” пайдалуу. *“Адам эмнени кылганына жараша жакшы же жаман адам болот”*

(К.Ясперс).

“Балдардын жүрөгүнө оң таасир этилбеген (рухий тарбия жетишсиз) класстык саат, окуучулар жамаатындагы жашоо – бала үчүн чыныгы уу, ал жылуу сезимге суусатат” (С.Т. Шацкий). “Балалыктан жаштыкка өткөн курак оор, бул – өзүн, адамды, коомду, дүйнөнү тааныган мезгил, ушул убакта мүнөзү калыптанат, бул дүйнөдөгү максаты аныкталат, адептик идеалын иштеп чыгат, турмуштун жол-жобосун үйрөнөт, жашоонун маңызын түшүнөт” (Г.А. Мединский). “Карылыктын бир жылы – он эки ай, балалыктын бир жылы – доор” (А.Алексин).

Окуучуда адептик-рухий маданиятты калыптандыруу үчүн класс жетекчилер төмөнкүлөрдү түшүнүү керек:

- окуучу элдик маданиятты, тарыхый чындыкты кабыл алуучу, улантуучу экендигин билген;
- окуучу социумдун мүчөсү, өз өлкөсүнүн жараны катары өз укугун жана милдетин билген, өлкөнүн рухий абалына кайдигер эмес атуулу болуп калыптанган;
- өспүрүмдөрдүн коомунда жашап, алардын коммуникативдүү маданиятын көрүп, баарлашкан, алардын абалына кайдигер эмес;
- өз айылынын, шаарынын тазалыгына, жашылданышына салымы бар, тууган-уруктарынын жамандык-жакшылыктарына катышкан;
- үй-бүлөсүнө, коомго пайдалуу, Ата Мекендин өсүшүнө салымы бар;
- адамзаттын глобалдуу (масштабдуу) маселелерине кайдигер болбогон, элдин диний ишенимин урматтаган, табигий кырсыктарга жардамын аябаган инсан болуу керек. Инсан – бул бытиенин, адамдын табигатын тааныган эркин адам.

Адептик-рухий тарбияда педагог сөз, мамиле, иш-аракет аркылуу окуучуга ордун, рухий өнүгүү багытын көрсөтөт, мында сөз менен иште ажырым болбош керек. Адамдын наркы ишинин өлчөмү, сапаты адеп-ахлагы менен аныкталарын балага түшүндүрүү керек. Ак ниеттүүлүгү менен өзгөчөлөнгөн баланын репутациясы булганбайт, ал элге, улутуна, табигатка, өлкөгө жакшылык тилеп, колунан келген аракетин кыла берсин.

Окуучунун жүрөгүнө жакшы сезим калтырып, позитивдүү энергияны “ойготуш” үчүн класстык саатка:

- даярдануу, ар түрдүү темада керектүү маалымат берүү;
- окуучунун оюн угуп, ага өнүктүрүүчү ой салуу, демилге берүү;
- класстык жамааттын өнүгүшүнө пайдалуу болуу;
- пессимизмди, негативизмди жеңүүгө, оптимизмге, позитивизмге “заряддоо”, жаратман эмгекке шыктандыруу;
- окуучуларды маалымат издегенге, тапканга, анализдегенге үйрөтүү керек. *“Бала макоо эмес, алардын эси жоктору чоңдордон көп эмес, аларга чоңдой мамиле кылгыла”* (Я.Корчак). Анда эмесе ишиңерге ийгилик каалайбыз.

## Тема: Башка элдин жана кыргыздардын маданияты, адептик нарктуулугу

**Сабактын максаты:** Башка элдердин маданияты менен өз элибиздин маданиятын салыштыруу аркылуу, кыргыздын адептик нарктуулугун түшүндүрүү.

**Жаңы тема:** Улууларды урматтоо, ийменүү, кичүүлөрдү ызаттоо, жазгануу – адептүүлүктүн белгиси, бул – ички маданият. Ийменүү – кичипейилдик, адамдын мүнөзүнүн жумшактыгынын жана назиктиктин белгиси. Кыздын пакизалыгы (тазалыгы), аруулугу, ыйбаа кылуусу – ыймандуулуктун белгиси. Жаш келиндин уяттуулугу, кайын журтуна ийилип, кызмат кылуусу – анын тартип көрүп чоңойгондугунун белгиси.

Ата-бабаларыбыз өздү өзүм, өзгөнү жатым дебеген. Бул бир тууганым, кайын журтум, сөөк-тамырым, жоро-жолдошторум-деп бирөөлөрдү баса, бирөөлөрдү аса белгилебей, тең санаган. Бул – адамдын асыл сапаттарынын бири. Айкөлдөр адамдарды түргө бөлүп, түркөйлүк кылбайт. Баарын тең санайт. Совет доорунда орус маданиятынын таасири бизге тийди. Тууганым, жатым – деп бөлүү кийин чыкты.

Сүйүү – адамдын жашоо-турмушундагы назик мамиле, жакшы көрүү, элесин эске тутуу, булар – ички маданияттын бөлүгү. Жүрөгүндө адамга, элге, Мекенге сүйүүсү жок адам – ичи көңдөй челек сыяктуу. Орусча “любовь” – “сүйүү” деп которулат, алар: “люблю кашу, маму, Отечество, родную землю” ж.б. – деп айтышат. Кыргыздар: боткону жакшы көрөм, апамды, атамды, Мекенимди ж.б. “сүйөм”-дейт, кызга (жигитке) сүйүүбүздү “махабат” дейбиз. Биз рухий казынасы бай элдердин бири болгонбуз.

Адамдын жүрөгүндө сүйүү болсо, жакындарынын жаманы (сапаты) жабылып, жакшысы табылып жашай берет. Бөлүнгөндөн кийин жакшы сапаттары гана эсинде калат. Ошондуктан кыргыздар көзү өткөндөрдү акаарат кылбайт, кеп-сөз, ушак айтпайт, кемчилигин чукубайт. Аларды эскергенде “Маркум”, “Раматылык”, “Бейиши болгур” деп жалаң жакшы сапаттары айтылат. Бул – анын арбагын сыйлоо. Маркумду сыйлоо бардык мусулман элдерде бар. Өлгөндөн кийин сындоо кийин чыкты. Ал – акылсыздык. Көзү өткөндөн кийин саясий лидерлерди, белгилүү инсандарды сындоо орустардын тарыхында болуп келген, азыр да бар. “И.В. Сталиндин, Л.И. Брежневдин ж.б. саясий ишмердигин кайрадан карап чыгышкан. Азыр Б. Ельциндин ишмердигин карап чыгууда. Кийин В.В. Путиндин ишмердиги да айтылат. Мен узак жашаган адаммын, билем, бийликтегилерди кызматта турганда идеализациялап, өлгөндөн кийин кемчилигин табышат”-дейт Ли Куан Ю (Суровые истины во движении Сингапура вперед. Казань.2011).

Азыр башка республикада жашаган кыргыздардын маданияты жөнүндө айта кетели. Жызактык кыргыздар негизинен ичкиликке киришип, беш уруу, тогуз уруу тейит болуп, чоң эки урууга бөлүнүшөт. Беш уруу тейит – кашка,

манап, кутуке, абай, куталы болуп, беш майда урууга бөлүнүшөт. Жызакта тогуз уруу тейиттерден бир гана уруу бар, алар Чапан тейитттер. Алай, Ноокат, Баткен жана Лейлек болуп, Кыргызстандын түштүк тоо кыркаларын ичкиликтер ээлешет. Тажикстандын аймагында туурасы 40-50 км узуну 240-250 км аралыкты кыргыздар ээлеп келген. Өзбекстандын Жызак областынын Бахмал айылында кыргыздар жашашат.

Жызактагы тоолуу Замен районунун 1/3нен көбүн жергиликтүү кыргыздар түзөт. Достук, Пактокор, Зафарабад, Арпасай, Мырза чөлдүү райондорунда кыргыздар орун алган. Баш аягы Жызак областында 150 миң кыргыздар бар. Алар бери дегенде беш кылым өзбек элинин курчоосунда жашоодо. Ошого карабастан өзүнүн этникалык аң-сезимин, материалдык жана руханий маданиятын, салт-санаасын, адептик нарктуулугун жоготпой, сактап келе жатышат.

Бахмалда ар бир үйдө алма өстүрүлөт, алар дыйканчылык, багбанчылык кылышат, мал чарбачылыгы өнүккөн. Жашаган үйлөрү кыргыздын маданиятын чагылдырат, шырдак, ала кийиз, көлдөлөң, төшөк, таар ж.б. менен жасалгаланган. Аларда кыз ала качуу – кылмыш. Үй-бүлө түзөрдө салттык өзгөчөлүктөрүн карманышат. Балдары балагатка жеткенде ата-энелери макулдашып, нике кыйылат, келечектеги үй-бүлөгө шарт түзүп беришет. Келинди ала качуу – кыздын ата-энесин, урууну басынтуу, теңсинбөө, эл алдында уят кылуу болуп эсептелет. Мында чоң чыр чыгышы мүмкүн. Тамак-аштары Кытайдагы Памирлик, Каргалык, Коженттик кыргыздардын тамактарына окшош. [1]

“Дөөт алейхисаламдын устаканасы”, “Дөөт-баба”, “Асти-Дөөт” мазарлары Кожентте жайгашкан. Коженттик кыргыздар: аваат, бостон, төөлөс, жоо кесек, канды, кыдырша, кыпчак, найман, нойгут, оргу, тейит, чапкылдык урууларынан турат. Шаардын аталышы тажикче эмес, кыргызча, чечмелениши “кожо кент” (кожолордун шаары). Мурдагы доорлордо ал жерди Илияс-Кесек, Темир-Малик, Акмат-Могол, Салимбек, Акботобий, Баабер ж.б. кыргыздар башкарган. Улуттук оюндары – улак тартыш, балбан күрөш, ат чабыш, тойлордо акыйнек айтышат. XVII-XIX кылымдан баштап XX кылымдын орто ченине чейин (б.а. чек араны бөлүүгө чейин) кыргыздар Алайдан Жызакка чейинки тоо кыркаларын ээлеп келген. Алар азыркыдай үч мамлекеттин чек арасына бөлүнгөн эмес. Өзбек, тажик элинин маданиятынын таасирине карабастан, кыргыздар өз маданиятын сактап калышкан.

Кожент шаарынын күн чыгыш тарабында “Мозори чил духторон” (кырк кыз мазары) деген бар. Уламыштарга караганда эркек аттуунун баары согушка чыгып кеткенин билип, капыстан басып кирген жоодон жалтанбай, кынсыз кылыч байланган кыздар шаарды коргошкон. Теңсиз айыгышкан согушта курман болгон кыздардын эрдигин бүгүнкү күнгө чейин эл унутпай, эскерип келүүдө.

Совет доорунан кийин бизде Батыш өз маданиятын пропагандалап келе жатат. Батыш элдеринин жакшы сапаттары бар, алар: эмгекчилдик, тактык, тазалык, эпчилдик, илимди, техниканы, технологияны өздөштүрүүгө умтулуусу ж.б. Кыргыздардын көп проблемалуулугунун себеби эмнеде, балдар дүйнөнү кыргыздын көзү менен тааныпбай, башка элдин көзү менен таанып жатышат, жаштар таңсык болгон өлкөлөр рухий сазга батып баратат, ал өлкөлөр бизге үлгү-өрнөк боло албайт, бирок биздин жаштарыбыздын көбү аны билбейт.

Азыр элдин келечек-тагдырына таасири бар гендер саясаты жөнүндө макаладан үзүндүгө көңүл бөлөлү. Дүйнө өнүгүп, өзгөргөн сайын бири-бирине дал келбеген карама-каршы көрүнүштөр пайда болуп, адамзаттын турмушуна терс таасирин тийгизген саясат пайда болду. Ошонун бири маданият аралык кагылышууну, Чыгыш салттулугуна Батыш маданиятынын баскынчылык аракетин, гендер саясатын атасак болот. АКШда, Европада коомчулуктун гендер маселесине кызыгуусу XX кылымдын 60-жылдарында пайда болгон. Бүгүн ошол кызыгуу бизге жетип отурат. Батыш өлкөлөрүндө ал дисциплиналар аралык кеңири илимий багытка айланды. Ал эми дүйнөнүн башка жактарында бул маселени изилдөө, ошол коомдун өзүнүн эмес, Европа менен АКШнын маданияттарынын саясатынын негизинде жүргүзүлүп келе жатат. (hitp: //www.harunyahya.ru/article_islam_yukselis.html). Ар бир коомдо аялзаттын орду бар жана ага өзгөчө мамиле калыптанган. Ар бир элдин өзүнүн улуттук жана маданий өзгөчөлүгү бар, ар кимдин өзүнүн “чындыгы” бар.

Өлкөбүздө “бардыгын вестерндештирүү” (вест – батыш) деген түшүнүк старт алды, бул түшүнүк гендер маселесин да ичине камтыйт. Вестерндештирүү – Батышта калыптанып калган аял тууралуу “феминисттик” түшүнүктөрдү Чыгыш дүйнөсүнө таңуулоодо. Батыштын маданиятында “чындык” деп эсептелген нерсе Чыгыш дүйнөсүнүн аялзатына үйрөтүлдү. (hitp: //www.liveintemet.ru/community/gender_vs_sex/post 52746848). Туура эмес калыптанып калган түшүнүктөрдүн ичинен ЖМК аркылуу гламурдук кутюрьелер, мода жаратуучулар менен талкууга алынган кыздын сексуалдык кебете кешпири, аны курал катары колдонуп, баш айланткан карьерага жетишүү пропагандаланды. Өкүнүчтүүсү бул аракеттер кыздарыбыздын жашоодогу эң негизги максатына айланып бара жатат. Бул маселе улуттун жок болуп кетишине, мамлекеттин руханий баалуулуктарынын соолушуна, нарк-насилдин бузулушуна жол ачат [28]. Аны АКШнын, Европанын азыркы абалынан көрүүгө болот.

Бүгүнкү күндө өлкөбүз 30дан ашуун конвенцияга кол коюп, анын ичинен аялга каршы дискриминациянын бардык түрүн жокко чыгаруу конвенциясы да кабыл алынды. Бирок гендер маселеси чечилген жок. [27]. Феминисттик түшүнүккө жуурулган “гендер саясатынын” натыйжасында аялдын ыктыярдуулук, тандоо укугу арткы планга өтүп, “иштөө укугу”

максаттуу түрдө таңууланууда. Натыйжада аял – эне болуп, баласына камкордук көрүп, үйдүн куту болуп, аны тарбиялоонун ордуна иштөө укугун туу тутуп, күйөөсү менен жарышып иштеп келе жатат.

Гендер саясатынын негизинде Европанын өзү кандай натыйжага келди, ошого көңүл бөлөлү. Алар убактылуу пайда тапты, экономикалык жактан өнүктү, бирок кийин зыяны өтө көп болду. Мисалы, Германияда эмгектенген энелердин балдары тарбиядан өксүп, көз карандылыктын ар кандай формаларына келишти: азыр 6,2 миллион адам тамекиге көнүп калышкан; 2,3 миллион адам алкоголизмден көз каранды; 1,2 миллион адамдар медикаменттен көз каранды; 400000 адам баңгизатка кумарданышат; 100000 адам баңгизаттан көз каранды; 150000 кумар оюндарына азгырылышат; 500000 тамак-ашка көз карандылыктан (соргоктуктан) ден соолугу проблемалуу; 50000 адам арыктоонун ар кандай методдоруна муктаж; 1 миллион адам сексsurvey, спортко ыгы жок берилүүдөн азап чегишет. Бул тизменин толук эмес экендигин, о.э. бул коом физикалык, психикалык соо эмес коом экендигин К.Теппервайн «Как противостоять превратностям судьбы» (СПб. Питер. 1996) деген китебинде белгилейт [31]. Ушундай баа төлөнүүчү эркиндиктин аялга кереги барбы?

Дүйнөнүн демографиялык өзгөрүүсүн изилдеген АКШлык окумуштуулар элдин 25 жыл стабилдүү сакталышы үчүн балдардын төрөлүү коэффициенти (ар бир үй-бүлөгө туура келген орточо арифметикалык чоңдук) k=2,11 кем эмес болуш керек деп ырастайт. Эгерде k мындан кичине болсо, улут азаят. Адамзаттын тарыхында k=1,9 болгон бир да улут сакталып калган эмес. Азыр Европалык континенттеги 31 мамлекеттин орточо төрөлүү коэффициенти k=1,38, АКШныкы k=1,8. б.а. эл азайып баратат. Тарыхый тенденцияга таянсак, бул көрсөткүч дагы кемийт. (БУУнун 2010-жылдагы отчётунан алынды). Ойлонгула.

**Бышыктоо**. Эми Батыштын таасириндеги азыркы жаштардын жоруктарына токтололу. Башка улуттарда байкалбаган жоруктар бизде пайда болду. Ата-бабалардын салтына, дөөлөттөрүнө доо кетүүдө. Биз кызыл гүлдү, айды, Чолпон жылдызды кызга теңеп, ыроолойбуз. Айрым кыздарыбыз: “өзүмдү өзүм билем, (кааласам) Америкага (Кытайга, Кореяга ж.б) күйөөгө тием, кайын журтум менен жашагым келбейт, күйөөм жакшы, апасы жаман, балдарымды чоң ата, чоң энеси эмес, тай ата, тай энеси багат, кайын журтум менен мамилем начар”-деп отуруп, артында “өзүнөн-өзү арданып, жалгыздыктан жапа чегүүгө жетти. “Булуттар, булуттар, жан кейиткен жалгыздыкты унуткар, унуткар, унуткар” (аткаруучу Г. Сатылганова) -деп боздоп-ырдап жүрүшөт. Айрым кыздарыбыз: “Сени Оштон, Таластан, Ысык-Көлдөн, Нарындан... Галактикадан издедим, жоксуң, жоксуң”-деп ырдап жүрүшөт. Кыздан кылык, уулдан уят кетти. Качан кыргыздын кызы эр издеп жер кыдырчу эле? Демократияга жамынып, НПОлор (БӨУлар) кыргыздын рухий тарбиясына жат сексуалдык тарбияны,

жат идеологияны таратууда. Көчөдө, коомдук жерде беш көкүл кыздын жигиттерге айкалышып, өбүшүүсү кайдан келди? Кыргыз баласы эне тилин, ата-бабалардын тарбиясын, рухий мурасын качан жээричү эле? Уулу келинчегине болушуп, энесин качан капа кылчу эле? Келиндин укугу качан кайын энесиникинен жогору болгон? Ак сакалдардын көзүнчө афроамерикалык бейадеп бийлерди жаш кыздар качан тайраңдап, бийлечү эле? Кыздар төшүн, курсагын, далысын көрсөтүп качан кийинишкен? Денесин сатуу деген кыргызда качан болду эле? Качан ата-энесин карылар үйүнө өткөрчү эле? Карысы бардын ырысы бар-деген кыргыздар, эми ырысын тепкен элге айланабы?

Тил, дил билген, "билимдүү" ага-эжелерибизден кыйратып үлгү ала турган жагыбыз жок сыяктуу. Улуу деп сыйлап учурашсаң, алик албай өтүп кетет, кийинки жолукканда жаштардын жөөлөп өткүсү келет. Өмүр бою интрига менен "оокат" кылгандар кайсы үлгүнү көрсөтүшөт? Митингде жулунуп-жулкунуп, эркек менен мушташып, ак үйгө, көк үйгө барып, "элдин тагдырын чечкен", дүйнө жүзүнө кебете кешпирин көргөзгөн аялдар качан бар эле? Ошолорду бетине кармап, саясий "маселени чечкен" эркектер качан болгон? "Жаман деген бир ат бар, жууса кеткис", болдук. Ушунун баары жан дүйнөнү бузуп, кимдин ким экенин билгизбей, аң-сезимдеги баалуулуктарды өчүрүп бараткан ааламдашуу саясатына макул болобузбу? Кантип? Кыргыздардын маданиятын, адептик нарктуулугун жоготобузбу? Ойлонолу.

Оозунан жылуу сөз чыкпаган, теменени төө деген, досту жоо деген, барды жок деген, акты көк деген, кең дүйнөнү тар кылган, жан дүйнөлөрү жарды адамдар бар. Азыр нарктуу адам десе, байлыгы, бийлиги бар адамды элестетебиз, ошолор таман акы маңдай тери менен байлыкка келдиби, кайран элдин кактабай канын соруп, алдыбы? Байлыгы адалбы же арамбы? Азыр кыргызда нарктуу адам ким? Тигил же бул өлкөнүн ак сакалдарын карап, алар тарбиялап өстүргөн балдарынын адеп-ахлагына, эл-жерине, ата-энесине, башка улуттун адамдарына болгон мамилесине карап, баа берилет, "билебиз, бул нарктуу эл, булар менен мамиле түзсө болот" – дешет.

**Эми сабакты жыйынтыктайлы**. Адамды байлык-мансабына эмес, алган билимине, ички маданиятына карап баа берүү кылым кыйырын кечкен кыргыз салты болуп келген. Ушул улуу салтты ыйык туткан эл нечен доордун кыйырын басып өтүп, кандай күн болбосун, ар качан илимге, маданиятуулукка умтулуп, тарбияга маани берип жашап келишкен. Кантебиз, өткөнгө өкүнгөндө эмне пайда, андан көрө өсүп келе жаткан жаш муундарга үлгү бололу, баскан-турганыбызды, сүйлөгөн сөзүбүздү, кебете-кешпирибизди, кийген кийимибизди оңдойлу, ар кимибиз өз адебибизге көз салып, жүрүм-турумубузду жакшырталы.

Улуттун маданиятынын келечеги жаштардын адеп-ахлагы, ойлому, аң-сезими менен байланыштуу. Ушу тапта окуп, иштеп жаткан жаштардын арасында маданиятыбызды оңдоо боюнча практикалык маселелерди

ойлогон, туруктуу жарандык позициясы бар, көптү билүүгө умтулган, ыймандуу улан-кыздар өсүп келе жатат. Туура багыт берип, туура жол көрсөтүлсө, улуу муундагылардын рухий дартынан оолак болуп, жакшы саамалыктарына жардам берилсе, алардын канат-бутагы жайылып чыга турган жолдору көп. Элдин маданиятын, мамлекеттин кызыкчылыгын коргой турган жаштардын чыгышы алыс эмес. Анда эмесе балдарыбыздын келечеги кең, түбөлүгү түз болсун деп тилейли.

**Тема: Коомдун, мамлекеттин, Ата Мекендин алдында адамдын атуулдук милдеттери**

**Сабактын максаты:** Окуучуларга коомдун, мамлекеттин, Ата Мекендин алдында атуулдук милдети жөнүндө түшүнүк берүү.

Доскада “*Бөлөк элдин султаны болгуча, өз элиңдин ултаны бол”*,-деп жазылган.

**Жаңы тема**: Мекен деп – жети атам жашап өткөн, адамдын киндик кан тамган жерин аташат. Ар бирибиздин туулуп өскөн, тарбия көргөн, агарып-көгөргөн жерибиз, элибиз, коомубуз – бул Мекен. Камкор атабыздын, он ай көтөрүп, омурткасы сыздап, төрөгөн, ак сүтү менен оозанткан, бешик ырын ырдап, тилибизди чыгарган, карегибиз менен тең айланып, арзуу-тилегин тилеп, уядан учурган апаларыбыздын, чоң энелерибиздин эли-жери. Мекен – бул дүйнөгө алып келген бабалардын мурасы, ал Кыргызстан деп жүрөгү соккон жалпы калкыбыздыкы. Бала төрөлгөндө мамлекет тарабынан анын саламаттыгы, ырыскысы камкордукка алынат, тамга үйрөтүлөт, билим берилет ж.б. Ошондуктан ар бир жарандын Мекен алдында милдети бар.

Мен мекенчилмин, патриотмун, улутумдун күйөрманымын, деген сөздүн маанисин түшүнөбүзбү? Мекенчилдик, улутту сүйүү, татыктуу жаран болуу канчалык оор, татаал, ошол эле мезгилде сыймыктуу милдет экенин аңдайбызбы? Адамдын Мекен алдында төө көтөргүс жоопкерчилиги болуш керек, бирок аны элдин баары эле түшүнө бербейт. Ошондуктан сөз менен иш, асман менен жердей ажырымга айланып кеткен. Мекенчилдик адамдан руханий да, эмоционалдык да, физикалык да, интеллектуалдык да туура таалим-тарбияны, чоң даярдыктан өтүүнү талап кылат. Мекенчилдик сөз менен эмес, иш менен аныкталат.

Мекенчилдикти ар ким алган таалим-тарбиясына, аң-сезиминин жана билим көрөңгөсүнүн деңгээлине, акыл-жүрөгүнө сиңген дөөлөттөрүнө жараша ар кандай түшүнөт. Алардын бирөөсүнүкүн туура, экинчисин туура эмес деп баалоо кыйын, анткени ар кимдин өз чындыгы бар. Наполеон, Гитлер, Муссолини ж.б. өздөрүн мекенчилмин деп эсептешкен. Алардын “чындыгы” адамзаттын башына түшкөн зор азаптын башаты болгону тарыхта белгилүү.

Өлкөдө тарбия оңолбосо, ар бир адам өзүн өзү көзөмөлгө алып, өзгөрбөсө, ал өлкөдө коомдук аң-сезим өзгөрбөйт. Коомдук аң-сезим өзгөрбөсө, ал коом өнүкпөйт. Элдин ниети, ою, пейили оңолсо, жетекчиликке адилет таза лидер келет, ошондо Мекен оңолот.

Ааламдашуу доорунда Россия менен Казакстанга ж.б. өлкөлөргө миллионго жакын мекендештерибиз жер которууга аргасыз болушту. Алардын балдарынын "киндик кан тамган жери" ошол төрөлүп, өскөн жери. Кыргыздар муну бекеринен белгилешпейт, анткени алгачкы ырыскысы, чөйрөсү, достору ошол жерде насип болду. Мамлекет тарабынан атуулдук берилди, чыгымдары моюнга алынды. *"Бир күн даам таткан жериңе миң жолу салам бер"*-деген акылман сөз элибизде бар, андай жакшылыктарды элес албай койчу кесирдик элибизде жок. Ал эми кыргыз жери алар үчүн тарыхый Мекен болуп саналат. Алардын тарыхый Мекенине карата күйүмдүүлүгү алган тарбияларынан көз каранды. Чөйрөнүн таасири зор болот, адам өзү аракет кылбаса, доор алмашкан сайын, тарыхый Мекен, үрп адат, салт-санаа, эне тили унутулуп, башка тилди сиңирип кетчү сапат бар.

Азыр "Жыргаган жериң – мекениң" деген көз караштагы адамдар бар. Ар-намысы, эси бар, атуулдук милдетин түшүнгөн жакшы адам үчүн – өтө пас, жат психология мына ушул нерсе.

Кыргызстанда кыргыз, орус, өзбек, татар, түрк, уйгур ж.б. улуттар жашашат. Өз улутун (этносун) башкалардан артык, мыкты көргөн, аны саясий, экономикалык, гуманитардык үстөмдүгүн камсыздоо ниетинде башка этносторго, алардын маданиятына, тилине, дөөлөттөрүнө толерантсыз мамиледеги адамдарды улутчул дешет. Улутчулдук – коомго, мамлекетке зыяндуу нерсе. Башка элдердин кемчилигин издөө – күнөө. *"Бирөөнүн 99 кемчилдиги болуп, бир артыкчылыгы болсо, ошол артыкчылыгын байка"* – деп келген ата-бабаларыбыз. Саны ондогон, жүздөгөн, миллиондогон ж.б. этностор бар. "Бул улут жаман" деген туура эмес. Адам тигил же бул улутту өзү тандабайт, төрөлгөндө эле бир улуттун өкүлү болуп калат. Бул жерде анын күнөөсү жок. Мекен да, улут да ата-эне сыяктуу, үчөө тең тандалбайт. Алар балага камкордук көрөт. Демек, ата-эненин алдында милдет-парзың болгондой эле, Мекендин, улуттун алдында да милдетиң бар. Анткени Ааламга келериң менен абасы, суусу, ырыскысы насип болгон. Ошондуктан Мекенди, элди, үй-бүлөнү коргоп жатып, курман болгондорду шейит кетти деп урмат менен эскеришет. Мекенди сүйүү – ыймандан. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын баары, согушта жүргөнүндө "Ата журтумдун чекесин көрүп өлсөм, арманым жок"-деп ойлогонун эскеришет. Москвада жашап, иштеп жүрүп, сөөгүм Кыргыз жергесине коюлбай калды деп өксүгөн И.Раззаковдун аянычтуу тагдырын эскерели. Советтик армияда кызмат кылгандар Мекенине кетчү ар бир күнүн календардан белгилеп эсептешкен.

Алтын капаста эчтемеден кем болбой багылган булбулдун "Алтын уям" деп зардап ырдаганын түшүнүп, аны коё берип, артынан аңдып барып,

булбулдун дарактын учундагы чириген чырпык-ылайдан курулган эски уясына учуп жетип, “Алтын уяма келдим” – деп кубана сайраганына күбө болгон хан жөнүндө икая бар. “Капчыгың пулга, ашканаң унга толуп, эчтемеден кем болбой, хан сарайда жашасаң да, бөлөк эл, бөтөн жерде өз Мекениң көздөн учуп, куса болоруңду АКШда, Японияда өткөргөн үч жылда аябай түшүндүм. Ошондой бакубат бай өлкөлөрдөгү жашоо кыйын күндөрдү кечирип жаткан Кыргызстан деген алтын бешигимди алмаштыра албайт. ***Өзгө жердин султаны болгуча, өз жериңде ултан бол*** -деген кептин айыпсыз акыйкат экенин ошондо түшүндүм. Алар менин атымдан атабай, “кыргыз киши” деши адам биринчи кезекте атанын уулу эмес, элдин, Мекендин атуулу экенимди акылыма салды”, – деп жазат Нуржигит Кадырбеков [21].

Мекенчилдик сөз менен эмес, иши менен аныкталчу нерсе. Жакшы жүрүм-турум, терең билим, көркөм өнөр, жакшы адеп-ахлак, адилеттүүлүк, эмгекчилдик, жоопкерчилик, болгонго шүгүр кылуу ж.б. – мекенчилдиктин көрсөткүчү. Бул сапаттар аркылуу бир гана өзүң тууралуу эмес, элиң, Мекениң тууралуу жакшы пикир жаралышына себеп болосуң. Муну менен Мекениңдин душманынын азайышын, досторуңдун көбөйүшүн, коопсуздугун кепилдейсиң.

Адал тамак менен үй-бүлөсүн баккандар, кошуна-колоңдор, тууган-уруктар менен катышкандар, оору-сыркоодон кабар алып, муктаждарга жардам бергендер, алсызга колун сунгандар – чыныгы мекенчилдер. Анткени Мекендин өзөгүн адамдардын ортосундагы карым-катыш түзөт.

Мекенчилдик – мамлекетиңдин эртеңкиси, азыр кылган ишиң – эртеңкинин жакшы болушуна бүгүн кошкон салымың. Шайлоодо адилет өкүмдарга добуш бер, убалдан корккон адамдын бийликке келишине себеп бол, бирөөнүн зулумдугун колуң менен же тилиң менен токтотконго аракет кыл. Адилетсиз падышалуу мамлекеттин келечеги кең болбойт, Напалеондун Франциясынын, Гитлердин Германиясынын өмүрү кыска болду. Зулумдук узап кетпейт, өзүңө кайрылып келерин унутпа. Башкалар үчүн кандай тилек кылсаң, өзүңө кайрылып келет, адамдарды жакшылыкка чакыр, жамандыктан кайтар, ошондо улутуңдун, Мекениңдин “дарагынын тамырына суу куйгандай” иш кыласың.

**Бышыктоо**: Кыргыздар байыркы, чакан элбиз. Шүгүрчүлүк, мамлекет болуп, дүйнөгө таанылдык. Бириккен Улуттардын Уюмунун эки жүзгө жакын мүчөсүнүнирибиз. Эгемендүүлүк имаратын эми кура баштадык. Дүйнөдө көп эл бизди билбейт. Эл аралык уюмдардын эсептеп чыгарган индекси боюнча 200 өлкөнүн экинчи жарымында жүрөбүз. Канткенде оңолобуз? (окуучулардын пикирин угат).

**Болжолдуу жооптор:** Мекенибиз – ар бирибиздин портретибиз. Дүйнөдө анын баркы жогору болсо, ар бирибиз үчүн – сыймык. Андай абалга

жеткирүү – ар бир жарандын милдети, ал ар бир жарандын ишине, жүрүм-турумуна байланыштуу. Улуу эл деген болбойт. Элден улуу инсандар, генийлер чыгат. Алар канчалык көп болсо, ошолордун аркасы менен элди улуу эл деп таанышат. Адам баласынын баары эле гений болуп жаралбайт. Ар бир адамдын маданияттуу, жаратман-ишкер болууга мүмкүнчүлүгү бар. Аны үчүн эрк, аракет, эмгек, билим керек. Өз улутуңдун кызыкчылыгы үчүн аракетте болуу – жакшы жышаан, бирок ошол кызыкчылыктын өзөгү кайда экенин билиш керек, өз улутун ашкере көкөлөтүү башкаларды кемсинтүү – улутчулдук, ал улут аралык кагылышка түртүп, мамлекетиңе зыян алып келет.

Окуучуларга төмөнкү сүйлөмдөр жазылган карточкаларды таратып берет, аны окуп, жыйынтык чыгаргыла. “Эгер Ата Мекен коркунучта болсо, бүт нерсе коркунучта” (George Jacques Danton), “Мамлекеттик ишмер чындыкты айтыш керек, унчукпаганы – алдаганы” (Сен Жан Перс), “Мекенге болгон сүйүүнү ойготуу үчүн башка өлкөдө мусапыр болуп жашаш керек” (William Shenstone), “Адам Мекенин сүйүш керек, анткени анын эркиндиги, бейпил турмушу, бактылуулугу жана акысы-укугу Мекендин бардыгынан камсыздалган” (Намлык Кемал), “Мекен – ден соолукка окшош, ажырап калган соң сезесиң” (Сулайман Нафиз), “Мекен аракетчил, мээнеткеч адамдардын арты менен агарып-көгөрөт” (Тевфик Фикрет), “Мекен үчүн жашоо, Мекендин өнүгүп-өсүшү, илгерилеши үчүн кызмат кылуу, Мекен үчүн курман болгончолук бийик мартаба” (Григорий Петров).

**Мугалим**: Мекенчилдик, улутту сүйүү жөнүндө кандай ырларды билесиңер?

“Улутту кимдер сүйбөгөн,

Улутчул дешет билбеген,

Кызыл эт чактан торолуп,

Кыялым көккө үндөгөн,

“Кыргыз” деп айтып жар салып,

“Кыргыз” деп өтөм дүйнөдөн (Байдылда Сарногоев).

Мекенин кимдер сүйбөгөн,

Мекеним Мисир дүйнөдө.

Мекен деп согот жүрөгүм,

Мекен деп өтөм дүйнөдөн.

**Эми сабакты жыйынтыктайлы**. Биздин мамлекетибиз тарыхый жазмышыбызга байланыштуу көп этностордон куралган өлкө. Алардын көбү ушул жерде туулуп өскөн. Арасында өлкөбүздүн келечеги үчүн күйүп-

бышкан патриоттор бар. Ар бир этностун өз орду бар, жасап турган иши бар. Ошол сапаттарын колдонуп, өзүбүзгө шериктеш, максатташ кылып алуу – биздин мойнубуздагы милдет. Мыйзам боюнча баарыбыздын укугубуз тең, бирок мекенибиздин уңгулуу улуту кыргыз болгондуктан, келечек үчүн жоопкерчилик биздин мойнубузда. Биз башкалардан кем да, артык да эмеспиз. Алдыга өнүгүп кеткен элдердин жасаган иши биздин да колубуздан келет. Биз да өлкөбүздү башкалар суктангыдай бийик деңгээлге көтөрүүгө мүмкүнчүлүгүбүз бар. Ынтымак орносо, жоопкерчиликтүү жана эмгекчил болсок, ага өбөлгө түзүлөт. Өлкөбүздү бөлүүнү каалаган арам ойлууларга тийиштүү ордун көрсөтүүбүз – парз, бирок аны олдоксон иш жасабай, аткаруу керек. Түштүктөгү трагедиялуу окуянын элибизге канча зыяны болду, андай окуяны болтурбай коюу – мамлекетибиздин, элибиздин милдети. Мекенчил адамда башкача дух болот. Менин элим убайын көргөндөй бир иш кылайын, жүзүм эл алдында жарык болсун, ак иштеп, ордумду табайын, элимди уят кылбайын, жүзүм элдин алдында жарык болгудай жашайын,-деген ой, аны ишке ашырыш үчүн билим, аракет, эрк болсо, ар бир жаран милдетин аткарат. Ушул нерселерге бел байлаган адам – мекенчил адам. Бул өтө бийик талап-идеал катары туюлушу мүмкүн. Идеалга жетпесең да, жакындайсың, ошонун өзү жеңиш. Баарына атуулдук милдетин жакшы аткарууну насип кылсын!

## Тема: Эр эмгегин жер жебейт

**Сабактын максаты:** Эмгекчилдиктин, мээнеткечтиктин, ишкердиктин маанисин түшүндүрүү.

**Жаңы тема**: Адамдын инсандык деңгээлге өсүп жетилүүсүнүн зарыл шарты – эмгектенүү, мээнеткечтик, ишмердүүлүк. Чыныгы инсан эмгек аркылуу калыптанат. Адамды жогорку жеңиштерге жеткирген да, акылынын, талантынын, шыгынын, жөндөмүнүн өсүшүнө өбөлгө болгон – эмгек. Инсандын өнүгүүсүнүн бардык этабында аң-сезиминин өнүгүүсү анын эмгекке мамилесинен көз каранды. Эмгек аркылуу адамдын мартабасы көтөрүлөт. Иш болгон жерде ийгилик болот. Ийгилик мээнетсиз келбейт. Мээнет жерде калбайт, мээнетсиз адам ырахат албайт.

Иштеген адамдын жөндөмү өнүгөт. “Мээнеттин түбү кенч болот”- деп айтылат элде. Эмгектенүүнүн натыйжасында тапкан байлыкты башка бирөөгө мураска калтырса, сатып жиберсе болот. Ал эми эмгектин натыйжасында өнүккөн чыгармачылыкты, аң-сезимдин калыптанышын, акылдын өсүшүн жана ойлонуу касиетин башка бирөөгө мураска калтырууга болбойт. Аны кудуреттүү күч менен башка бирөөдөн тартып алууга да мүмкүн эмес. Адамдын чыгармачылык, түзүүчүлүк касиетин, ойломун сатып ала албайсың. Андай касиет эмгектенген адамда гана калыптанат. Эмгектенген адам гана уюшуп иштөөнүн тартибин үйрөнөт, тыкан болот, эмгектен өндүрүлгөн мүлктүн наркын түшүнөт. Эмгектенген

балдардын коомдук, үй-бүлөлүк мүлктү уурдап жок кылуучуларга мамилеси туура (терс) калыптанат [5].

Дайыма эмгектенип көнгөн адам кайра-кайра ишти кайталай берип, кыймылы тез болот, ойлонбой эле эмне кылыш керек экендигин билип калат, колдору, көздөрү, бүт денеси аракетке көнөт. Андай ишмерди таланттуу дешет, чынында ал – көнүгүүнүн натыйжасы. Көбүнчө ишке көнбөгөн адамдар иш учурунда кырсыкка учурашат. Тажрыйбасы жок биржалык маклер бир нече минутта миллиондогон доллардан ажырайт. Дүкөнчү пайда таппай калат. Туура чечимди иштеп көнгөн адам табат. Азыркы эмгек майданында ишке көнбөгөн адамдар чоң ылдамдыктагы жолдо жай жүргөн жүргүнчүнүн машинасы сыяктуу эле коркунучтуу.

Кишини адам кылуучу (себеп) эмгек экендигин ар ким билет. Эмгек бардык жыргалчылыктын булагы экендиги да белгилүү, бирок баары эле эпкиндүү иштей бербейт. Көпчүлүк жаштардын иш жок деген шылтоосу бар. Чындыгында иштен (жумуштан) көп неме жок. Бала кезинде иштеп үйрөнбөгөндөр, иштегиси келбегендер, чоңойгондо жумуш таппай кор болушат. Азыр жумуш издеп бөтөн элде (мамлекетте) кор болуп жүргөн жаштар аз эмес. Эмгек аркылуу турмуштан ордун аныктай албаган адам өзүн татыктуу сезип, өзүнө канааттана албайт. Эмгексиз адамдын максаты, конкреттүү жолу аныкталбайт. Андай адамда гармониялуу өсүү болбойт. Адам эмгек аркылуу ээ болгон тажрыйбасынын негизинде ойлонот. Ойлонбогон адамда өсүү болбойт. Өсүү болбогон адам өзүн бактылуу сезбейт. Ал коомго, адамга эч нерсе сунуш кыла албайт. Жаш кезинде саргара мээнет кылсаң, карыганда дөөлөткө жетесиң. Жаш кезинде мээнет кылбасаң, карыганда интеллекти, шыгы ж.б. өнүкпөй калгандыктан азап чырмайт.

“Кары келсе ашка, жаш келсе ишке”, “Кылганың мен үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн”, “Эмгек кылсаң жашыңан, дөөлөт кетпейт башыңан”- деп айтылат. Булар балдарды эмгекке психологиялык жактан даярдоого болгон элдин мүдөөсүн чагылдырган макалдар. “Азаматтын даңкын чыгарган эмгек, арамзанын жанын чыгарган эрмек”. “Адал эмгек абийир таптырат, арам эмгек азабын тарттырат” демекчи, эмгекке көнбөгөн адамга да жашоо үчүн каражат керек [18]. Ата-энеси каражат менен камсыз кыла алса, эмгектен ырахат албаган балдар, курсагы тойгонуна компоюп, өз ыктыяры менен ашка-жүк, башка-жүк болуп, тескери (регресс) жолго түшөт. Ата-энеси каражат менен камсыз кыла албаган айрым жаштар турмуштан жеңил жол табууга “аракеттенип” криминалдык жолго чыгат. Ал эми криминалдык аракет менен аралашкандар психикалык, укуктук проблемаларга дуушар болушат. Алар качандыр бир мезгилде чөйрөгө, коомго, өзүнө наарazы болушуп, көңүлү чөгүп, санаага (депрессияга) батышат. Бул эки жолдун тең келечеги жок – туюк жолдор.

Кишинин АДАМ болуш үчүн ичип-жегени, кийгени ж.б. таман акы, маңдай тери менен табылган нерсе болуш керек. Бирөөнүн мээнетин уурдап, алдап, тартып жеген тамак адал эмес. АДАМ болуш үчүн таза жана адал нерселерди жеп-ичиш зарыл, пайдалуу иштерди жасаш керек. Арам тамак жегендер, бекерпоздор өнүкпөй калышат. Иштебегендер өзүнүн жүгүн жакындарына артат. Бекерпоздорду эч ким сыйлабагандыктан санаа тартып, таарынчаак, депрессивдүү болушат. Бекерпоздор менен чогуу жашоо кыйын, анткени алар ашка-жүк, башка-жүк болгону аз келгенсип, жакындарына кыңкыстай берип, аларды депрессивдүү абалга тартып турат. Депрессия жугуштуулугу менен коркунучтуу.

**Бышыктоо:** Мугалим окуучуларды төрт топко бөлүп, төмөнкү төрт суроого жооп табуусун өтүнөт, ар бир топтон бир окуучу чыгып, топтун пикирин билдирет.

1. Эмгек жөнүндө накыл кеп айткыла. 2. Эмгек дайыма эле пайдалуубу же зыяндуу да эмгек болобу? 3. Жатып ичерлик, арам тамактык, жалкоолуктун зыяндуулугу жөнүндө жогоруда айтылгандан тышкары эмнени айта аласыңар? 4. Эмне үчүн Япония, Кытай өлкөлөрүнүн экономикалык абалы биздикинен алдыда? (Элдин эмгекке мамилеси дурус).

**Мугалим**: Эмгек аркылуу адамдын акылы өсөт, жаш кезинде эмгектенбей, өнүкпөй калган акыл аркылуу мээнет кылса кандай болот? (Окуучулардын жообун угат). Акыл бакыт – алыстаткан азаптан. Акыл байлык өмүрүңдү жыргаткан. Акыл менен иш кылбасаң мээнетиң, Шорго айланат жүрөк черин ырбаткан (Фирдоуси). Шорго айланган мээнетке мисал келтиргиле (окуучуларды угат).

**Болжолдуу жооптор**: Ата Мекенге чыккынчынын эмгеги, ИГИЛдегилердин эмгеги, сектага үгүттөп жүргөндөрдүн аракети, сыйкырчынын (магия), көзү ачык-бакшылардын эмгеги, туура эмес идеологияны таңуулап жүргөндөрдүн эмгеги, багыты туура эмес партиянын эмгеги, экономикалык анча-мынча пайдасы болгону менен, экологияга көп зыян келтирүүчү эмгек (уланткыла). Булар – жаман иштер. “Жаман ишке жалданып иштегендердин жүүнү бош болот, акыры өкүнүчкө келет. Жакшы иш үчүн жалгыз акыл аздык кылат” (Ф.М. Достоевкский). Үй-бүлө менен кеңешип иш кылгыла.

**Мугалим**. Эмгек жөнүндө кандай ырларды билесиңер?

Балаңды жалкоолукка үйрөтпөгүн, жашоодо белен оокат табылбастыр, турмуштун капилеттик кырсыгына, эмгекке көнгөн адам багынбастыр (А.Аухади). Бул дүйнөдө көрөм десең жыргал күн, сөздү коюп, эмгектенгин күнү-түн. (Ж. Баласагын). Чоң кызмат чоң милдетти мойнуңа артат. Чоң байлык чоң түйшүктү талап кылат, Бүт жашоонун ырахаты ак эмгекте. Эринбей көп окуган көп сыр ачат. (Каныбек Атамкулов) [2]. Уланткыла.

**Эми жыйынтыктайлы**. Жалындуу бол, жалкоо дедирбе. Бекер жаткыча бекер иште. Иштеген ишиңди милдет кылба. Азыр кылганың үй-бүлө, мектеп, коом үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн. Эмгектенгендер гана кыйынчылыкты жеңе аларын унутпа. Ишиңер ийгиликтүү болсун.

**Тема**: **Кооптуу жүрүм-турумдун зыяндуулугу**

**Сабактын максаты:** Адамдын ден соолугуна коркунуч туудурган (мотоцикл, мопед, машина менен жол жүрүү эрежелерин бузуу, кайыкта отуруп кыйшаңдоо) жүрүм-турумдун зыяндуулугун түшүндүрүү.

**Жаңы тема:** Чоңдорго арналган коопсуздуктун негизги эрежелеринин өспүрүмдөргө да тиешеси бар. Лагерде, эл көп чогулган жыйындарда, спорттук мелдештерде ж.б. иш-чараларда сак болуу керек. Сактыкта кордук жок. Стадиондо, көчөдө, көлдө, тоодо ж.б. жерлерде коркунучтуу жагдайлар жетишерлик көп кездешет. Мисалы, футбол оюнун спортсмендери жакшы даярдыгы бар, тартипке үйрөтүлгөн, уюшулган, бирок команданын күйөрмандары эки тарап болуп мушташып кеткен учурлар аз эмес. Мушташуудан травма алгандар, кырсыкка учурагандар болушу мүмкүн. Башка таяк жеген балдардын онунун экөөсү өлүп калат. Мээни кокустатуу шишикти пайда кылат, мээ баш сөөктүн ичинде болгондуктан, омуртка жүлүндөн башка жакка чыга албайт. Ал нерв системасынын б.а. бүткүл организмдин ишинин бузулушуна алып келет, анын натыйжасы – өлүм [8].

Эл көп чогулган жыйындарда мушташуудан айрым балдар өмүр бою майып болуп калышат, айрымдары узак убакыт ооруканаларда жатышат. Сабактан калышат, ата-энелерине, туугандарына кыйынчылык түзүлөт. Акчалай чыгымдар көбөйөт.

Көңүл ачуу үчүн мотоцикл, мопед айдап жарышкан жаштар (байкерлер, рокерлер) жол-транспорт кырсыгынын себепкери болушат. Булардын “көңүл ачуусу” машинанын талкаланышына, адамдардын оор майып болушуна алып келет. Мотоциклдин үнү элдин тынчын алат. Панк (чачын кырдырган) жаштардын арасында бүлгүнгө учуратуучу жүрүм-турумдагы фактылары болот, жаштардын сексуалдык бузукулугу, баңгилик, аракечтик ж.б. аракеттери үчүн жазаланган учурлары аз эмес.

Жаштардын саясий, экономикалык, чыгармачыл, кесиптик ж.б. бирикмелери бар. Саясий формалдуу эмес экстремисттик бирикмелердин коркунучтуу аракеттери көп учурайт, алардын мүчөлөрүнүн кырсыкка дуушар болуусу көп кездешет. Анткени каттоодон өтпөстөн, митингдерди уюштурушат, анда укук коргоо күчтөрү менен кагылышуусу мүмкүн. Митингдин катышуучуларынын башы-көзү көгала болуп, камакка алынышат. Ата-энелери штраф төлөп, чыгымга учурайт. Экстремисттик, деструктивдүү коомдорго, уюмдарга кирген жаштардын айрымдары

(скинхеддер) орустарга карата жек көрүүнү пропагандаласа, айрымдар (шовинисттер) чыныгы эл менин элим деп, башка элдерди жек көрүп, кемсинтүү менен, улуттар арасында душмандык туудурушат. Улутчул уюмдар жек көргөн тарабына бүгүн кол салбашы мүмкүн, бирок уюмда дзюдо, каратэ, самбо ж.б. спорттун түрлөрүн мыкты өздөштүргөн жаштар болгондуктан, качандыр бир мезгилде кагылышып кетсе, эмне болот? Маанисиз мушташта жеңүүчүлөр болбойт, жеңилүүчүлөр эле болот, алар укук коргоо органдары тарабынан жазаланышат.

Чеченстандагы, Афганстандагы согушта канча адамдар өлүп, канчасы майып болуп калышты?! Андан ким утушка ээ болду эле? Афган согушунун токтогонуна көп жыл өтсө да, азыркы күнгө чейин жаман түштөн ойгонуп, онтогон адамдар бар. Адамды өлтүрүү оңой бекен? Мылтык менен мээлеп атса өлөт, бирок бирөөнү өлтүргөн адамдын абийири тынчытабы? Бирөөнүн денесине зыян келтирген адам, өзүнүн рухуна зыян келтирет. Өзүн кечирбеген адамдын ичтен жеген азабы канча? Мындай адамдын кийинки жашоосу кантип бактылуу болсун?! Тажрыйбасыз улутчул жаштардын эмне кылганын өзү жакшы түшүнбөй, камакка алынган учурлар аз эмес. Афган согушу, чечен “күрөшү” – саясий жаңылыштыктын натыйжасы.

Ош (1990, 2010) окуясында эч ким жеңишке ээ болгон эмес. Ал эми зыяны көп болгон. Өздөрүнүн алсыздыгын, пайдасыздыгын, жалкоолугун кооз “идея” менен жашырып, митингге чыгууну жакшы көргөн жаштар бар. 2010-жылы КРда 1000ден ашык митинг болгон. Алардын “идеясынын” бир күндүк баасы 500-1000 сом. Трагедиялуу тагдырлар (кырсык) алардын “саясий ишин” акыры ашкере кылат. Мындай “идеялардан” алыс болуп, тынч жашайлы.

Формалдуу эмес уюмдарда жалпы кызыкчылыгы бар жаштар чогулушат. Мисалы, гитаранын үнүн өзгөртүп ойногон рок музыканттар, экстремалдык спортсмендер, металисттер (металл тагынган жаштар), брейкерлер (акробат бийи менен коштолгон ырды аткаруучулар), битломандар (“Битлз” ансамблинин күйөрмандары), панктар (оштонгон кийим кийген жаштар) ж.б. Булардын көпчүлүгү – бекерпоздор. Отузга чыга элегинде байкерлердин (техниканы сүйгөндөрдүн), экстремисттик “идеянын” курмандыгы болгон фактылар аз эмес. Бул топтордун көпчүлүгүнүн кумирлери – афроамерикалыктар.

Жайында эс алууга барып, сууга чөгүп кеткен жаштар болууда. Карылар чарчабай, иштеп жатса, ишке жаңыдан колу тийген жаштардын чарчап калышына таң каласың. Азыр Ысык-Көлдө жайкы пансионаттарда карыларга караганда жаштар көп. Кырсыкка дуушар болгондордун арасында карылардан жаштар көп. Ойлонгула.

**Бышыктоо**: Окуучуларды өрттөн коргоонууга үйрөтүү үчүн 10 минутта мектептен чыгып кетүү (тревога) сунушталган. 10 минутта

окуучулар чыгып кетпей, 30 минутта чыгышкан. “Эртең өрттөнгөндөр көмүлөт”, - деген мугалим. Экинчи жолку машыгууда 15 минутта чыгышкан. Мугалим жогорку “юморду” дагы кайталаган. Үчүнчү жолу 5 минутта чыгышкан [8].

Суу каптоо коркунучунан сактанууга карата окуучуларга машыгуу (тревога) сунушталган. “Чөккөндөр, эртең көмүлөт”-деген. Кийинки машыгууда окуучулар эки эсе тез кыймылдашкан. Жогорудагы “юмор” орундуубу? Эмне кылыш керек?

Жолдо жүрүүнүн эрежесин окуучулардын баары билишет, бирок айрымдары аны аткарышпайт. Аны аткарбаган окуучуларга жогорудагыдай жагымсыз юмор айтылган, көбү ЖЖЭ (ПДД) аткарып калышкан. Жагымсыз юмордун көп айтылышы жакшыбы? Эмне үчүн балдар жашоого мындай мамиле кылып жатышат? Алардын жашоого мамилесин кантип өзгөртүү керек? (Окуучулардын жообун угат).

**Эми жыйынтыктайлы**. Реалдуу турмушта коркунучтуу учурлар аз эмес. Өрт өчкөн соң, суунун кимге кереги бар, өз маалында чыгарылбаган чечим, көрсөтүлбөгөн жардам, айтылбаган акыйкаттык (насаат) эч нерсеге арзыбайт. Өз маалында аткарылбаган иш – кырсыктын себеби болот. Өз маалында чыгарылбаган чечим – заалымдык болуп эсептелет. Адам дайыма тыкан болуш керек, өзүнүн жана жакын адамдын өмүрүн сактап калууга, даяр болуш керек. Кырсык болуучу оюндардан, коопсуздугу эске алынбаган ылдамдыктан, бөөдө кырсыкка учуроочу эс алуудан алыс жашагыла.

**Тема**: **Уул адеби менен урматтуу, кыз адеби менен кымбат**

**Сабактын максаты**: Өспүрүмдөргө адептик категориялардын маанисин түшүндүрүү менен эркек баланы жакшы бүлөкөр, кыз баланы жакшы бүлө болууга тарбиялоо.

Даярдануу этабы:

- жакшы уулдун, кыздын үлгүсүн чагылдырган адабияттардан үзүндүлөр;
- окуучулардын дил баяны, рефераттары, ойлору;
- тема боюнча элдик нускалар, макал-лакаптар, фольклор топтоо;

**Жаңы тема:** Жакшы бүлөкөр (бүлө) болууга уул (кыз) жашынан даярданыш керек. Адептик категориялардын маанисин жакшы билүү зарыл. Бүгүнкү жакшы уул (кыз) эртең жакшы бүлөкөр (бүлө) болот. Жакшы бүлөкөр (бүлө) болуу үчүн жакшылык менен жамандыктын, пайдалуу менен зыяндуунун айырмасын, адептик нормаларды, үй-бүлөлүк тартипти билүү абзел. Жакшылык кылууга үйрөнгөн уул (кыз) кийин урматка татыктуу болот.

Жылуулук (энергия) жок жер суук болот, жигиттин (кыздын) жүрөгүндө жылуулук (мээрим, сезим), жакындарына жан тартуу жок болсо, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө жакшылык кылууга жөндөмсүз, үй-бүлөгө пайдасыз болот. Жарыктык жок жерде караңгы болот, жигиттин (кыздын) жүрөгүндө ыйман (мээрим, ырайымдуулук, боорукердик ж.б.) жок болсо, үй-бүлөдө ынтымак, тынчтык жок болот. Ынтымак жок үй-бүлөдө ырыс жок. Кичине жарык нуру аз жердин караңгылыгын нурданта алат, чоң жарык нуру көп жерди нурданта алат. Ошондой эле үй-бүлөгө, тууган уруктарга, коомго, Ата Мекенге "жарык чачкан" ыймандуу жигит (кыз) болушу мүмкүн, т.а. айрым адамдар үй-бүлөнүн гүлдөп өсүшүнө камкордук көрөт (булар жакшы бүлөкөр, бүлөлөр), айрым адамдар ага кошумча тууган-уруктарынын, айрымдары коомдун, Ата Мекендин гүлдөп өсүшүнө салым кошкон инсан болушат. Ыймансыздар жарыктыкка, жылуулукка муктаж болгон жер сыяктуу, адамга жылуулугу мээрими тийбеген, башканын жылуулугуна муктаж адамдар болушат. Алардын колунан адамга жакшылык келбейт, үй-бүлөгө пайдасы жок, андай адамдар мите курт сыяктуу бирөөлөргө жабышып алып "оокатын кылышат". Жылуулук менен жарыктык болбогон жерде гана караңгылык, суук болот. Ыйманы (мээрим, сүйүү, ырайымдуулук ж.б.) болбогон адамдын башкага зыяны, жамандыгы тийип турат. Ыймансыз жүрөктүн ээси жакшы бүлөкөр (бүлө) боло албайт.

Эгер уул (кыз) жүрөгүн ыйман (мээрим, сүйүү, ырайымдуулук ж.б.) нуру менен "нурдантпаса" ( тарбиялабаса) адамдын жүрөгү мерес болуп калыптанат. Жамандыкка баланы (кызды) үйрөтүүнүн кереги жок, жакшылыкка үйрөтүлбөгөн уул (кыз) мерес жүрөгүнө жакканын (оюна келгенин) кыла берет, бирөөлөргө качан, кандай жамандык кылып жатканын аңдабай (толук түшүнбөй) эле кыла берет. Жер жүзүндө адамзаттын тарткан азабы адамдардын ыймансыздыгы менен байланыштуу, ошондуктан жамандык менен жакшылыкка байланыштуу түшүнүктөр ойлондурбаган адам болбойт.

Бизге адамдар жакшылык (жамандык) кылганда кандай абалда болобуз, жакшылык (жамандык) кылып жаткан адам сизге жагабы? Ойлонгула. Бизге башкалардын кандай мамиле кылышын каалacак, ошондой мамиле кылгыла. Сизге жакпаган нерсени башкаларга кылбагыла. Адептүүлүктүн алтын эрежеси ушундай.

Үй-бүлөнүн, жамааттын биримдиги, ынтымагы бул – маданияттуулук, бөлүнүү, ажырашуу, чыр-чатак, талаш – азапка жол ачуу.

Жамандык менен жакшылыктын натыйжасы жөнүндө мисалдарды адамзаттын тарыхынан да, табигаттан да кездештирүүгө болот. Келечек муундун таалим-тарбиясына көңүл бөлгөн коомдор (бул жакшылык) өлкөлөр өнүккөн. Кайдигерлери (ал жамандык) артта калган. Табигатта да жаныбарлар арасында жакшылык, жамандык кездешет. Карышкыр башка жаныбарга жакшылык кылбайт. Койду, эликти, коёнду ж.б. жарып жейт.

Анын натыйжасы кандай? Карышкырча эч ким улубайт, дайыма жини келип турат. Өзү каардуу, бактысыз. Жашоосунун тынчы жок. Ал эми тыйын чычкандын эч кимге зыяны жок, алардын жамандык менен иши жок. Натыйжасы – ынтымактуу ойношот, жашоосу шайыр. "Бардык суроого негизинен эки жооп бар – оң жана терс. Кайсынысын тандайсың, ал өзүңдүн чечимиң" (Нарисса Оден).

**Бышыктоо**. Кыргыздардын кызга кырк үйдөн тыюу салчу салты болгон, бул "кырк үйдүн" кызга жакшылыгыбы же жамандыгыбы? (Окуучулардын жообун угат). Жакшылыгы болгон. Кыздарды бейчеки көчөдө басуудан, адепсиз жүрүм-турумдан, жаман адаттан, жагымсыз сөз угуудан, жаман сүйлөөдөн, жаман нерсе (парнография, фильм ж.б.) көрүүдөн, бейтааныш адам менен жолугуудан ж.б. тыйган. Анткени "Көп баскан аяк бок басат" (бир балээнин ичинен чыгат, кырсыкка учурайт ж.б.), көз, кулак аркылуу мээге кирген жаман маалыматты тапанча менен чыгара албайсың. Жашоосун "бок басуу" (кырсык) менен баштаган кыздын тагдыры бактылуу болобу? Мээсинде жаман ой, маалымат бар, адепсиз жүрүм-туруму, жаман адаты бар кыз бирөөнүн жакшы бүлөсү болобу? Көргөнү, укканы жаман болсо, кыздын өскөнү (сөзү, ою, ниети) жакшы болобу? Көрүнгөн менен сүйлөшкөн, оюна келгенин сүйлөгөн кыз рухий тазалыкты, арууликту, пакизалыкты сактай алабы? Ойлонуп көргүлө. Кайсы доордо болбосун кыз (аялзаты) адам баласы үчүн эң оболу турмуштун туткасы, жашоого көрк берген жароокер жар, мээрман эне, мээнеткеч тарбиячы жана үй-бүлөнүн куту болуп келген. Кызга кырк үйдөн тыюу – аны үй-бүлөнүн куту болууга, чоң турмушка даярдоо үчүн айтылган.

Жакшы уулдун, кыздын үлгүсүн чагылдырган адабияттардан үзүндүлөр, окуучулардын дил баяны, рефераттары окулат, ойлору угулат. Тема боюнча элдик нускалар, фольклор окушат, талкуу жүргүзүлөт.

**Эми жыйынтыктайлы.** Жакшы бүлөкөр (бүлө) болбой, үй-бүлө бактылуу болбойт. Үй-бүлөлөр бактылуу, соо болбосо, коом, мамлекет соо болбойт. Уулдун (кыздын) орчундуу милдети – жакшы бүлөкөр (бүлө) болуу. Биринчи байлык –ден-соолук, экинчи байлык ак жоолук, б.а. ден-соолуктан кийинки эле маанилүү милдет – жакшы бүлөкөр (бүлө) болуу. Жакшы бүлөкөр (бүлө) болгула, бактылуу жашагыла, коом, өлкө соо, эл бактылуу болсун.

## Тема: **Физикалык маданияттын мааниси**

**Сабактын максаты:** Физикалык маданияттын маанисин түшүндүрүү. Профилактикалык аракетке, жугуштуу ооруларга каршы күрөшүүгө үйрөтүү. Жыныстык тарбия берүү.

**Жаңы тема:** Физикалык маданият деп – адамдын ден соолугун чыңдоого, физикалык жөндөмүн өнүктүрүүгө арналган, жалпы маданияттын бөлүгүн, социалдык ишмердиктин бир тармагын аташат. Коомдун физикалык маданиятынын абалынын көрсөткүчү болуп – элдин ден соолугунун абалы, физикалык өнүгүү деңгээли, дене тарбиянын билим берүү тармагында, өндүрүштө, турмушта колдонулушу, спорттун ийгилиги эсептелет. Физикалык маданияттын маанисин түшүндүрүүгө арналган атайын предмет бар, биз ден соолукка байланышкан бөлүгүнө гана токтолобуз. Ден соолук дегенибиз – оору-сыркоонун жоктугу болуп чектелбейт, бул физикалык, психикалык, социалдык саламаттык, организмдин нормалдуу иштеши, адамдын өзүн жакшы сезиши. Шашылыш шартта тез аракетке кишинин жөндөмдүүлүгү анын ден соолугунун белгиси болуп эсептелет.

Адамдын рухий абалынын физикалык жактан соо же сыркоо болушуна түздөн түз тиешеси бар. Адамдын рухий деңгээли канчалык жогору болсо, ошончолук маданияттуу болот, анда ысырапчылыгы аз болот. Ден соолукка зарыл болгон өлчөмдө гана ичип-жейт. Тескерисинче, рухий дүйнөсү жарды адамдардын керектөөлөрүнүн чеги жок сыяктуу. Рухий деңгээли төмөндөп кеткен соргок элдин тамак-ашка керектөөсү чексиз өсөт. Анда элдин менталитетинин абалы начарлайт. Соргоктук, кыймыл аракеттин жетишсиздиги ден соолукка зыян.

Дени соонун жаны соо болот, тескерисинче адамдын рухий (ыймандык) абалы (соолугу же сыркоолугу) анын физикалык абалына таасир этет. Үй-бүлөдөгү атмосфера (шарт), ата-эненин (балдарынын) дене тарбияга көңүл бөлүшү, ыймандуулугу, ынтымагы анын мүчөлөрүнүн физикалык абалын аныктайт. Тескерисинче дене тарбияга көңүл бөлбөй, спирт ичимдиги ичилсе, ынтымагы жок болсо, чыр-чатак көп болсо, үй-бүлөнүн мүчөлөрү оорукчал болушат. Ынтымактуу, кыймыл-аракетчил үй-бүлөнүн мүчөлөрү көбүнчө соо болушат.

Рухий жашоого камкордук көрбөгөндөр да көп оорушат, аз жашашат, үй-бүлөсүнөн ажырашат, рухий потенциалы жогору эмес болот. Ден соолугу чың болбогон улуттар, экономикалык да, социалдык да маселени ойдогудай чече албайт. Физикалык маданиятка жеткиликтүү көңүл бөлүнбөгөндүктүн натыйжасында 2000-жылга караганда 2001-жылы оорулардын саны 30%, баңгилердин саны эки эсеге жогорулаган. 30-35% балдардын ден соолугу чың деп эсептелет, окуучулардын 16% өнөкөт оорулуу, 92% дене бой өнүгүүсүндө проблема бар, 57% скалиоз болуп калган. Жыл сайын 20 миң акыл-эси тайкы (дебил, инбецил, идиот) бала төрөлүүдө. Акыркы 5-6 жылда 14 жашка чейинки балдардын оорусу 21%, жеткинчек балдардын оорусу 28%га өсүп кеткен. Улуттун генефонун оңдоо маселесине көңүл бөлүү керек. Куралдуу күчтөргө чакырылган балдардын 70%дан ашыгы дене тарбия боюнча нормативдерди, милдеттемелерди аткара алышпайт. Адамдын организмин көп убакытка чейин кыймыл-аракетсиздиктей эч нерсе буза

албайт”-деген Аристотель. Учурда балдар аз кыймылдашат.

Никесиз эрте жыныстык жашоого өтүү ден соолукка зыян. “Эркектер” деген фильмде жигиттер бир кыздар менен ойноп-күлүп жүрүшөт да, башка кызга үйлөнүшөт деп айтылган. “Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол”–дешип, каалаганын кылгандар бар. Мындай жүрүм-турумдуу жигиттин (кыздын) келечеги кең болбойт, ойлонолу.

Жигитке ишенимдүү жар, жөлөк болууга жөндөмдүү келинчек, кыйышпас өмүрлүк жолдош, ага ынак үйдүн куту керек. Кызга камкордук көргөн, үй-бүлөнү багууга жөндөмдүү, кыйынчылыгын бөлүшүүгө жарактуу, ишенимдүү жар керек. Көрүнгөн кыздар менен жүргөн, жеңил ойлуу кыздардын чөйрөсүндө жашоону артык көргөн жигит ишенимдүү жарды кайдан табат? Көрүнгөн жигит менен “сүйлөшкөн” кыздар бир жигитке кантип ишенимдүү өмүрлүк жар болот? Турмуштун жөнөкөй мыйзамдары бар: алмактын бермейи, (ашыкча) жемектин кусмайы, карыздын төлөмөйү болот, көп баскан аяктын бок басмайы бар. Шибегени капка катууга болбойт, кыңыр иш кырк жылда билинет. Жашында адептик-рухий тартипке түшпөгөн жигитти (кызды) жетилген курагында ким тартипке салат, кантип салат? Жаштыгындагы жүрүм-турумуң кийин бетке чиркөө болот. Жашында тартипсиз жашаган эркек (кыз) кийин балдарына кайсы тартипти үйрөтөт? Анын балдарына ким өрнөк болот? Ата-энесинин жүрүм-турумун элден укса, баласынын абалы кандай болот? Бул ата-эненин да, балдарынын да маанайын бузат, жаман маанай ден соолукка зыян.

М.Станеки-Козвосскинин жыныстык тарбияга арналган концепциясында төмөнкү ырастоолорго көнүл бөлөт: (“Менин дүйнөм жана мен. Сүйүү жолу”. Мугалимдер үчүн колдонмо. Түзүүчү М.Станеки-Козвосски. – М., 1994)

- никеге чейин өзүн тыюу нормалдуу нерсе болуп эле чектелбестен, жүрүм-турумдун туура жолу болуп эсептелет;

- никеге чейинки пакизалык (тазалык) 52 түрдөгү жыныстык жол менен жугузулуучу оорулардан сактайт;

- боюна бүтүүнүн натыйжасындагы көйгөйдөн оолак кылат;
- пакиза кыздын (жигиттин) ден соолугу чың болот;
- аборттон кийин эне менен баланын байланышынын үзүлгөндүгү үчүн күнөө сезиминен, моралдык травмадан сактайт;
- баланы балдар үйүнө тапшырып же бирөөгө асыроого берип, травмага дуушар болбойт;
- өзүн өзү тыюу күнөө сезиминен, таарынуудан, өзүн урматтоодон калуудан, иренжүүдөн, коркуудан куткарат;
- өзүн өзү тыюу адамдын сергек, зирек болушуна өбөлгө болот.

Адам көбүнчө өзү тандаган жолу аркылуу тагдыры бактылуу же бактысыз болот. 9-класста өспүрүмдөр үй-бүлө курууга даяр эмес, б.а. үй-бүлө күтүү жөнүндө ойлоно элек. Бирок качан үй-бүлө күтө турган мезгил келгенде

алардын калыптанып калган көз карашы, адаттары туруктуу болуп, үй-бүлө күтүүгө кыйынчылык туудуруп калышы мүмкүн. Бекем үй-бүлө түзүүнүн зарыл шарты – эки тараптын тең пакизалыгы, кол тийе электиги, бири-бирине карата аруу-тазалыгы, эркектин үй-бүлөнү камсыздашы, аял затынын үй-бүлөдө жайлуу шарт түзүшү. Булар – ден соолуктун чың болушуна керектүү нерселер.

Психотерапевт Д.Макдоуэл 30 жашка чейин үйлөнбөй "ойноп-күлүп" жүргөн жалгыз бой адам, кийин өзүн-өзү тыюусу, психикасынын оңолушу мүмкүн болбогон абалга чейин зыянга учуратарын белгилейт. З.Фрейд: "Бардык нерв-психикалык дарттын себеби – христиандык нормаларды сактап, интимдик жашоодон уялуудан пайда болот, (интимдик) жакындыктан өзүн тыюу нервди бузат"-деп ырастаган. Азыр Батышта денесин саткан аялдар тейлөөчү мекемелер бар, психиатриянын клиникасынан алынган статистика жаштарда нерв-психикалык көйгөйлөрдүн көптүгүн ырастайт б.а. бул теория далилденген жок. Бир эле Германияда миллион адам сексke ыгы жок берилүүдөн азап тартып жатышат. Америкада күнүнө 1900 аял сексуалдык зордукка дуушар болот. Сексуалдык эркиндиктин зыяны көп. Кароосуз калган балдардын саны 90 миллиондон ашты. БУУнун маалыматы боюнча дүйнө жүзүндө СПИДден (ВИЧ инфекциядан) каза болгон жаштар 20 миллиондон ашты (2013). Ар бир секунд сайын 15-20 жаштагы жаштар ВИЧ инфекциясын жугузуп жатышат. Алардын саны күнүгө 6 миңге көбөйүүдө. Алардын жарымынан көбү 25ке чыга элек жаштар [27].

В.С. Кукушин: "Никесиз секс – ыплас нерсе, үй-бүлөлүк мамиле - түбөлүктүү нерсе, окуучулар аны билиши керек. Сексуалдык эркиндик – бул рухий илдет"-дейт [19, 243-б].

"Цивилизациялуу жашоо", "адептик эркиндик", "гендердик теңдик" деген сөздөрдү кайталоо менен Батыш маданиятын көп пропагандалап калышты, анын натыйжасында венерикалык дарттар, кызгануудан өч алуу чыныгы бокочого айланып баратат. Тагдырына балта чабылган өмүрдү эч ким калыбына келтире албайт. Никеге чейинки кыз-жигиттин "жакындыгы" моралдык бузулууга, бактысыздыкка алып келет. Моралдык жактан бузулган коомдор кыйроого дуушар болушкан. Мисалы, б.з.ч. Содом, Гоморра шаарынын тургундары, б.д. жетинчи кылымында Индияда буддистик коомдор, монастырлар ж.б. кыйроого дуушар болушкан.

Үй-бүлө туруктуу, ынтымактуу болсо, эмоционалдык-психикалык көйгөйлөрдүн саны азаят, анда физикалык көйгөй азаят. Балдарынын эртеңки келечегин ойлонуу менен адам стратегиялык маселелерди чечүүгө жарактуу болуп калат.

**Бышыктоо:** Оорунун себеби – рухий проблеманын натыйжасы болсо, себебинен кутулбагандар натыйжасынан кутулушу мүмкүнбү? Өткөн кылымдын 60-жылдарында курсагы токторго караганда ачкалар көп болгон, бирок оорулууларга караганда соолор көп болгон, азыр ачкалардан курсагы

токтор көп, бирок соолордон оорулуулар көп, эмне үчүн? Оорунун себеби – организмде витаминдин, темирдин, йоддун, кальцийдин ж.б. жетишсиздиги болсо, эмне үчүн курсагы токтор көп оорушат? (окуучулардын жообун угат). Поль Брэггдин "Чудо голодание" деген китебинде: "ачкалык организмдеги токсиндерден кутулууга жардам берерин, ачкачылык болгон мезгилдерде, жерлерде рак оорусу болбогондугун, жумасына бир сутка ачка болуу ден соолукка пайдалуу экендигин" белгилейт. "Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт", мунун адамга тиешеси барбы? Ушул суроолордун тегерегинде талкуу жүргүзүлөт.

**Жыйынтыктоо:** Адам деңгээлине жараша жашап өтөт. Адам каалоолорунун кулуна айланып, жаңылыш жолго түшсө, келечекте бетине көө жабылат. Бетине көө жабылган адамдар, коомдор тазалыктын наркын түшүнбөй, каухар-берметти жөнөкөй таштан ажырата албагандай, адамдын өтө маанилүү сапаты пакизалыгы экенин баалабай, ыпластыктын зыянын түшүнбөй, кайдигерликте ныксырап, зээндүү, зирек болбой калат. Акыйкатчындыктын наркын, өмүрдүн баалуулугун, дүйнөнүн сулуулугун түшүнбөй, артына өрнөксүз урпактарды калтырышат. Анда чабал, сыркоо коом, улут түзүлөт. Адамдын сөзүнө эмес, кылган ишине, жүрүм-турумуна, оюна, адепахлагына, рухий абалына карагыла. Ушулар – адамдын (коомдун) күзгүсү.

Физикалык, рухий маданият, кыймыл, эмгек, жашоонун сергек мүнөзү, натуралдык азык-зат, Күн, таза суу, аба – ден соолукта жашоонун зарыл шарты. Ден соолукка камкордук көрүп, организмге пайдалуу (жагыштуу) жергиликтүү, адал тамак-ашты ичип-жегиле, таза абада дем алгыла, гигиенанын эрежелерин сактагыла. Спортту сүйгүлө. Ден соолугуңар чың абалда жашагыла.

## Тема: Кыздарга карата туура мамиле түзүү адеби. Кыздардын адам, үй-бүлө, эл менен туура мамиле түзүү адеби

**Сабактын максаты**: Кыздардын кызыкчылынын, керектөөчүлүгүнүн, мамиле түзүүдөгү маанисин, өз көмөчүнө күл тартуунун зыяндуулугун, кыздын милдетин түшүндүрүү. Принциптүүлүк, принципсиздик, туура жолдон чыгуу, ишенимдүүлүк, ишенимсиздик, алардын пайда-зыяндуулугун түшүндүрүү.

**Жаңы тема:** Индонезиянын 1945-67-жылдагы президенти Сукарно минтип айткан: "Мухаммад пайгамбардын (сав) насаатын унутпайлы: "Аял – мамлекеттин жерпайы (пайдубалын түзүүчүсү). Аялдары тынч жашаган журт тынч болот. Аялдары кыйынчылыкта жашаган эл бир кесепетке кабылат". Келечекте аялдар кыйынчылыкта жашабасын десек, кыздарга өз маселесин чечүүгө үйрөтүү керек. Ата-эненин кызды турмушка даярдоо милдети бар. Кыздын тарбиясы анын келечектеги бакчасы сыяктуу, бакчаны отоп, сугарып, азыктандыруу керек. Жакшы энелер кыздары бойго жете баштаганда мындай насаат айтышкан: "Кайын ата, кайын энеңди өз ата-

энеңдей сыйла, биз сага таарынбайбыз, аларды таарынтпа, күйөөңдүн бир туугандары – сенин бир туугандарың, күйөөңдү кагып-силкпе, башкарба, жемелебе, барган жериңдеги улуулардын насааттарын ук, аларды аткар, мурда билбеген адамдардын мүнөздөрүн үйрөн, ошого ылайык мамиле кыл. Күйөөң менен жакшы мамиледеги адамдар менен жакшы мамиледе бол, күйөөңдүн айткандарын, күйөөң жөнүндө башкалардын айткандарын бири-бирине ташыба, эрте туруп өз милдетиңди аткар, даамдуу тамак жаса, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө колуңан келген жардамыңды бер, ал үйдөн төркүнүңө эч нерсе ташыба, кудайга шүгүр, биздин өз оокатыбыз өзүбүзгө жетет, бизге сөз да ташыба, балалуу болгуча жалгыз да келбе, кайын энеңди же күйөөңдү ээрчите кел, балаңды үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө жакын кыл, балаңды алардан кызганба, бөлбө" (А.Муратов)[28].

Ата-энелер кызына так жасай алат, бак жасай албайт. Кыздын бактысы – анын сулуулугуна, кымча белине эмес, акыл-идирегине, адеп-ахлагына, билимине, ыймандуулугуна байланыштуу болот. Ата-энеге уул баладан кыз жакын болот. Кыз бала зирек, баамчыл, боорукер болуш керек. "Көп келтек жеген кыз бактысыз болот"-деген ишеним бар. Кызды ыйлатуу, азилдөө, мыскылдоо, буюмдарын зордук менен тартып алуу, бөлмөсүнө уруксатсыз кирүү – эркек балдар үчүн адепсиздик. Кыздын көңүлү гүлдөй назик болот, гүлдү туура эмес карасаң соолуп калат, бир жолу соолуган гүлдү кайра оңоп өстүрүш кыйын. Эжеси бир жаш улуу болсо эле иниси "сиз"деш керек. Кокус энебиз бул дүйнөдөн өтүп кетсе, улуу эжебиз эне ордуна эне, эже ордуна эже болуп, энелик милдетти аткарат, анда аны энени сыйлагандай сыйлоого тийишпиз.

Бир да ата-эне кызын бактысыз болсун деп тилебейт. Бактысыздык ата-эне менен кыздын өз ара түшүнбөстүгүнөн, тартипсиздиктен, турмуштук билимсиздиктен келип чыгат. Атүгүл балалыгынан, ата-энеликтен кечип койгон, бири-биринин жүзүн көргүсү келбей калган учурлар болот. Кызы ата-энеси жактырбаган жигитти, куда-кудагыйды тандап алат, ата-энеси тапкандарга каршы болот. Ушундай нерселерден чыгуунун жолу – ата-эненин үй-бүлөлүк милдетин түшүнүүсү, кызга туура тарбия бериши, ата-эне менен кыздын бири-бирин сыйлашы. Барган жерине кызы батып кетсе, аны узаткан ата-эненин бактысы тоодой болот, батпай калса, ата-эненин ичкени ирим, жегени желим болот. Кызы жакшы болсо, ата-эне сыймыктанат, начар чыкса, ата-эненин эл караган жүзү жер карап, ыза болот, санаага батат. Кызга өтө оор жүк көтөртпөш керек. "Кызы жүк көтөрсө, энесинин бели майышат", - деген макал бар.

Кыздын бараар жери – күйөө, анын келин болуу милдети бар. Келиндин болочок эне болууга даяр болушу, үй-бүлө алдындагы милдетин билиши маанилүү. Кыз үй-бүлөлүк тарбия көрбөсө, начар келин чыгат. Жаман келин келсе, үй-бүлөнүн материалдык, рухий абалы начарлап, кайын-эне, кайын-атасы, күйөөсү санаага батат. Жакшы келин келгенде кайын-ата,

кайын-эненин, жигиттин төбөсү көккө жетип сүйүнөт. Кайын-эне, кайын-ата бактылуу болуп, батасын беришет, "ата-энеңе рахмат айланайын"-деп алкайт. Жакшы келин ыймандуу болот, милдетин билет, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө пайдалуу, ниети ак, ою таза, аракетчил болот. Жакшы кызды жигит тандайт, начар кыз сүрөтүн "колуктулардын жарнамасына" коюп, жигиттин артынан чуркап, амалын таап тиет. Начар, ыймансыз келин, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн пайдасын көрөт, бирок башкаларга пайдасы жок же бир сомдук пайдасы болсо, он (жүз) сомдук зыяны болот. Алар адамдын ичине кирип алып, азык-заттарды соргон мите куртка окшош. Кечке телевизор, компьютер көрөт, иш кылбайт, жалкоо, башкалардын тапканын ичип-жейт, кият, анысы аз келгенсип чыр чыгарат. Жаман келин төркүнүнө сөз ташыйт, эки үйдү бириктирбейт, бир үйдү эриктирбейт. Бир туугандарды бири-биринен, уулун ата-энеден бөлөт, үй-бүлөдөгү ынтымакты кетирет. Өзүнүн ички ааламында тынчтык жок болгондуктан, кебетеси үтүрөйүп турат. Ошол кебетесин "жакшы көрсөтүү" үчүн модалуу кийим кият, аларга классикалык кийим "жакпайт", күйөөсүнүн тапканын өзүнө коротот, татуаж, пластикалык операция, маникюр, педикюр жасатат, кирпик чаптатат, жасалма жол менен "жагынат", булар – эси жок келиндер. Ден соолугу чың, жакшы келин өзү эле сулуу болот. Жакшы келин болгонго каниет кылып, кайын журтунан эч кандай талабы жок болот, тынч оокатын кыла берет, начар келиндерди лимузинге салып, 2000 долларга ак көйнөк кийгизип, 20000 миң сомго шакек-сөйкө салып, калың төлөп, чоң той берип, чет өлкөгө эс алууга жиберсе да, үйүндө оокат кылбайт, кафе-ресторанда жүрсө да тойбойт, "булар ага аздык кылат". Кайын-журтун чыгымга учуратып, ажырашып кетет.

Кыз бала бир мезгилде жеңе болот, анын жеңелик милдети бар. Жакшы жеңе кайын сиңдисин турмушка даярдоого салым кошот. Кайын-эне, кайын-ата, күйөө менен кандай мамиле түзүүнүн адебин, үлгүсүн көрсөтөт. "Жеңеси жакшы болсо, сокур кыз ордун табат",-деп айтылат. Начар жеңе өзү бакытка белчеден батса да, башкалардын бактылуу болушуна кыпындай салымы жок болот.

Кыз бала бирөөнүн өмүрлүк жары болот. "Алганың жакшы болгон соң, кирген үйүң бейиштей. Алганың жаман болгон соң, кирген үйүң кепедей, кийимиң сасык жыттанып, төшү сасык текедей". Үйү чачылган, балдар каралбаган, үйдө тамак жок. Келин кайда, төркүнүндө, классташында, бөлөсүндө, бөлмөсүндө, митингде ж.б. Жакшы келин эскини эптеп, жаңыны жалгайт, күйөөсүнүн ишенимдүү жардамчысы болуп, ишинин илгерилешине салым кошот, тилегин тилейт, ысыгына күйөт, суугуна чыдайт. Жаман келин жадырап-жайнап күйөөсүн тосуп алуунун ордуна, беттен алат. Анын чырынын мотиви – "сенин ата-энең менен жашагым келбейт, энең мага жакпайт, ал мени жактырбайт, энең сенин бактылуу болушуңду каалабайт, кааласа, акчасын бермек, бардыгы мен каалагандай болмок" ж.б.

Кыз баланын бир мезгилде эне болуу милдети бар. Эне жакшы болсо, балдары жакшы каралган, бактылуу, таалим-тарбия берилген, үй-бүлөлүк чарбасы тың, тууган арасында ынтымак бар, балдары чоң-ата, чоң-энесин жакшы көрүшөт, алар неберелерине билген акыл насаатын айтып турушат ж.б. Энеси жаман болсо, балдары начар окуйт, тартипсиз, оокатын тың кыла албайт, тыңдарды көрө албайт, туугандарын жамандайт, өз башындагы төөнү көрбөй, башканын башындагы чөптү көрүп, сүйлөгөнү ушак ж.б.

Кыз баланын коомдо да орду бар. Аялдын принциптүүлүгү, ишенимдүүлүгү коомго пайдалуу, принципсиздиги ишенимсиздиги зыяндуу, туура жолдон чыккан, ишенимдүү аялдардын коомго пайдасы болгон үчүн стабилдүү тартип сакталып турат, ишенимсиз аялдар коомго, элге, мамлекетке канча азап алып келип жатышат, адептик-рухий кризистин себеби – принципсиз, ишенимсиз, ыймансыз адамдар.

Кыз бир убакта чоң эне болот. Ал турмушта баарын көргөн, баарын билет. Чоң эне жакшы болсо, неберелери даанышман сөз угат, зээндүү, зирек, идиректүү болуп чоңоёт. Уул-келиндерин тарбиялайт. Начар болсо, “саясаттын билерманы”, “искусствону сүйүүчү”, “акын” ж.б. “билимдүү” болуп, өз балдарынын тарбиясына  көңүл бөлбөй, өз кызыкчылыгы менен жашайт.

Кыздар бир мезгилде бирөөлөрдүн таэжеси, таэнеси, эжеси, синдиси ж.б. болушат. Алардын  өз милдеттери бар. Кыздардын үй-бүлөдөгү ордун түшүнөлү. Алар жакшы болсо, сыймыктанасың, жаман болсо, уят кылат, шагың сынат, элге кайраттуу сүйлөй албайсың.  Үй-бүлө – маанилүү институт. Кыздар тарбиясы оңолбой, коом оңолбойт. Коом оңолбой, мамлекеттин иши оңолбойт. Ага көңүл бөлүү зарыл.

Үй-бүлөдөгү орчундуу маселелерди чоң ата, чоң эне чечип келген. Азыркы ымыракайлардын тагдырын чоң атасы, чоң энеси эмес, өз атасы да эмес, энеси чечип калды. Бала чоң эне, чоң атасында эмес, таене, таятасына жөнөп, тарбиялануусда. Биз кайда баратабыз? Бизге матриархат доорунун кайталанышы эле жетишпей турабы? Ата-бабалардын өрнөгү балага сабак болуп келген. Балага энчи бөлүп, ак өргө тургузуп, өз алдынча жашоого даярдаган. Илгери “жээн эл болбойт, желке тон болбойт”, – дешкен. Тамыры үзүлгөн дарак чынар болбойт. Ата-бабаларынын тартибинен бөлүнгөн баладан улуу инсан чыкпайт. Элдик педагогика кылымдап калыптанган, этнопедагогикалык тарбия бышык, жугумдуу болгон, азыр бул эске тутум ыдырап баратат. Коом өзгөрүп, тарбия талаптары менен элдик педагогиканын ортосунда ажырым пайда болду, аны эси жок келиндердин демилгеси менен жок кылабызбы? Кыздарыбыз Кытай, Корея ж.б. төгөрөктүн төрт бурчуна тарады. “Экспорттуу” кыздардан төрөлгөндөр кыргыздын санын көбөйтөбү? Кыздардын ушул адеп-ахлагы жакшыбы? Ойлонолу. Кайын журтунун ыгына келин көнүп, башын батырып, балтырын сыйдырып кетиши – анын ийгилиги. Келиндин сөзүнө күйөөсү баш ийип

калышы, келиндин “лидерлик өнөрү” – үй-бүлөнүн көйгөйлүүлүгүнүн көрсөткүчү. Келин эркектин, кайын журттун ыгына көнүш керек. Үй-бүлөнүн кожоюну эркек болуш керек.

**Бышыктоо**: Жогоруда айтылгандарга силердин кандай кошумчаңар бар? Жаман келин болуунун себеби эмнеде? (Окуучуларды угат). Начар келиндердин оюу күнүмдүк турмушка байланган, болбогон майда иштерге кыжырланышат. Эч нерсе кылгысы келбейт, кайын журтун жактырбайт, келечектен үмүтү үзүлгөн. Жакшы ойго караганда жаман ойлор үстөмдүк кылып, маанайы пас. Жүрөктөрүн кайдигерлик, көнүлкоштук ээлеген. Ач көздүккө, көрө албастыкка жүрөгү карайып, ким анын оюндагысындай болбосо, өч алууну каалайт, жан дүйнөсү ырайымсыз, анын эч ким менен сүйлөшкүсү келбейт. “Кек менен өч – адам (эркек) үчүн кемчилик, экөө жеңсе, сенден качат теңчилик”-деген Жусуп Баласагын. Телевизор, интернет аркылуу туура эмес ынаным калыптанган. Мындай адамдар менен жашагыча кетип калсамчы деп ойлонот. Канчалык аракет кылса да, мурда калыптанып калган туура эмес көз карашын, ынанымын түзөй албайт, ал ынаным кыйшык көрсөткөн көз айнек сыяктуу, анын өзүнө терс таасири тийип турганын билбейт. Андан кутулууга канчалык аракет кылса да “көз айнегин чече” албайт. Ал башкалардын жүрөгүнүн аруулугун, тазалыгын издейт, өзүнүн жүрөгүндөгү аруулуктун жоктугун билбейт. Өз жүрөгү күнүмдүк турмуштун кайгысын гана билет. Анын ичинде текебердик, менменсинүү бар. Булар – рухий дарт. Мындай шартта эмне кылуу керек? (Окуучулардын жообун угат).

Эмне үчүн адамдардын көпчүлүгүнүн рухий дарты окшош? (окуучуларды угат). Анткени бир мезгилде эл запкы жеген. 1916-жылдагы үркүн, 1930-жылдардагы репрессия, Ата Мекендик согуш, колониялык адилетсиздик, эл зордук-зомбулук көргөн. Азыр айрым адамдар буюм уурдаткан, акча алдаткан, күйөөдөн (келинден) көңүлү калган ж.б. Адамдын акылын жана жүрөгүн эмне бийлеп алса, анын жашоосунда таасири күчтүү болот. Ошол бийлеп алган жүрөктөгү оор жүктөн кутулуу керек. Негативдүү окуяларды унутуу керек. Кайын журтту, жакын адамдарды сүйүп, кемчилигин кечириш керек. Адамдардын кемчилигин кечире билсең, жүрөгүндө тынчтык орнойт. Качан жүрөгүндө тынчык орносо, адам бактылуу болот.

**Эми сабакты жыйынтыктайлы**. “Эгер адам кемчиликтерди сындаганды өзүнөн баштаса, башкаларды сындаганга убактысы жетмек эмес”-деген Омар Хайям. Кемчилигин моюнга албаган адам, келечегин оюна албайт. Өз кемчилигиңерди моюнга алып, андан кутулгула. Эсиңерге тутуп койгула: каталарын түшүнбөй, өз оюна бекем турганга караганда аларды оңдоо үчүн пикирин өзгөртүү – чыныгы эрдик, эркиндикке биринчи кадам. Акыл менен жүрөктү бийлеп алган оор жүктөн кутулгула. Ата-бабаларыбыз өзүн өзү тарбиялоого жогору маани беришкен, Батыш элдери башкаларды

өзүнө окшоштуруп тарбиялоого көбүрөөк маани беришет. Сындаба, соттобо, ошондо сен да соттолбойсуң. Адамдардын ар биринин ар башка ийгилиги, кемчилиги болот. Кудай бирөөгө көздүн жоосун алган сулуулук берген, башкага кулактын кумарын кандырган үн берген, бирөөгө өзүнө жана башкага жардамы тие турган акыл берген, бирөөдөн өзүн жогорумун деп ойлобош керек, ар бир адамга ар башка ырыскы, шык берип, жаратылган. Жүрөктөргө тынчык орносун, адамдар бактылуу болсун, сиз да бактылуу болуңуз!

**Тема: Толеранттуулуктун мааниси. Турмуштун адептик мыйзамдары**

**Сабактын максаты**: Турмуштун адептик мыйзамын үйрөтүү. Толеранттуулуктун, сезимталдыктын, сергектиктин, кылдаттыктын, ак көңүлдүктүн пайдасын, кайдигерликтин зыяндуулугун түшүндүрүү.

**Жаңы тема**: Толеранттуулук (лат. tolerantia – чыдоо, сабыр кылуу) деп – башка көз караштагы, ынанымдагы, ишенимдеги адамдардын пикирине, жүрүм-турумуна сабырдуу мамилени аташат. Толеранттуулуктун түрлөрү: улуттардын ортосундагы (этникалык), расалык, дин аралык (конфессиялык), идеологиялык толеранттуулук. Толерантуулук маселеси экинчи жана үчүнчү миң жылдыктар тогошкон мезгилде өтө актуалдуу болду, анткени Азербайжанда, Грузияда, Индияда, Улуу Британияда, АКШда, Россияда, Кыргызстанда (Ош окуясы) улуттар арасында пикир келишпестиктин натыйжасында чыр-чатак чыгып кетти, ал терроризмдин себеби болду. Борбордук жана Түндүк Африкада, Палестинада жер талашуунун натыйжасында чыр-чатак чыгып жатат.

Совет доорунда “советтик элди тарбиялайбыз” деген идеология ишке ашпай калды. Адамдар өзүнүн улуттук маданиятын, тилин, баалуулугун, динин сактап калгысы келди. Улуттук, конфессиялык маселе – өтө татаал нерсе, ага кылдаттык, сезимталдык талап кылынат. Элдин улутун, тилин, маданиятын, тарыхын, баалуулуктарын, динин билбестик, аны тоотпостук көптөгөн проблемага алып келет.

“Биз адамдарды биздики (өз), башканыкы (өгөй) деп бөлгөнгө көнүп калганбыз, өзүбүздүкү болсо –дос, башкалардыкы болсо, душман катары карайбыз. Бул туура эмес. Адептүү адамдар жакынына, алыс адамга калыс сабырдуу мамиле кылыш керек”– дейт профессор П.П. Игумов. Ар дайым сабырдуу болуу адамдын кадырын жогорулатат.

Гүлзарда бир түстөгү гүл өскөнүнө караганда кызыл-тазыл, сары, ак ж.б. түстөгү гүлдөрдүн өскөнү жакшы. Жер жүзүндө ар башка түстөгү, улуттагы, этностогу адамдар жашайт. Башка ишенимдеги, ынанымдагы, көз караштагы адамдын көңүлүн калтырба, бул толеранттуулуктун белгиси, калган көңүл, чыккан жан калыбына келбейт. Толеранттуулук, сезимталдык, сергектик, кылдаттык, ак көңүлдүк адамдын өзүнө да, жакындарына да, коомго да, мамлекетке да пайдалуу. Адамдардын жакшылары – коомго, үй-

бүлөгө, адамдарга пайдалуу болушат, жамандары – зыяндуу болушат. Жамандардын талашынан чыр чыгат, жакшылардын талашынан сыр (жыйынтык, идея, чечим) чыгат. Адамдардын пайдалуулары – адамга үмүт тартуулайт, алар аруу, таза, ачык-айрым, маанайы жарык, боорукер болушат. Пайдасыздары – кайдигер олдоксон, алысты көрө албаган болушат, алар адамды иренжитет, жан дүйнөнү муздатат, үмүттүн шооласын өчүрөт. Пайдалуулар адамга күч берип турат. Пайдасыздар күчтөн тайдырат, алсыратат.

Өз улутун ашкере мактоо, башкалардан жогору "көрсөтүү" – маданиятсыздыктын белгиси. "Литературная Россия" газетасынын (1989. № 52) "Элдин ынтымагы жана Россиянын кайра жаралуусу үчүн саясат жүргүзүү" деген макаласында: "Россия дайыма дүйнөлүк мамлекет (держава) болгон жана боло берет!"- деп жазылган. "Бул биздин – маданиятыбыздын пастыгынын көрсөткүчү, аң-сезимди агартууга жетишерлик камкордук көрбөгөндүгүбүздүн натыйжасы. Тартиптүү адам досту көзүнүн, чачынын (улутунун), терисинин (расасынын) түсү боюнча тандабайт" - дейт В.С. Кукушин [20,157-б.]. Мындай маселе кыргыздарда жок эмес. "Асманда жылдыз көп, жерде кыргыз көп, дүйнөгө атагы дүңгүрөгөн жазуучубуз Чыңгыз бар, дүйнөдө аналогу жок Манас эпосу бар" -деген сыяктуу ооз көптүрүү бизде да бар, бул – биздин маданиятыбыздын абалын көрсөтөт. Кичине Греция илимге чоң салым кошуп, ооз көптүрбөй тынч жашап жатат. Чоң Кытай "Асманда жылдыз, жерде кытай көп" – деген жери жок.

Эми турмуштун адептик мыйзамдарына көңүл бөлөлү. Акмак гана башка улуттагы, расадагы, диндеги адамдарды акмак деп тилдейт, себеби акылы кыска адам өзүнө тааныш сөздү сүйлөп, тааныш мүнөздү башкага ыйгарат. Жөндөмсүз адам башкалардын жасаганына акылы жетпей, аны жамандайт. Жакшы менен сүйлөшсөң, жан сергиткен кеп чыгат, жаман менен сүйлөшсөң, жан кейиткен кеп чыгат. Коркоктор өзүнүн коркоктугун билдирбеш үчүн колунан келген учурда башкаларга чоң сүйлөп калышат. Көп нерсени билбеген адам өзүн көрсөтүү үчүн көптү көргөндөй сүйлөп, өз кемчилигин билдирбегенге аракет кылат да, өйдөсүнүп сүйлөйт. Ар ким айткан сөздөрү менен өзүнүн ким экенин көрсөтүп коёт. Ошондуктан бийик болгула, бирок өйдөсүнүп сүйлөбөгүлө, башкаларды түшүнүүгө аракет кылгыла, бул – башка улуттар, элдер менен тынчтыкта жанаша жашоонун зарыл шарты.

Ар ким – сыйлагандын кулу, сен адамдарды, улуттарды, элдерди сыйласаң, сый көрөсүң, сыйлабасаң, сыйдан каласың. Сыйдын арты сый болот, ыйдын арты ый болот. Бирөөлөргө жакшылык кылсаң, башкадан жакшылык көрөсүң. Бирөөлөргө жамандык кылсаң, башкадан жамандык көрөсүң. "Адамдарга жакшылык өнбөгөн адам бийликке келгенде жана бийликтен кеткенде кордук көрөт" – деген Саади. Бирөөлөргө жамандык издебе, көр казба, казсаң, ага өзүң түшөсүң. "Бирөөлөргө кылычыңды

көтөрбө (согуш ачпа), көтөрсөң, башың кылычтан алынат" (Иса алейхисалам). Адамды кордогон, бир мезгилде кордукка жолугат. "Жакшылык кылсаң өзүңө, жамандык кылсаң өзүңө, жогору карап түкүрсөң, кайрылып түшөт көзүңө", – деген Саади.

Таза сүттүн үстүнө каймагы чыгат, ыймандуу элдин эң жакшысы падыша болот. Бузулган сүттүн үстүнө сары суу чыгат, ыймансыз элдин падышасы ыймансыз болот (адыс). Бүкүрдү кабыр оңдойт. Жамандык жолго баскан адам, кырсык тилеп алат, досуна чуңкур казса, өзү түшүп калат. Арам тамак жеп чоңойгон бала зээнсиз болот.

Ата-энеси менен ынтымакта жашаган уул батасын алат, тил укпаганы батадан калат, нааразы кылат. Ата-эне менен ынтымакта жашоого эмне жетсин! Кызыкчылыгыңар туура келбей калган учурда ата-энеңерге карата сабырдуу болгула. Ата-энеге карата да толеранттулук керек. Дөөлөткө жетиш үчүн эң оболу кишинин АДАМ болушу керек. Азыр адам болуу жөнүндө төмөнкү икаяга көңүл буралы.

Атасы уулуна тынбай насаат айтып келет, бирок уулу эрке чыгып, насаатка кулак салбайт. Уулу жаш туруп, адамдарды алдайт, каалаганына жетүү үчүн абдан амалкөй болот, акча, байлык десе баарынан кечип кетерин байкаган атасы бир күнү дагы насаат айтат: "Балам, алгандын бермейи болот. Бирөөгө кылганың, эртеби-кечпи кайтып келет, ар бир нерсенин сурагы болот, ушунчаңда токтосоңчу",-дейт. Уулунун кулак салбаганына атасы кейип: "Аа балам, ушу сен адам болбойсуң го"– деп капа болот.

Уулу атасын жалгыз таштап, бакыт издеп алыска кетет. Бир өлкөнүн падышасынын сарайына жумушчу болуп кирет. Айлакердиги жана ырайымсыздыгы менен тепкичтен тепкичке көтөрүлүп отуруп, падышанын вазирлигине жетет. Акыры падышанын ордун ээлеп алат. Ошондо баягы атасы эсине түшүп, жигиттерине алып келүүнү буйрук кылат. Жигиттери атасын жөө айдап келишет. Алдында чөгөлөп турган атасын көргөн баласы: "Ии ата, тааныдыңбы балаңды? Сен мени адам болбойсуң дечү элең, эми жаңылганыңды мойнуңа аласыңбы? Мына мен бүгүн бир өлкөнүн падышасы болуп отурам"-дейт. Анда атасы: "Ии балам, максатыңа жетипсиң, көп бийликти багынтыпсың, бирок балам, баягы эле бойдон калыпсың, ушунча жылдан бери атаңды караган жоксуң, эми жигиттериңе дагдандатып, жөө айдатып келдиң. Мен сени падыша болбойсуң деген эмесмин, АДАМ болбойсуң" – дегем. Мен туура эле айткан экемин"-деп сарайдан чыгып кетет. "Султан болуп өткөрсөң да өмүрүң, сен адамдын калтырбагын көңүлүн", – деп айтылат элде [11].

**Суроо**: атасына ырайым кылбаган адам, башка адамга толеранттуу болушу мүмкүнбү? Ырайымдуулук болгон жерде сабырдуулук болот, ырайымсыз, кайдигер, күчтүү падыша эмнеге сабырдуу болушу керек?!

Ата-энеңе кылганды балаңан көрөсүң, аларды урматтасаң балаңан урмат күт, ыза кылсаң, ыза күт, ырайымсыз болсоң, ырайымсыздык күт. Аларга айткан сөзүң акылдуу болсо, уккан кулак макул болот. Акылмандын акылдуу болушуна билим себепкер болот. Ата-эненин айтканынан туура тыянак чыгар. Тыянак чыга турган максатты көздөгөн акыл барынан жакшы акыл (Гете).

**Бышыктоо**: Окуучуларга төмөнкү сүйлөмдөр жазылган карточкалар таратып берилет, аларды окуусун өтүнөт. Бул сүйлөмдөрдүн толеранттуулук, турмуштун адептик мыйзамы менен кандай байланышы бар экендигин чечмелеп беришин суранат. “Турмуш – мектеп, анын жыргалынан жыласы мыкты мугалим” (С.Градский). “Эрдик күн сайын кыйынчылыктарга туруштук берип, күрөшүүдөн келип чыгат” (Н.Островский). “Кайрат тагдырдын соккусун жокко чыгарат. Күрөш – жашоонун шарты, күрөш бүткөн жерде жашоо да токтойт” (В.Г. Белинский). “Улуу тоскоолдуктар болмоюн, улуу иштер жаралбайт” (Ф.Вольтер). “Адамды даража эмес, даражаны адам жогорулатат” (Жами). “Адамдын көпчүлүгүн бактылуу кылган адам бактылуу” (Д.Дидро). “Башкага бакыт издеген адам өзү бакытка туш болот” (Августин). “Адамдын кыянатчылыгы – көмүрдөн жаман, күйгүзбөсө да көөлөп кетет” (Анахарсис). “Силердин айланаңарда канчалык иретсиздик бар болсо, жан дүйнөңөрдө андан өткөн иретсиздик бар” (Джо Витале). “Араздашуудан кутулуунун каражаты – кечиримдүүлүк” (Сенека). “Эгерде адам жаратылыш мыйзамдарына жолтоолук кылбаса, жаратылыш да адамга жолтоолук кылбайт” (А.И. Герцен). “Башкаларга жакшылык кылгысы келбеген адам жакшылык көрбөйт” (Симон Афонский). “Сынчылардын баарынан улуусу, мыктысы, баарынан адилеттүүсү – мезгил болот” (В.Г. Белинский). “Бакыт тула бойдун ырахатына байланыштуу болсо, буурчакка тойгон букадан бактылуу жан болбойт эле” (Гераклит). “Адам канчалык адилеттүү болсо, адилеттүүлүктү ошончолук түшүнөт” (Цицерон).

Мамлекетте, коомдо, улуттар арасында, үй-бүлөдө чыр-чатактын себеби эмнеде? (Турмуштун адептик мыйзамын билбестик, сабырдуулуктун жетишсиздиги ж.б.).

Окуучулар беш топко бөлүнөт. Ар бирине бирден тапшырма берилет.

1. Биздин Республикада жашаган элдердин маданияты. Улут аралык чырды болтурбаш үчүн ал маданияттагы элдерге кандай мамиле түзүш керек?

2. Улуттардын үй-бүлөлүк турмушу, адеби.

3. Дүйнө элдерининин диний-этикалык баалуулуктары.

4. Гуманисттик мамиленин үлгүсүн көрсөткүлө.

5. Толеранттуулуктун элдик үлгүсүн көрсөткүлө.

Ар бир топтон бирден окуучу чыгып, өзүнө келген суроо боюнча топтун пикирин билдирет.

Эми сабакты жакшы маанай менен **жыйынтыктайлы**. Толеранттулук – элдердин тынчтыкта жашоосунун зарыл шарты. Ынтымакка чакырганга келбеген, сыйлашканга зар болорун унутпагыла. Адилеттүү болгула, башкаларга жакшылык тилеп жашагыла, ниетиңерди оңдогула, тынчтыкка умтулгула. Ийгилик берсин!

**Тема: Адамдын табияты**

**Сабактын максаты:** Окуучуларга адамдын табигатын, аң-сезимдүүлүктүн, акыл-эстүүлүктүн, сезимталдуулуктун, кыраакылыктын, Ата Мекенди, элин, үй-бүлөнү сүйүүнүн маанисин, алардын жетишсиздигинин зыянын түшүндүрүү.

**Жаңы тема**: Бир кыз атасына келип, ата, мен оор жумуштан жадап кеттим. Дайыма кыйынчылыктын үстүндө жүрөм, чечилбеген маселелерим көп, агымга каршы сүзүүдөн чарчадым, эмне кылуум керек?-деп даттанат. Атасы бирдей мискейлерге суу куюп, отко коёт да, биринчисине сабиз, экинчисине жумуртка, үчүнчүсүнө кофенин дандарын салат. Кайнагандан кийин сабиз менен жумуртканы чыгарып, кружкага кофе куят. Эмне өзгөрдү?-деп сурайт.

– Сабиз, жумуртка бышты, кофе даяр болду.

– Жок, ар бир нерсенин өз табигаты болот, сабиз катуу эле жумшарды, жумуртка суюк эле катуу болду, кофе температуранын таасирине баш ийип, даамдуу жыты буркурап, адамды тамшандырып калды, адамдардын ар биринин ар башка табигаты болот, аны биле жүргөнүң жакшы. Турмуштук кыйынчылыкка туруштук бере албаган күчтүү адамдар алсыз болуп, эрки күчтүү, сабырдуу, бирок жумшак адамдар турмушка бышып, чыдамкай болуп калышат. Күчтү абсалютташтырган (күчкө ишенген) адамдар сынышат. Айрым адамдар абалга жараша өзгөрөт, айрымдары (алар аң-сезимдүүлөр, акыл-эстүүлөр, сезимталдар, кыраакылар, Ата Мекенди, элин, үй-бүлөнү сүйгөн адамдар) абалды да, чөйрөнү да пайдалуу багытка буруп өзгөртүп кетишет. Мындай адамдар билимин, акыл-эсин, сүйлөө маданиятын, сезимталдуулугун, кыраакылыгын туура пайдалануу менен, ар качан өз максатына жете алат. Алар адамдын жаман жактарын эмес, жакшы жактарын гана көрсөтөт. Жакшы ниет, аң-сезимдүүлүк, зиректик адамды жакшы натыйжага алып келет.

**Суроо:** Адамдын көйгөйлөрү көбүнчө кайдан чыгат? (Окуучулардын пикирин угат). Адамдын табигатын билбегендиктен чыгат. Буга мисал келтирели. Бир адам дарактын коңулундагы куурчакчадан кичинекей көзөнөкчө пайда болуп, андан көпөлөктүн чыгууга аракет кылып жатканын байкайт. Көпөлөк канчалык аракет кылса да, денесинин үчтөн бир бөлүгүн гана чыгарууга жарайт. Көпкө карап турган адам анын күчү жетпей жатат

деп ойлоп, жардам бергиси келет. Ал куурчакчаны этияттык менен экиге бөлдү. Андан көпөлөктүн канаттары жука алсыз денеси чыкты. Адам көпөлөктүн денесин оңдоп, анын учуп кетишин күтүп турду, бирок көпөлөк учпады, себеби анын табигатын билбей, алсыз абалга адам жеткирди. Адамдар балдарынын алын (шыгын, жөндөмүн, абалын) билбей, жардам берем деп, зыян кылган учурлар аз эмес. Айрым ата-энелер балдарынын байлыкка, бийликке жеткирем деп, бактысыз абалга жеткиришет. Баласынын жөндөмү, шыгы мүмкүнчүлүгү менен эсептешпей, юрист бол, банкта иште, диссертация корго, саясий лидер бол,-дешет. Балдары арак ичип кетишет.

Табигатта баары өз мыйзамы менен жаратылган. Көпөлөктүн кичинекей көзөнөкчө аркылуу кыйналып чыгышы, суюктуктун канаттарына тарап, денесинин улам чыккан бөлүгү кургап, бекем болушун камсыз кылмак. Баланын кыйналып турмуштан өз ордун издеп табышы айрым тажрыйбага ээ кылмак. Кээде адамдар ийгиликке жетишем деп, көп аракет кылышат, айрымдарына аз убакыт күтүүгө туура келет. Бул аракет, сабырдуулук, анын “учуп кетиши” үчүн зарыл нерсе экенин түшүнүү керек.

Адамдын денесинин, рухунун, напсинин табигатын да билүү керек. Дене накта (натуралдык), адал азык-зат менен азыктаныш керек, алардын жетишсиздиги да, ашыгы да оору-сыркоону пайда кылат. Адамдын рухунун азыгы – ыймандык таалим-тарбия. Анын жетишсиздиги – рухий проблема, анда адам мотоциклдин мотору салынган камаз сыяктуу рухий жактан кубатсыз (колунан кокон тыйын келбеген) болот. Напсинин (адамдын каалоолорунун) чеги болбойт. Адам өзүнүн маанисиз каалоолорун аткаруунун артынан түшсө, напсинин кулуна айланат. Каниетчил адам байлыгы аз болсо да жашай берет, байлыктын даамын татып алып, напсисин кармай албай калган адам акыйкатты, адилеттүүлүктү, турмуштагы реалдуулукту “көрбөй” (көзүн май басып) калат. Адамдын чыныгы жеңиши – рухий өнүгүү, б.а. аң-сезимдүүлүктү, акыл-эстүүлүктү, сезимталдуулукту, зээндүүлүктү, кыраакылыкты өнүктүрүү, Ата Мекендин, элдин, үй-бүлөнүн өнүгүшүнө салым кошуу. Адамзаттын бардык тарткан азабы – адамдын аң-сезиминин пастыгы, рухий жардылык, ооздукталбаган напси менен байланыштуу. Ар бир адамдын аң-сезиминин, рухий өнүгүшү менен коом, мамлекет өнүгөт.

**Бышыктоо**: Адамдын ниети, ою көп нерсени аныктайт. Б.Жунусалиевдин Ж.Бекчороеванын “Турмуш сабактары”-деген китебинде (Бишкек. 2012-ж.) ойдун, ниеттин табигаты жазылган, алардын өзгөрүшү менен адамга жашоодо берилүүчү нерселер да өзгөрөрү белгиленет: “Мен Кудайдан күч сурадым, жашоодо мага күчтүү болсун деп кыйынчылык берилди. Мен акыл сурадым, жашоодо мага акылга байысын деп проблемаларды берди. Мен байлык сурадым, жашоодо мага иштеп байысын деп ден соолук берди. Мен ийгиликке жетүүнү каалiadым, жашоодо мага жеңип чыгуу үчүн тоскоолдук берди. Мен сүйүү сурадым, жашоодо мага адамдарга ак көңүлдөн жардам

берүүгө мүмкүнчүлүк берди. Мен жашоодогу бардык жакшылыктарды сурадым, жашоодо мага жакшылыктарга алып баруучу жолдорду ачып берди. Мен сурагандарымдын бирин да албадым, бирок бул жашоодо керек болгон нерселердин барына ээ болдум" [11].

**Эми жыйынтыктайлы**. Адамдын табигатын билбестик – да билимсиздик. Аларды билели. Жакшы адамдык касиетке, асыл сапаттарга ээ бололу, аң-сезимдүүлүктү, акыл-эстүүлүктү, сезимталдуулукту, кыраакылыкты өнүктүрүүгө жетишели. Үй-бүлөнү, элибизди, Ата Мекенди, Жаратуучуну сүйөлү. Коомдун, элдин жакшы жакка өзгөрүүсүнө себепкер бололу.

## Тема: Жашоонун мааниси. Сарамжалдуулуктун, үнөмдүүлүктүн мааниси, ысырапчылыктын зыяндуулугу

**Сабактын максаты:** жашоонун маанисин түшүндүрүү, экономикалык тарбия берүү.

**Сабактын жабдылышы:** Кружкалар, кофе, кайнаган суу, үч литрлик банка, чоң, кичине таштар, кум, суу.

**Сабактын жүрүшү: Мугалим**: Жашоонун кыйындыгы эмне менен байланыштуу, турмуштагы көйгөйлөр кайдан жаралат? – деп суроо коюп, окуучулардын жообун угат. (Жашоонун маанисин билбей, ысырапкерчиликке жол берүүдөн жаралат, деген жооп укканча уга берет). Бири кооз, бири жупуну (айнек, фарфор, пластика, эмаль) болгон ар кандай кружкаларга кофе куят. Окуучулар бирден кофе алгандан кийин балдарга кайрылып, мындай дейт:

– Көрдүңөрбү, силер кымбат баалуу кооз кружкаларды алдыңар. Ал эми

жөнөкөй, эмальданган кружкага эч ким тийген жок. Жашоодо жакшы көрүнгөн нерсени алып калууга умтулууңар – силердин көйгөйүңөрдүн негизги себеби. Кружкалар кофени даамдуу кылып жибербейт. Силер сырткы көрүнүшүнө маани бердиңер. Биздин максат –кофе ичүү болчу, бирок кооз кружканы тандадыңар. Андан кийин кимге кандай кружка тийгендигин салыштырып карадыңар, туурабы?
– Ичкенге жараша жакшы кружкадан ичүү керек го, – дейт окуучулардын бири.
– Чындыгында жашоонун мааниси – ички (рухий) нерсе, ал кофе сыяктуу. Ал эми акча, байлык, иш (кызмат) коомдогу ордубуз, биз тандаган кийим, буюмдар – (сырткы) кружкалар сыяктуу. Биз көп учурда кружканын (кийимдин) коозун, кымбатын тандайбыз деп жатып, кофенин даамын, (жашоонун маанисин) билбей калабыз. Кофенин даамы (жашоонун мааниси) гана кызыктырган адам башкалардын кружкаларын (кийимдерин) салыштырбайт. Адамдардын баары эле кымбат "кружкаларга" (акчага, кымбат буюмга, мансапка ж.б.) жете бербейт. Бирок кофенин даамынан (маанилүү жашоодон) ырахат алуу барынын колунан келет. Жашоодо адамга

бакыт тартуулай турган нерсе – кружка (буюмдар) эмес, ички (рухий) нерсе (жашоонун маанисин билүү) экенин жакшы билип алганыңар оң, – деп кофеден ырахат алгандай көзүн жумат. “Кээде каалаган нерсеге жетүүдөн эмес, болгонго каниет кылып, ырахаттануу бакытка жетүүгө көмөкчү болот. Адамдар өзүнүн жакшы жашоосу үчүн тынбай күрөшө беришип, башкалардын жашоосуна маани бербей калышат, ошондуктан өз жашоосунун маанисин жоготуп алышат” (Симон Афонский). Мааниси жоготулган жашоо – өмүрдун ысырапкерчилиги. Ысырапкерчиликтин эң жаман түрү – ушул маанисин жоготкон жашоо.

Эми маанилүү жашоону маанисизден кантип ажыратууга болот, ошого көңүл бөлөлү. Мугалим үч литрлик банканы коёт. Бүгүн биз убакытты үнөмдүү, туура пайдаланып жатабызбы, жашоодо маанилүүнү маанисизден ажыратабызбы? – деген суроонун үстүндө ойлонобуз. Банкага чоң (диаметри 3-4 см) таштарды салып толтурат.

– Банка толдубу?
– Толду.

Мугалим пакеттен майда таштарды алып чыгып банкага салат. “Банка толдубу?”-деп дагы сурайт. Эми толду деп жооп беришет. Мугалим кум алып чыгып, банкага салат. Эми толдубу? “Толду”. Мугалим сууну банкага куят. Эми толдубу? Толду, бош орун калбады. Бул тажрыйбанын мааниси эмнеде?

Банка – бул силердин жашооңор сыяктуу. Чоңураак таштар – силердин жашооңордогу маанилүү нерселер сыяктуу, алар ден соолук, рухий соолук (ыйман, билим), ата-эне, үй-бүлө, бала-чака... Булар башкасы жок болсо да толук тургандай көрүнөт. Майда таштар болсо – иш, өнөр, үй-жай, машине, каражат ж.б. силердин жашооңорго керек болгон материалдык баалуулуктар. Кум болсо – башка кызыкчылыктар, жоро-жолдош ж.б. нерселер. Суу – той-аш, оюн-зоок ж.б. калгандары. Эгерде банканы башынан майда ташка же кумга толтурганда чоң ташка орун калбай калмак. Ошондуктан бардык нерсени өз убагында толтуруу маанилүү. Майда-барат нерсенин артынан жүрө берген адамдар чоң “таштарды” жайгаштыра албай (үй-бүлө күтпөй, ден соолугуна, рухий абалына кам көрбөй) калышат. Ден соолугу чың, рухий абалы жакшы адам үй-бүлө куруп, бала-чака күтүп, туугандары, достору менен жолугушуп, эс алып ж.б. жашай берет. Ошондуктан эң маанилүү нерсени бала кезде аныктап алуу керек. Майдага толтурулган (диссертация коргойм деп, үй-бүлө күтпөй калган) өмүр – ысырапкерчиликтин эң жаман түрү.

Майдага кызыккан адамдын колунан чоң иш келбей калат (Ларошфуко). Майда адам чокуга чыкса да майда боло берет, ал эми алпты аңгекке салса да алп бойдон калат (М.В. Ломоносов). Адамдын наркы анын өмүрүнүн узундугунан эмес, жашоосунун маанилүү-маңыздуу өткөргөндүгүнө жараша бааланат. Бул дүйнөдө эч кимге пайдасы тийбей, үй-

бүлөсүн сактай албай, оюн-зоок менен өмүрү өткөн адамдар аз эмес. Өмүрдүн ысырапчылыгы – өкүнүчкө алып келүүчү нерсе. Маанисиз жашоо – мөмөсүз боло турган өрүктүн гүлүнө окшош. Адамдардын дени-карды, рухий дүйнөсү, үй-бүлөлөрү соо болушу эң маанилүү маселе. “Мен соо болсом, сен, ал соо болсо, коом соо болот” (И.Раззаков).

Эми сарамжалдуулуктун маанисине токтололу. Сарамжалдуулуктун, үнөмдүүлүктүн пайдасын, ысырапчылыктын зыяндуулугун үйрөтүүчү илим – экономика илими деп аталат. “**Экономика**” – деген сөз гректин “ойкос” – үй-жай, “номос” – башкаруу деген сөзүнөн келип чыккан. Экономика – бул үйдөгү, коомдук чарбадагы каражатты, азык-түлүктү ж.б. сарамжалдуу, үнөмдүү пайдаланууга үйрөтүүчү илим. Ал адамды сарамжалдуулукка үйрөтөт. Сарамжалдуулук – колдогу каражатты, азык-түлүктү, малды ж.б. этияттап, үнөмдүү пайдалануу, бул – тыкандыктын, маданияттуулуктун белгиси. Сарамжалдуулук – байлыкка алып келүүчү байсалдуу жол, ысырапкорчулук – жардылыкка алып келүүчү береке кетирүүчү жол. Сарамжалдуулук – сараңдык эмес. Үй буюмдарын эмеректерди, кийимдерди этияттык менен урунуу да – сарамжалдуулуктун бир түрү. Энергияны, газды, отунду, күйүүчү майды, кездемени ж.б. үнөмдүү пайдалануу – үй-бүлөнүн экономикалык сабаттуулугунун белгиси, ал үй-бүлөнүн тың жашаганына өбөлгө болот. Коомдук, чарбалык мүлктү сактоо – экономикалык жактан сабаттуулуктун, маданияттуулуктун белгиси. Аларга көңүл бурбоо – ысырапчылыктын белгиси.

**Бышыктоо**. **Суроо**. Кызынын кийими энесиникинен 2 эсе кымбат болсо туурабы? **Жооп:** Бул – кызынын эси жоктугунун, экономикалык билим жөнүндө түшүнүгү жоктугунун, үнөмдү билбегендигинин белгиси. Үй-бүлөлүк кирешеден анын мүчөлөрүнүн каалоо-талаптары (чыгашасы) жогору болбош керек, болсо ал – көйгөйдүн башаты.

**Суроо**: адам кандай азыктаныш керек? **Жооп:** ченемин билип азыктаныш керек. Бул – адамдын ден соолукта жашоонун зарыл шарты. Тамак-ашты ашыкча жебеш керек, ал ысырапчылыкка жатат, ден соолукка зыян. Ысырапчылык болгон жерде маңдай тердебейт, каражат чогулбайт, береке кетет. Ысырапчылыкка жол бербегиле. Жашоодо адамга акча да, байлык да керек, бирок ал –жашоодогу эң маанилүү нерсе эмес. Акчага тамак сатып аласың, табитти сатып ала албайсың, төшөк сатып аласың, уйку сатып ала албайсың, акча үйлөнүүгө керек, бирок сүйүүнү сатып ала албайсың, үй сатып аласың, үй-бүлө сатып ала албайсың, мал-мүлк сатып аласың, көңүл сатып ала албайсың ж.б.[11] Байлыгың чөнтөгүңдө болсо кенен, жолуңда каалаганың болот белен, ден-соолук, бакыт, сүйүү сатылбастыр, акчага көптү сатып алган менен –деген Асади Туси.

**Суроо:** эмнеге адамдар буюмга, адамга бирдей мамиле кылбайт?

**Жооп:** бул дүйнөдө бардык нерсе өз баасына ээ. Ошол эле учурда адам ишке, буюмга, адамга жакшы же жаман деген баа берет да, берген баасына жараша мамиле кылат. Адамдын (иштин, мамиленин) келечеги ошол берген баасына жараша болот.

**Мугалим:** Америкалык экономист Т.Шульцтун кырк жыл мурда Нобель сыйлыгына татыктуу болгон изилдөөсү жарыяланган. Коомдун экономикасынын өсүшүнө 1900-жылы салынган бир сом 1957-жылы 4,5 сомго, ал эми мектептик, кесиптик билим берүүгө жумшалган бир сом 14 сомго өскөн, б.а. 3 эсе көп пайда келтирген. Ата Мекендик окумуштуулардын эсептөөлөрүнө караганда ал 5,3 эсе көп пайда келтирет. Экономикабыз өсүш үчүн каражатты кайда жумшаш керек экен? (балдарды өнүктүрүүгө).

**Суроо:** кандай учурда нан катып калат, столдо тургандабы, шкафтабы, пакеттеби? Катыган нанды тамакка пайдаланса болобу? Кантип? Экономика, сарамжалдуулук, үнөмчүлдүк – адептик түшүнүк, буга макулсуздарбы? Кедейликтин себебинин бири – ысырапкорчулук, эмне үчүн? Муздак бөлмөдө эмнеге нымдуулук жогору? Имараттарга эмне үчүн эки кабат айнек коюлат? Үй-бүлөдө үнөмдөөнүн варианттарын атагыла. Үй-бүлөлүк бюджет деген эмне? Киреше менен чыгаша кандай болуш керек? Азыр экономикалык билимдүү адамдар көп, бирок экономикабызда маселе (көйгөй) көп. Эмне үчүн?

**Тапшырма**. Убакытты туура пайдаланып жатабызбы, анализдегиле. Бир жуманын структурасын байкагыла, орто эсеп менен суткалык диаграмма түзгүлө. Бир күндө канча азык-түлүк желбей ысырап болот? Бир жылда канча ысырап кылып жатасыңар? Мектепте бир күндө канча кагаз ташталат? Бир жылда бир мектепте канча кагаз ташталат? 2000 мектепте канча кагаз ташталат? Айдын башында жана аягында окуучуларга электросчетчикти карап, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнө бөлүштүргүлө. Кимде үнөмдүү пайдаланып жаткандыгын аныктагыла. Ысырапты азайтууну сунуштагыла. Бир киловатт-саат үнөмдөлгөн энергияга 36 нан бышырылат. Күнүгө 10 минут телевизор аз көрсөк, канча энергия үнөмдөлөт? Бузулган крандан бир саатта 20 литр суу агып чыгат. Бир суткада, бир айда канча суу агат? Айнектин бир кв.метри – 125 сом турат. Бир айда мектепте аянты 1,4 х 2 9 бир айнек сынса, мектептин зыяны канча, эсептегиле. Бир буудайдын башы 1,35 г., ар бир кв.м. жерге бир буудайдын башы жерге түшсө, бир гектар аянтта канча чыгым болот? Ойлонгула.

Эми сабакты **жыйынтыктайлы**. Кыргыздар илгертеден үнөмдүүлүккө маани берип келишкен. Сандык жыйган жүгүңө, сарамжал кылган үйүңө. Отун албаганга от жактырба. Аяп жесе ат калат, коруп жесе кой калат, тарта жесе тай калат, тартпай жесе не калат. Бар деп төкпө, жок деп чөкпө. Барда аябаган жокто тойбойт. Барына шүгүр, жогуна тобо кыл. Басыгы бузук ат аксайт, алкымы бузук эр аксайт. Беш колду оозуңа салсаң, береке кетет.

Нысапсыз үйгө береке токтобойт. Азга алымсынгандар жарды эмес сыяктуу жашашат, көпкө тойбогондор жарды сыяктуу жашашат. Азга алымсынып, көпкө каниет кылалы. Токпейил бололу. Барда төкпөйлү, көппөйлү, кулча иштеп, байча жашайлы.

## Класстан тышкаркы иш-чаралар

Класстан тышкаркы иш-чаралардын өспүрүмдөрдү тарбиялоочу мүмкүнчүлүктөрү кенен. Сунуш этилип жаткан класстан тышкаркы иш-чаралардын классификациясы акыркы вариант эмес. Ар бир класс жетекчи өзүнүн чыгармачылыгына жараша мындан оригиналдуу вариантын сунуш этсе болот. Класстан тышкаркы иш-чаралар төмөнкү багыттары бар:

I. ***Коллективизм сезимин өнүктүрүү, коомдук активдүүлүккө тарбиялоо***:

– тематика боюнча класстык саат өткөрүү;

– өлкөнүн, шаардын мектептин коомдук жашоосуна катышуу;

– класстын жана мектептин турмушуна активдүү катышуу;

– мектепти тартипке салуу (ишембилик, майда ремонт, тазалыкты сактоо);

– класстын активине жана мугалимге жардам берүү, плакат, газета, көргөзмө курал жасоо, компьютерден маалымат табуу ж.б.

– ата-энелердин активине жардам берүү;

– программадан артта калган окуучуларга жардам берүү;

– багары жок, эмгектин, Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жардам берүү.

II.***Окуучулардын интеллектин жана чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү***:

– олимпиада, турнир, викторина, КВН ж.б.

– факультатив, курс, клуб ж.б.

– интеллектуалдык марафон, илимий кече, тегерек стол, талкуу ж.б.

– жекече, группалык сабак өтүү;

– илимий ийримдер, изилдөө иштерин жүргүзүү;

– көркөм өнөр чыгармачылыгына катышуу (музыка, сүрөт искусствосу, сайма саюу, тигүү, токуу ж.б. кол өнөрчүлүк);

– чыгармачыктын конкурсу;

– кол өнөрчүлүк боюнча көргөзмө уюштуруу;

– патриотизмге, укуктук, экологиялык, рухий, адептик, экономикалык ж.б. темадагы иш-чараларга катышуу.

III. ***Дене тарбиясы жана спорт:***

– спротсмендердин мелдеши;

– олимпиада, спартакиада;

– спорттук секцияларга жана ийримдерге катышуу;

– токойго, көлгө, дарыяга, тоого, туристтик жүрүш уюштуруу.

IV***. Көркөм табитти жана маданий агартуу ишине тарбиялоо***:

– көргөзмө, театр, музей, кино ж.б.

– китептен үзүндү, пьеса, поэзия ж.б. талкуу;

– чыгармачыл адам менен жолугушуу.

V. ***Окуучуларды кесип тандоого даярдоо***:

– фирмаларга, кичи заводдорго, фабрикага, ишканаларга алып баруу;

– техникалык чыгармачылык боюнча ийримдерге катышуу.

Класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүүдө төмөнкүлөргө көңүл бөлүнөт.

1. Иш-чаранын тарбиялык максаты болуп, маанилүү маселелер айтылыш керек.

2. Окуучуларга, психологиялык жактан оор, балдардын көп даярдыгын талап кылган спектакль, концерт уюштуруунун кереги жок.

3. Окуучулар жана ата-энелер менен бирдикте иш-чара пландаштырылат, алдын ала даярдалат.

4. Тарбиялык иш-чараны класс жетекчи, предметтик иш-чараны предметтик мугалим уюштурат, администрация көзөмөлдөйт.

5. Ар кандай иш-аракет кылуу, аткаруу ыкмалары үйрөтүлөт, керектүү көндүмдөр калыптандырылат.

6. Окуучулардын чыгармачыл жөндөмү өнүктүрүлөт, окуучулардын изденүүсүнө кенен мүмкүнчүлүк берилет.

7. Тарбиялык иште конкреттүү тема боюнча, предметтик иште конкреттүү предмет боюнча билими тереңдетилет, кеңейтилет.

8. Программадан артта калган окуучуларга жардам берилет.

9. Физикалык жактан өнүгүүгө, спорттук жетишкендиктерин өркүндөтүүгө көңүл бөлүнөт.

10. Тарбия процесси көп грандуу, социалдык, психологиялык маселеге көңүл бөлүп, жекече, коллективдүү формада өткөрүлөт. Иш-чаралар стадиондо, цехте, залда, класста ж.б. жерде өтүшү мүмкүн. Балдардын ойноп кетме адаты бар. Ошондуктан коопсуздугу жөнүндө камкордук көрүү зарыл.

***Класстан тышкаркы иштерге катышууга даярдоо.***

1. Класстан тышкаркы иштерге мүмкүн болушунча көбүрөөк окуучуларды катыштырган дурус. Айрым окуучулар эки же андан көп ийримге катышат. Бир нече ийримдин балдары катышса, алар бири-бирине жардам, конкуренция түзөт.

2. Тарбиялык иште коллектив менен конкреттүү индивидум өз ара кызматташуу аркылуу өнүктүрүү максатын көздөйт.

3. Жалпы адамзаттык, улуттук баалуулуктар өздөштүрүлөт, идеалы аныкталат.

4. Класстан тышкаркы иштердин ар кандай формаларына окуучулардын катышуу менен ар кандай көндүмдөрү калыптандырылат.

Өспүрүмдөрдүн класстан тышкаркы ишке катышуу принциби: иштин кызыкчылыгына карап аракет этүү, өз кызыкчылыгы менен иштин кызыкчылыгын айкалыштыруу, бардык өспүрүмдөрдүн кызыкчылыгын эске алуу ж.б. Класстан тышкаркы иштерде өспүрүмдөрдүн коллективден өзүнүн ордун аныктоого, өзү каалаган тема боюнча изденүүгө, өз билген билимин көрсөтүүгө, өркүндөтүүгө мүмкүндүк берилет. Класстан тышкаркы иш-чаралардын натыйжасы бааланат, анализденет.

Класс жетекчинин милдети – окуучуга багыт берүү, координациялоо. Ата-энелердин чогулушунда иш-чаралардан үзүндү сунуш этүүгө болот.

## Окуучуларга пайдалуу кеңештер

Сен элге, адамга, адамзатка эмнени берсең, сенин чыныгы байлыгың ошол, кийин ошону “аласың”. Биздин жашообуздагы жаман-жакшы окуяларга өзүбүз жоопкерчиликтүүбүз. Ички дүйнөбүздө тынчтык менен гармония түзүү, жакшы ойду ойлоо менен адамдарды кызыктырып турабыз. Тескерисинче, бирөөлөрдү капа кылуу, бирөөлөрдү күнөөлөгөн ойлорду ойлоо менен өз ойлоруңуздан азап тартып ички бүлгүнгө түшө берсеңиз, жашооңуз маанисиз болуп, адамдан көңүл калуу көп болот. Бирөөлөрдү күнөөлөгөндөн пайда жок, мындан жашообуз жакшырбайт. Бирөөлөрдү күнөөлөө – алсыздыктын натыйжасы. Адам өзүнө окшоп ой жүгүрткөн

адамдарга тартылып турат. Адамдын жашоосу ойдон башталат, ойду өзгөртүүгө болот. Адамды санаага салган көйгөйлөр – анын мурунку ойлорунун натыйжасы. Ойду позитивдештирип машыгуу керек.

Жакындарыңарды жакшы көрүш керек, өзүңөрдү (физикалык, рухий денеңерди) да сүйгүлө, андай сүйүүнүн жетишсиздиги - көп оорулардын себеби. Биз ойлорубуз аркылуу организмибизге таасир этебиз. Өз денесин сүйүүгө үйрөтүлгөн адамдар соматикалык көйгөйлөрдөн кутулат.

Учурдагы турмуштагы жашообуз – өткөн ойлорубуздун натыйжасы. Аларга ойду концентрациялагандан пайда жок. Келечегибиз – азыркы ойлорубуздун натыйжасы болот. Ойду өткөнгө топтосо, учурдагы жашообузга энергия жетпей калат. Учурду ойлобой, келечек жөнүндө гана ойлонуп (бак тигип, бала тарбиялап, бирок жашылча, дан өстүрбөй), жашасак кыйын жашоодо калабыз. Япондордо макал бар, «Өткөн мезгил өттү, келечек келе элек, учурдагы мезгил гана бар». Реалдуулук азыр гана бар. Реалдуулук өзүнөн өзү өзгөрбөйт. Биздин жашообуздагы өзгөрүү процесси азыр гана ой, ниет аркылуу жүрөт.

Адам өткөнүн ойлоп, өкүнө берсе, азабы көбөйө берет. Адам өткөндүн туткунунда кулчулукта калат. Аны кечирип жиберген адам маанисиз кулчулуктан, азаптан кутулат. «Сен андайсың, мындайсың»,-деп отуруп, аны санда жок адам сыяктуу пикирге алып келүүчү «акылды» айтып коёбуз. «Бул логика жыныстык ооруга алып келет» (Луиза Хей). Ашкере желген кант жаман сезимдерди күчөтөт, кичине балдар аны көп жейт, көп ыйлашат. Бирөөгө сын такпагыла, өзүңөрдү жөнсүз сындабагыла, ал жакшы натыйжа алып келбейт. Башкалар жөнүндө жаман ойлобогула. Негативдүү ойлордун чынжырында калбагыла. Көпчүлүк оорулардын пайда болушуна табият күнөөлүү эмес, коомдун балким күнөөсү болушу мүмкүн, бирок аны күнөөлөгөндөн пайда жок, ага көбүнчө адам өзү күнөөлүү болот. Ал адамдын жашоосу акыл-эстүү эмес уюшулгандыктан, жалкоолуктан, сараңдыктан пайда болот (Н.М. Амосов. Раздумья о здоровье). Ден соолугуңуз жакшы болуш үчүн ага камкордук көрүү керек. ***Диетологдор*** төмөнкүдөй кеңеш беришет:

1. Ашыкча тамак жебегиле, анда клеткалардын функциясын, жүгүн жеңилдетесиз (артыкбаш иштен бошотосуз), алар тез жаңыланып организмдин ооруга туруштук берүүсүн бекемдейт.

2. Ар түрдүү рациондогу, витаминдүү азык-заттарды жегиле.

3. Жемиштерди, жашылчаларды көбүрөөк жегиле, анда витаминдер бар, алар организмдеги калдыктарды (шлактарды) чыгарууга өбөлгө болот.

4. Таза абага дем алууга чыгып, таза суу ичкиле.

5. Жумасына бир күнү алма, айран менен азыктанып, организмди эс алдыргыла.

6. Менюну туура тандоо стресстен кутулууга жардам берет.

***Спортсмендердин кеңеши***:

1. Көп кыймылдагыла, сегиз минуттан жогору кыймыл өмүрдү узартат. Кыймыл аркылуу организмге керексиз заттардан дене бошонот.

2. Уйкуңарды кандыргыла, бирок көп уктабагыла. 17-18 градус бөлмөдө уктасаңар күчүңөр калыбына келет.

3. Жөө жүргөн, лифтсиз жогору көтөрүлгөн пайдалуу.

4. Эртең менен эрте туруп, физикалык көнүгүү жасап, жуунгула.

5. Спорттун кыймылдуу (чуркоо, секирүү ж.б.) түрүн тандагыла, анда организм эндорфин гормондорун иштеп чыгарат, аны бакыттын гармону дешет. Сиз өзүңүздү жеңил сезесиз.

***Психологдор*** төмөнкүдөй кеңеш беришет:

1. Биздин ойлорубуз кандай болсо, жашообуз ошондой болот.

2. Жакшылык кылбай туруп ыраазычылык күтпөгүлө, жакшылык кылсаңар ыраазычылык угасыңар, ыраазычылык көп уксаңар жашооңор бактылуу болот.

3. Ийгиликтүү учур менен ыраазычылыкты уккан сөздөрдү эстегиле. Бактысыз учурду унутканга аракеттенгиле.

4. Башканы туурабагыла, өзүңөрдүн жакшы сапатыңарды өнүктүргүлө. Бирөөнүн жакшы сапатын көрө албастык – адептик билимдин жетишсиздигинин натыйжасы, анын арты – кээде түркөйлүк, кээде наадандык. Бирөөнү дайыма тууураган өзүнүн инсандык сапатын өлтүрөт.

5. Позитивдүү (дурус, жагымдуу, пайдалуу, оң, жакшы) ойлорду ойлогула. Кайраттуу, сергек, тың болгула, көңүлү көтөрүңкү абалда жашаган дурус.

6. Өзүңөр кызыккан окууну, көңүлүңө жаккан ишти тапкыла.

7. Сизге жакпаган адамды ойлобогула.

Врач неврологдор адамдын эске тутумун жакшыртуу менен картаюу процессин токтотобуз деген ойдо төмөнкүдөй эсперимент жасаган. Черниканын экстратын (бадал жыгачынын жемишин) картаң келемиштерге берген. Ал эске тутумду жакшыртат экен. Анда флавоноид деген зат бар. Сабиздин сары-кызыл сортунда, күлгүн картошкада ушул касиет бар деп ырасташат.

Эми зыяндуу азык заттар жөнүндө айта кетели. Врач диетологдордун пикирине караганда: консервант кошулган, газдалган таттуу ичимдиктер (пепси, кока кола, спрайт ж.б.) картөшкөнүн чипцысы, өзгөчө бузулган картөшкөдөн өндүрүштө өзгөчө даам берүүчү заттар кошулуп жасалган азык-заттар, таттуу батончиктер, химиялык заттар кошулган, анын калориялуулугу жогору (аны балдар улам жегиси келе берет), сосиска, сарделька, кайнатма колбаса, паштет ж.б. Алардын курамында чочконун салосу, териси, ичеги карыны, ич май 40% түзөт, даам берүүчү зат кошулат. Чет өлкөдөн келген тооктун саны (окорочка) да зыяндуу дешет, анткени тоокторго гармондорду берип багышат, гармондор санына чогулат экен.

## Кызык экен, окуп кой

(Дубал газетасына керектүү материалдар)

Ниети жаман адамдын белгилери – кыянатчылык, митайымчылык, арамзалык. Алар – жыландын уусунан да коркунучтуу.

***

Эки жүздүүлөр мансабың болсо, ээсин ээрчиген иттей шыйпаңдашат, мансабыңан ажырасаң – ач бөрүдөй тытышат (Д.Локк).

***

Бирөөгө кыйынсынуу – адамдын пастыгынын белгиси.

***

Чыныгы тарыхты жазуу – өтө оор иш. Чындык баарына эле жага бербейт. Чындыкты айткандын душманы көп болот. Тарыхты бурмалаган өлкө андан алчу сабактан куру калат. Бурмаланган тарых – жалган маалымат, ал келечек муунга туура сабак берүүнүн ордуна адаштырат. Өткөнүн унуткан элдин келечекте азабы көп, ийгилиги аз болот (Ж.Ж. Руссо).

***

Март адамдардын көпчүлүгү бай, урмат-сыйга ээ адамдар болушат. Сараң байлар урмат-сыйдан калышат.

***

Адамдын акыл-эсинин өнүкпөгөндүгү, жөндөмүнүн начарлыгы – анын рухий кубатын туура колдонбогондон эмес, аны жеткиликтүү өркүндөтүлбөгөндүгүнүн натыйжасынан пайда болот (Д.Локк).

***

Көп адамдар жалган нерсени акыйкат-чындык катары кабыл алышат, себеби ой жүгүртүүсү жалган нерсеге ийкем, башкача ой жүгүртө алышпайт. Сокур

бар нерсени көрө албагандай, акыйкатты таануу мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар болот. Алар түшүнүүгө мүмкүн нерсени түшүнбөйт (Д.Локк).

***

Адам башында гармониялуу жаралат. Коом, үй-бүлө аны бузуп, бактысыз кылат (Ж.Ж. Руссо).

***

Адептик билим жалган түшүнүктөргө негизделип окутулса, окуучулар аны канчалык терең өздөштүрсө, ошончолук адаша берет (Ж.Ж. Руссо).

***

Мен актуалдуулугу өтүүчү саясатка негизделген тарбияга маани бербейм, анткени адам эки карама-каршы максатка умтулуу менен, бирине да жетпейт. Ал эки жүздүү адамды тарбиялоого жөндөмдүү, алар башкалар үчүн иштеп жаткандай көрүнүшөт, чынында өзүн ойлошот. (Ж.Ж. Руссо).

***

Баланын каалоолору, эңсөөлөрү өскөн сайын руху чабал боло берет .

***

Тарбиялоо жүрөктү бузуку сезимден, акылды адашуудан сакташ керек.

***

Ыйман кеткенде үй-бүлө бузулат, анан эл бузулат, анан мамлекет бузулат. Мамлекеттүүлүктөн биротоло кол үзүп калган элдер (уйгурлар, курддар) бар. Бирөөгө көз каранды болуп, мыйзамына баш ийип, эркиндикке, мүдөөсүнө жетпей жүргөндөр мамлекеттүүлүктүн кадырын жакшы билишет. Үй-бүлөдөн ажырап, ата-эненин мээриминен куру калгандар, бала жытына зар болгондор, жубайдын камкордугун көрбөй, тууган элдин назары көздөн учкан адамдар бар, алар үй-бүлөнүн кадырын жакшы билишет.

***

Адам коркуу сезимин жеңбей туруп, эркин боло албайт. (Альберт Камю). Коркуу сезимдердин эң коркунучтуусу – белгисиздиктен коркуу (Луиза Хей). Жумуш адамга пайда келтиргенде гана көңүлдүү болот (Шекспир).

***

Адам канчалык адилет болсо, адилетсиздикти жакшы түшүнөт. (Цицерон).

***

Адамды аракеттендирген күчтөр: коркуу, кызыкчылык, сүйүү, атакка умтулуу (Луиза Хей).

***

Ден соолугуна камкордук көрбөгөн адам оорукчан болот. Рухий тарбияга кам көрбөгөн коом рухий да, физикалык жактан да оорукчан болот, эли аз жашайт. Үй-бүлөсүндө ажырашуу көп, аз балалуу болушат. Рухий деңгээли пас адам бийликке келсе, элдин абалы оор болот. Эл көптөгөн азаптарга кабылат. КМШда соолорго караганда оорукчандар көп. Алар жашоо абалы төмөндөгөндөн, стресстин көптүгүнөн ушундай абалга келдик деп ойлошот. Чындыгында рухий тарбиянын жетишсиздигинен, өзү, жакындары жөнүндө элементардык камкордуктун жетишсиздиги менен байланыштуу. Рухий тарбия караңгыда адамзатка жол көрсөткөн Чолпон жылдызы сыяктуу. Рухий өнүгүү жолундагылар соо болушат. Өз күнөөсүнүн натыйжасында оорукчан болгондордо рухий өнүгүү жок. Адепсиз кылык-жорук, аморалдык жүрүм-турум – рухий жардылыктын натыйжасы. Жакшы адеп-ахлак – рухий аракеттин натыйжасы (М.А. Сабитов).

***

Маданияттуу адам деп – эстетикалык табити калыптанган, адептүү, моралдык-этикалык нормаларды билген, ошонун негизинде жашаган адамды аташат. Саясий аң-сезиминин, технологиялык, кесиптик жактан өнүгүшүнө, ден соолугуна кам көргөн адам да маданиятуу. Билимдүүлүк, мамлекеттин турмушуна кам көрүү, театр, музейлерге барган, модалуу кийинген, коомдук эрежелердин негизинде жашоо да маданияттуулуктун белгиси. Булар – адамдын тышкы маданияты, бирок адамдын нарктуулугу анын маданияттуулугунан да, капчыгынын калыңдыгынан эмес, рухий дүйнөсүнүн абалынан көз каранды. Жарды, эстетикалык табити өнүкпөгөн адамдардын арасында рухий дүйнөсү бай адамдар эстетикалык табити өнүккөн байларга караганда көбүрөөк болот (М.А. Сабитов).

***

Рухий өнүгүүнү максат кылгандар акыл-эстүү болушат. Ички жана тышкы тазалыгына камкордук көрүшөт. Үй-бүлөсү бекем болот. Рухий өнүгүү үчүн оптимизмди, юмор сезимин өнүктүрүү, жашоонун сергек мүнөзүнө көнүгүү, туура азыктануу, эмгектин, эс алуунун режимин сактоо, үй-бүлөдө балдарды тарбиялоого, ден-соолукка, туура ой жүгүртүүгө, камкордук көрүү, ниетин ондоо керек. Адамдын ички маданияты деп – адамдарга, коомго, табигатка, мамлекетке туура мамиле жасоону, алардын өнүгүшүнө өбөлгө болуучу иш-аракеттерди (ойду, билимди, философияны, тартипти ж.б.) аташат. Бактылуу болуунун жана эркиндикке жетүүнүн зарыл шарты – рухий өнүгүү (М.А. Сабитов).

***

Чыныгы рухий өнүгүү жок коомдо медицина, спорт, искусство, билим берүү бизнеске (каражат табууга) айланат. Адамдын рухий талабы экинчи планга чыгат. Жарандарынын профилактикасына кам көрбөй, оорулууну айыктырууга кам көргөн коом – рухий өнүгүүсү жетишсиз коом (Р.Стоун).

***

Көпчүлүк өспүрүмдөр аны курчаган адамдарды (дүйнөнү) турмуштагы көйгөйлөрдүн себеби катары, а өзү ага карата натыйжасы катары түшүнүшөт, чындыгында көйгөйдүн себеби адамдын өзүндө болот.

***

Улуулардын үлгүсү – эң жакшы сабак, маалыматтын акыркы сөзү айтылбай, ой жүгүртүүгө карата өздөрүнө суроо койгон учурда ал сабак балдардын эсинде жакшы сакталат.

***

Адептүү адам жагымдуу сүйлөйт, жарашыктуу кийинет, өзүн маданияттуу алып жүрөт, бирок бирөөнүн укугуна, кайгысына кайдигер болушу мүмкүн. Ыймандуу адам адептүү болот, бирөөнүн укугуна, кайгысына кайдигер болбойт. Ыйман – бул рухий тазалык, адеп – сырткы маданияттуулук. Өзүн адептүү алып жүрбөгөн, ороңдогон баланы көпчүлүк жактырбайт, өзүн татыктуу алып жүрбөгөн баланын достору болбойт.

***

Негативдүү эмоция агрессивдүү же депрессивдүү болот. Агрессия – айланадагыларга багытталган активдүү энергия. Депрессия – өзүнө багытталган энергия. Күч менен басылган эмоция акыры бир органдын чабал жерине зыянын тийгизет. Ошондуктан эмоцияны тизгиндеп кармаш керек. Өзүңөрдү сындабагыла, актабагыла, ачууланбагыла, сүйүнгөндө өтө шаттанбагыла. Негативдүү сезимдин себеби эмнеде, көрө албастыкпы, кызгануубу, көңүл буруп байкасаңар, ал «эрип кетиш керек», адам табигатынан мээримдүү, жакшы жаралган.

***

Адамдан ийгиликти алыстаткан ички душмандары: пессимизм, өзүн өзү жогору же төмөн баалоо, негативдүү ойлор, өзүн өзү (башкаларды) жек көрүү, коркуу, тынчы кетүү, кумардануу, напсиге эркиндик берүү.

***

Стресс канда лейкоциддин деңгээлин төмөндөтөт, иммунитетти начарлатат, инфекциянын жугушун жеңилдетет. Стресстен кутулуу жолдору: болгонго каниет кылуу, аутотренинг, шүгүрчүлүк.

***

Эмгектенбегендик, кыймыл-аракетсиз жашоо гиподинамияга (дененин алсыздыгына) алып келет. Катаалдык, ырайымсыздык, таш боордук, өз ара айыгышкан күрөштө жашоо адамды мелонхолияга (асанкайгылыкка), бир нерсени эстеп кайгырууга (настольгияга) алып келет. Ыгы жок эркелик жашоого кызыгууну жоготууга алып келет. Ар кандай багыттагы диний-философиялык окууларды (буддизм, индуизм), диндерди (христиан, иудаизм, ислам), диний техникаларды (медитация, сыйынуу) башаламан бир мезгилде өздөштүрүү – психикалык көйгөйгө алып келет. Ашыкча чымырканып физикалык жана акыл эмгегинде иштөө организмдин чарчашына, алсыроого, уйку басууга алып келет. Бардык нерсенин өлчөмү менен болгону дурус (Б.Т. Лихачев. Воспитание и этика. Ярославль: Аверс-Плюс, 2009).

***

Эгерде адам каалоолорунун кулуна айланса, акылы өзүн актоонун жолун табат. Андай адамдар рухий жактан өнүкпөй калат.

***

1961-жылдан 1989-жылга чейин өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугу стабилдүү өсүп, 1,5 эсе көбөйгөн. СССРде 1,1миллион кылмыш ишине аралашкан өспүрүмдүн баарынын психикалык көйгөйлөрү болгон.

***

Бактылуу болуш үчүн адамга беш нерсе керек. Ден соолук, ыймандуулук, коомго керектүү адам болуу, үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн бири-бирин жакшы көрүшү, сен уялбагандай балдарыңдын болушу (М.А. Сабитов).

***

Адам жашаган коомдо элдин кайгы-капасы, күйүтү көп болуп, бактысыздар көп учураса, андай коомдо жашап, бактылуу болуу реалдуу эмес. Бактылуу болуунун эбин табуу – талант (П. Ришар).

***

Беймуктаждык (башка эч нерсенин кереги жоктук) – бакыт. Бакыт – адамдын өзү менен өзү гармониялуу жашоосу (И.Хакомада).

***

Адамдын бактысы – тартип менен эркиндиктин ортосунда (И.Павлов).

***

Түгөйүнүн бир сапаты үчүн жакшы көрөт деп ойлобой, аны менен чогуу жашоону жакшы көрөт деп ойлоо – бакыт. Бактылуу абал узак созулса, анын баркы болбойт, аны кайра сезүү үчүн андан ажыроо керек.

***

Адам чабал кезиндегидей духу күчтүү боло албайт (И.Бунин).

***

Адам картөшкө отургузуп, кошунасынан өч алууну ойлоду. Картөшкө түшүм бербей калды. Анткени адам терс энергия менен заряддап койду.

***

Адептик билимдин жетишсиздигинин, тарбиянын кемчилдигинин натыйжасында адам кекирейиши мүмкүн. Улуу адамдар кекирейбей, момун болушат. Момундук – кыңк этпей баш ийүү эмес. Момундук – дүйнө, эл менен гармониялуу жашоо. Дүйнөдө кокусунан ажайып керемет болбойт, дүйнөгө момундук менен мамиле кылып, болгонун болгондой кабыл алсаң, керемет дүйнөгө айланат.

***

Жер жүзүндө АДАМ болуп жашоо – бакыт. Ал адамга жеңил келбейт. Бакыттын жеңил келбестигине карата классикалык мисал: баланын төрөлүшү үчүн энеси толгоодон азап тартыш керек, атасы экөөнүн амандыгын тилеп толкунданыш керек.

***

Чыныгы сүйүү бар жерде деструктивдүү, коркунучтуу күчкө орун болбойт.

***

Адамдарга жакшылык тилеген кайрымдуу асылзат аялдын жүзү нурдуу болот, андай аял өзүн кандай алып жүргөнү менен да айырмаланат. Аларга эркектердин мамилеси дайыма жакшы болот (С.Н. Лазарев).

***

Кыжырдануу – кыска мөөнөттөгү жиндилик. Аракечтик – ыктыярдуу жиндиликке машыгуу (Аристотель).

***

Чыныгы билим алуу бардык мектептер менен коштошуп, өзүнүн убактысын, ала турган сабагын өзү аныктагандан баштап, өз алдынча билим алуудан кийин башталат.

***

Кыздардын (аялдардын) жашоосунда сезим, балдардын (эркектердин) жашоосунда акыл үстөмдүк кылат. Бул жагдайды эске алып мамиле түзүү эл ичинде ынтымактын болушуна өбөлгө болот. Ал эми аны эске албоочулук, мамиленин начарлашына алып келет.

***

Турмуштун өзү жамандык да, жакшылык да эмес. Турмушта – жамандык менен жакшылык орун алган. Адамдын турмуштан бактылуу же бактысыз болушу жамандык менен жакшылыктын кайсынысы үстөмдүк кылуусунан көз каранды (Монтель).

***

Скептицизм (бул дүйнөнү таануу мүмкүн эмес деген, ишенбөөчү мамиле) – адамдын дилин дат баскандыгынын (психикалык проблеманын) белгиси. Андай адам бир нерсе жаратууга, түзүүгө, тургузууга жөндөмсүз болот. Скептиктин энчиси – бузуу, иритүү, бүлдүрүү (Б.Васильев).

***

Таарынуу – чабал адамдын реакциясы, анткени чабал өзүнө өзү ишенбей, өзүн өзү жубатат, көңүлүндө ачуу кайнап турса да, аны унутпай, таттуусу бар сыяктуу ойлоно берет (Б.Васильев)

***

Биз ата-бабалардын адептик жүрүм-турумунан алыстап калдык. Ага бир аз жакындасак эле басынгандай сезебиз.

***

Өз убагынан мурда айтылган сөз жагымсыз, кээде коркунучтуу болот.

***

Биздин ар бирибиздин ичибизде бюрократ бар, ал керек болгондо көрүнөт.

***

Көп байлыгы болгон бай эмес, аны орду менен колдоно билген бай.

***

Кыйынчылык дайыма эле жаман болбойт, кыйынчылыгы жок жашоо да жаман эмес.

***

Коркуу – от сыяктуу, көзөмөлгө алынганы жылытат, көзөмөлдөй албай калсаң, күйгүзүп салат (Тайсон).

***

Кем акылдык, келесоолук, акмакчылык – дарысы болбогон дарт (Кант).

***

Табигый принциптерге негизделбеген нерселердин баары маанисиз, турмушка ылайыксыз, алар качандыр бир мезгилде кыйрайт, бузулат, бүлүнөт (В.М. Чаломей).

***

Күчтүүлөрдүн энчиси – жашоону жакшыртуу, түзүү, куруу, чабалдардын энчиси – эптеп орундашуу, жайгашуу (М.А. Сабитов).

***

Мода – коммерциялык категория. Мода – акыл-эстүүлүк менен ойлонуу жетишпеген форма, ал кыйынчылык менен кирет, жыл өтпөй алмашат. Көп каражатты талап кылат. Ошондуктан сизге жаккан, жарашкан, ыңгайлуу кийимди алгыла. Мода сиздин кызыкчылыгыңызды эске албайт, ал кийим, бут кийим чыгарган фирманын кызыкчылыгын көздөйт.

***

Адамдын бактысы – анын ички абалы. Ал адамдын өз ал-жайын түшүнүп, баамдоо деңгээлинен көз каранды (В.Мегре).

***

Бакыт дегенибиз – бактысыз окуялардан качып кутулуунун жыйындысы (Шопенгауэр).

***

Жамандыкты жалаң күч менен басууга болбойт, ал күч менен басылса, баш көтөрүп, чыга берет, андан көрө жакшылыкты көбөйтө берсе, жамандык акырындап жакшылыкка орун бошото берет, жамандыкты ушинтип соолутуу керек (Л.Н.Толстой).

## Кыргыз кандай эл эле, кандай болдук?

(класстан тышкаркы иш-чаранын иштелмеси)

**Биринчи окуучу**:

Кыргыз кандай экенин сураба да, көп айтылат накыл кеп уламада.

Кыргыз төргө жай салып коногуна, өзү болсо жатчу экен улагада.

Көрүп туруп адамды үшүп келген, чече салып үстүнө ичик берген.

Жөө келаткан адамга боору ооруп, кыргыз минген атынан түшүп берген.

Айырмасы кыргыздын башкалардан, улууларды урматтап барктаганда.

Ичер ашын кудайы коногуна, куюп берип, а өзү ачка калган.

Чаңкасаң ысык чай берген, чарчасаң жылуу жай берген.

Сыйкор да камкор кыргыз эл, катуу сөз айтпай ай деген.

Бозону кыргыз сатчу эмес, кыргыздар "бер" деп айтчу эмес.

Бокмурун бир сом карыз деп, блокнотко жазчу эмес.

**Экинчи окуучу**:

Кыргыздын ата-бабалардан мурас катары сакталып келе жаткан этнопедагогикасы, салттары, үрп-адаттары, элдик эрежелери болгон. "Кыргыздардын элдик педагогикасынын башаты б.з.ч. III кылымды жана андан мурунку кылымды камтыйт"-деп ырастайт Асылбек Эшалиев. Ал эми Ж.А. Чыманов: "Элдин педагогикалык (таалим-тарбия) системасы, тарыхы, каада-салты, диний түшүнүгү, адабияты, маданияты, дүйнө таануусу, экологиялык, адеп-ахлактык түшүнүктөрү менен байланышта иштелип чыккан"-дейт [25].

**Үчүнчү окуучу**:

Жакшы жагын үйрөнбөй, жактырып жаман адатты,

Кымыз ичкен кыргыздар, кылк-кылк жутту аракты.

Кайната менен кагышып, келиндер ичти аракты.

Азыр бардык тойлордо арак ичүү салтка айланды. Спирт ичимдигинин зыяндуулугун изилдеген окумуштуулар: "Бойго бүтөр алдында ата-энесинин биринчи эле 100 граммы баланын кем акыл болуп төрөлүшүнө өбөлгө болот"-дейт. Азыр мектептерде сабакты өздөштүрө албаган, интеллекти төмөн балдар көбөйүп бара жатат.

**Төртүнчү окуучу**:

Кулу болуп алкымдын, кутургандай алкындың,

Ар-намыстан алыстап, аракка көп тартылдың.

Укканга жаман жоруктур, уулу күчкө толуптур,

Көчөдөн үйгө атасын, көтөрүп келчү болуптур.

Эми ичкениң токтойбу, элге кейпиң окшойбу?

Абийир төгөт турбайбы, арак менен дос болуу.

**Бешинчи окуучу**:

Эркин басуу “эрдиги”, акыл-эстин кемдиги,

Арак ичүү делеби, аялдардын теңдиги?!

Сапсайтып сакал жаштарда, көчөдө ылжып басканда,

Кемпирлер каргыш  айтышат, алжыган кары мастарга.

**Алтынчы окуучу**:

Кычкыл нерсе калган жок сен ичпеген, уудан дагы уу болду бүткүл денең,

Өкүнгөндө айтар менде бир тилек, ичкен кезде өбүштүргөн ит менен.

Бөтөлкөдө “арак” деген жазуулар, алмашылса жазуу менен “сүт”деген.

Иште, үйдө  болуп жөнсүз ичимдик, ит ичкирди дос күткөндөй күтүндүк,

Ден соолук, өмүр үчүн деп, ден соолукту ичип бүтүрдүк.

**Жетинчи окуучу**:

Сауна жагын кеп салдык, салону майдай жеп калдык,

Эшектин эти дары деп, интернетке кеп салдык.

Саламдашуу ордуна, “чао”, “привет”-деп калдык.

Ак шишик тартып канчасы, арбыды элдин алкашы,

Төр жакка өтпөй бу арак, төгүлүп эле калсачы!

Аялы ичти, эри ичти, “ден соолук үчүн” деп ичти,

Ден соолук эмес бу арак, жалпыга салды кейишти.

“Биз эмнеден кембиз”-деп, “эркектерге теңбиз”-деп,

Актан ичсе кеп салат, “ал, баланы эмгиз”-деп.

**Сегизинчи окуучу**:

Кыргызча айтпай таза кеп, кетирдик өтө ката көп,

Карылар үйгө жеткирдик, “барагой эми апа”-деп.

Былгыдык ичтен билинбей, кулайбызбы чирибей,

Бара  берип абортко, балдарды кырдык тирүүлөй.

Теңдик заман деп жүрдүк, күйөөнү онго жеткирдик,

Атасын кууп жиберип, алиментин кестирдик.

Бар тура бизде көрөңгү, бат үйрөндүк “өнөрдү”.

Кыргыз эле кыздардан, кырк улут бала төрөлдү.

**Тогузунчу окуучу**:

Бир кезде сыйкор жакшы адам, киргизбей үйгө башка адам,

Машине алам деп жүрүп, өлмөй болду ачкадан.

Кыргыз бүгүн “жетишти”, кыйын болуп кетишти,

Балдары менен кошулуп, көрүп жатат сексти.

Өлсөм да айтпайм жалганды, өзөктөн чыккан арман бул,

Кайран кыргыз улуу журт, каада-салтын танганбы?

Юбка турса жыйылып, жоолук турса үйүлүп,

Шым, тумакчан жүрүшөт, кыз-келиндер кийинип.

Улууну көзгө илбедик, кичүүнү кагып тилдедик.

Сүйлөшүп тийген күйөөнү, “өлүп кет, жерге кир”,-дедик.

Кыздары чачын кырктырды, кыргызча атын буздурду,

Далыдан чачын өстүрүп, жигиттер өзүн кыз кылды.

**Онунучу окуучу**:

Эске албай насаат-санатты, үйрөндүк жаман адатты.

Чыгарган чырды жөн жерден, жансың сен эсти кем берген,

Аз жашап калды эстүүлөр, азабын тартып сендейден.

Барк-урматты элден күткөн жакшы адам, багбан көрөт иш үзүрүн бакчадан.

Өзүн тоноп, жатка ташып жамандар, өз бактысын издейт арам акчадан.

Ар дайым жок бир кылары, ак колдор болду ынагы.

Ашынган жандар көбөйдү, антена болгон кулагы.

Тарсылдак орой эркектей, талабы күчтүү Генсектей,

“Табышкер” жандар көбөйдү, тазалап турган чөнтөктү ээй.

Мен кыргызмын “түптүү эл” деп макталган, бар чындыкты коркпой бетке айта алган.

Ошол элим аксап турган учуру, туура жолду таба албай алданган.

**Он биринчи окуучу**:

Баары акылман, баары көсөм четинен, доорон сүрүүгө ою мыктап бекиген,

Ыйман камын эч ойлобой жүргөн көп, акмак болуп, акмак “досту” ээрчиген.

Ыймансыз бул коомдо эмне кылбайт, акча, пара андан башка оозго албайт.
Бешиктен тектүү болуп өспөгөндөр, адашып жаман жолго түшпөй калбайт.

Мекен сүйүү ал дагы ыймандан деп, айтканы бабалардын чын шекилдүү,

Калкымдын бир азыраак муңдуу кези, комузга колдон тарткан кыл шекилдүү.

Улуттун рухун жоготкон уулдары көп, белге тарткан кылычы жок кын шекилдүү.

“Эне” атына татыксыз кыздары көп, күнсүз жерге отургузган гүл шекилдүү.

**Он экинчи окуучу**:

Баладан артык көрүп малды биз, байлык күтүп, бай аталдык алдыбыз,

Ыйык делип эсептелген антсе да, ыйман деген ырыскыга жардыбыз.

Ыр күлкүгө алданган жаштарыбыз, арак менен ууланган чалдарыбыз,

Мындай болгун балам деп айта албасак, кайда барат эртеңки балдарыбыз.

Дене саткан таалимсиз кыздары бар, жүзүндө нур, жүрөктө махабат жок.

Карылар бар, тарбия бере албаган,   сөзү нарксыз,  колунда каражат жок.

**Он үчүнчү окуучу**:

Жүрсө да миңди билбей бирди билип, жүргөндөй  көрүнүшөт көптү билип,

Сөз бербейт билгендерге доллар үчүн,  баш ийип батышына белди бүгүп.

Кайраным кыргыз кем болду, казакка Көлү жем болду.

Ордунан оогон кыргыздар, оруска барып эл болду.

Баткендин чети кем болду, башкалар басып эл болду.

Сый-урмат көрбөй кыргызым, сыганга баркы тең болду.

Камчатка жакка кыштады, кар баскан жерде сыздады.

Элинин чанып балдарын, эр издеп кетти кыздары.

Азамат кебин укпады, аракка башын туздады.

Эзелки наркы төмөндөп, көчөлөп калды кыздары.

Аралаш сүйлөп тил калат, арабөк бойдон дил калат.

Алыска кетсе тыңдары, Ала-Тоо жакта ким калат?

Эскирген көрдө чым калат, электр кетсе зым калат.

Энесин журтка калтырып, эл тарап кетсе ким калат?

Аянтта турган желеги ар-намыс болуп береби?

Чачырап кеткен кайран журт, чакырса кайра келеби?

Эси жок ойрон береги, эл-журтун кайра тереби,

Кытайдан калган жээндер, кыргызча сүйлөп береби?

Мазмунун байкап карасак, мааниси кетип баратат.

Манастан калган кан ордоң, мал базар болуп баратат.

Атасын саткан саясат, ашата сөксө жарашат.

Көрүнгөн келип көз арткан, көк базар болуп барат.

(Жыргалбек Касаболотов. Күйгөндөн айтам бир сабак. 29.2008.)

**Он төртүнчү окуучу**:

Бөлбө урууга кыргыз баары бир эмеспи, түндүк, түштүк баары кыргыз эл эмеспи.

Ала-Тоону мекендеген ак калпактуу күч кубат бир-бирине дем эмеспи.

Кыргыз эли болгон дешет уяттуу, кылган иши болчу дешет ыраттуу,

Кайдан чыкты кылтылдаган кыргыздар, кытайлардын саясаты сыяктуу.

**Он бешинчи окуучу**:

Кыздарды күйөөгө узатарда кыргыздын улуттук кийимин кийгизип, узатчу, азыр европалыктардын улуттук кийимин бир күнгө ижарага алып кийгизебиз, ал көйнөктү кечээ күнү грибогу бар же кургак учук менен ооруган, балким гонорея жугузган келин кийгендир. Соо улут болуш үчүн ушул керекпи? Биз кыргызбызбы, кимбиз, кайда баратабыз? “Эсиң барда этегиңди жый!”, “Күнүмдүгүн ойлобой, түбөлүгүн ойло”, “Улуттун наркы, салты болбой, өсөөр кыргыз калкы болбойт”, “Эл мазар, элден безген азаар, элди сүйгөн озоор, элден качкан тозоор”, “Эл үчүн эзил, калк үчүн кайгыр”, “Элден чыккан азамат, эл деп иштеп агарат” деген сыяктуу насааттарды эстен чыгарбагыла.

**Он алтынчы окуучу**:

Мээримсиз ушул учурда, мейли сой бээни, сой койду.

Кайгырып турса калың журт, кулкуңдан тамак сойлойбу.

Кубанып турса калың журт, курсагың шондо тойбойбу?

Бой жеткен тоту куштай секелек кыз, бактылуу турмуш кургун теңиң менен.

“Ар” этип беттен алган ажаан болбой, атка кон “ыйманы бар келин”-деген.

Ач көздүгү “ит” болуп улуп турган, арамдыгы ичине тунуп турган,

Акмак деген атакты жабыштырып, адам боло көрбөгүн былгып турган.

Аткарганы ар кимге жагып турган, ак, карага ар дайым калыс турган,

Азамат деп артынан сөз ээрчиткен, адам болгун жылдыздай жанып турган.
(Жекшенбай Курманов. / Кыргыз тили. №12-13 (165-166).2015. 26.06)

**Он жетинчи окуучу**:

Илим менен ыйманды шайкеш кылып,

Эки тизгин, бир чылбыр берсин колго.

Ынтымак, ырыс-кешик коштоп жүрсүн,

Түмөндөгөн түйшүктүү татаал жолдо.

**Элдик акылмандуулукка үйрөтүүгө карата конкурс**

1.Адептик баалуулуктар жөнүндө ким көп макал билет.

2. Муундардын өз ара мамилеси жөнүндө поэзиялык табылгаларга конкурс.

3. Жашоо деп... түшүнөбүз. Бактылуу болуш үчүн ... керек. Жакшы үй-бүлөдө дайыма ...болот. Акылсыз жашоо кыйын, акылман адамы жок элге жашоо...

4.Үй-бүлө тарбиясы боюнча окуучулардын билимине сынак.

Аялыңды балдар жокто, балаңы эл жокто үйрөт. Темирди кызуусунда сок, баланы жашында тарбияла. Бала кезде ага эмнени үйрөтсөн, ал баласына ошону үйрөтөт. Азыр ата-энеңе кандай мамиле кылсаң, сага кийин балдарың ошондой мамиле кылат. Уланткыла.

5.Улуу ойчулдардын акылмандуулукка кантип жетише тургандыгы жөнүндөгү кандай ойлорун билесиңер? Философ У.Жеймс: “Акылман болуу

искусствосу кайсы жерде эмнени сүйлөп, кайсы жерде унчукпай калып, эмнеге көңүл бөлүш керектигин билүү",-деген. Уланткыла.

6. Акылмандуулукка жетүү үчүн эмне кылуу керек? Интеллектуалдык жактан өзүн-өзү өнүктүрүү керек. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды билүү, ыймандуу болуу керек. Билимге умтулуп, акылдуу адам менен мамиле түзүп, акылман адамдардан сабак алуу керек.  Уланткыла.

7. Акылмандын белгилери кандай? Аз сүйлөп, көп тыңшайт, ою таза, ниети ак, пейили кенен, айкөл, сабырдуу, ак көңүл болот. Уланткыла.

8. Акылмандын белгилери жөнүндө поэзия саптарына конкурс.

Акылман өз тагдырын ойлоп чыгар.

Татыктуу сүйгөнүн таап, жолдош кылар.

Ойлонуп келечекти элестеткин.

Түз басып, максатыңа даана жеткин.

Жамандык жакшылыкты бирдей карап,

Таянар досту изде ишке жарап.

Үйлөнгүн ишенимдүү жарды тапсаң,

Сыздайсың бузулганга көздү артсаң.

Ак жүргүн сезгениңде жаштык күчүн.

Коротпо убактыңды кумар үчүн.

Кыз барда жигитти сен кылбагын кеп,

Деп айткан даанышмандын акылы эп.

Жүрөгүн кыздын козгоп койсоң сүйлөп,

Сүйүүнүн отун жагат шайтан үйлөп.

Бакыт каалап акыл тынчтык бербеген,

Убакытты баала кайтып келбеген.

Абийириңди сакта балам жашыңдан,

Артыңды ойлон эстүү жансың сен деген.

Тамакты ичип жээр акмак-келес,

Билимден эч бир пайда тапкан эмес.

Нааданга кээде тагдыр бакыт чачат,

Айла жок акылман да оозун ачат.

Турмушта боло берет далай көрөм,

Карасаң макоо бийик, эстүү төмөн.

Жыргалсыз залкар иштеп өлүп калат,

Шылуундар урандыдан мүлктү табат.

(Ж.Баласагын) Уланткыла.

**Викторина**.

**Максаты**: окуучулардын тапкычтыгын өнүктүрүү, билимин тереңдетүү, дүйнө таанымын кеңейтүү, тапшырмага тез көңүл коюусун өнүктүрүү.

Ар бир командага тогуз суроодон берилет. Жооп даярдануусуз айтылат. Туура айтылган жоопко 1 упай берилет. Кайсы команда көп упай топтосо, жеңет.

1) Үйдүн кире бериш жеринде эки кармагыч бар, бирөө сыртында, бирөө ичинде бул эмне? (эшик).

2) Эки казык турат, казыкта челек, челекте жер шары, анын үстү токой, бул эмне? (адам).

3) Акылсыз акылдуудан канткенде акылдуурак көрүнөт? (унчукпай отурганда).

4) Үйгө биринчи кирет, үйгө кирүүнүн паролун билет, бул эмне? (ачкыч).

5) Көрсөң көзүң уялат, көрбөсөң көңүл тунарат, ал бар болсо жашоо бар, сулуунун эң сулуусу ал. (Күн).

6) Кечээден кийин, эртеңден мурун, бул эмне? (бүгүн).

7) Эки жолу төрөлүп, бир жолу өлөт (тоок, канаттуулар).

8) Көп жылдан бери кийип жүрөм, өлчөмүн билбейм (чач).

9) Сокур да аны адашпай тааныйт ( чалкан).

10) Баарынан тез өсүүчү дарак кайсы? (эвкалипт).

11) XX кышкы олимпиадалык оюндар кайсы жерде болгон? (Турин, Италия)

12) Ал качан, кайсы айда өткөн? (2006, февраль).

13) Анда канча өлкөнүн спортсмендери катышкан? (84).

14) Олимпиадалык оюндун башкы отрибуту эмне? (олимпиадалык отту жагуу).

15) Желек жөнүндөгү илим кандай аталат? (вексиллография, вексиллология).

16) Биринчи алфавит качан пайда болгон? (байыркы гректерде, Финикияда, андан араб жазуусу, латын алфавити пайда болгон).

17) Орус алфавити качан пайда болгон? Аны ким ойлоп тапкан? (Кирилл, Мефодий деген монах окумуштуу-бир туугандар ойлоп тапкан. 2013-ж. 1150 жылдыгы белгиленди).

18) Голография деген эмне? (грекче баарын жазуу, предметтин толук сүрөттөлүшү).

МАЗМУНУ

**Киришүү**.....................................................................................2

**I бөлүм. Өспүрүмдөрдү тарбиялоодо кездешкен көйгөйлөр жана аны чечүүнүн жолдору**..........................................................4

1.1. Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүнүн себептери жана аны чечүүгө карата сунуштар.......................................................................4

1.2. Таалим-тарбиянын натыйжалуулугун жогорулатууга карата инновациялык технологиянын мазмуну.........................................9

1.3. Өспүрүмдөрдүн көйгөйлөрүн чечүүдө, инсандын өнүгүшүндө класс жетекчинин компетенттүүлүгүнүн мааниси....................................11

1.4. Методикалык бирикмелердин ишинин мааниси...............................20

1.5. Методикалык бирикмелерде каралуучу маселелердин тематикалары..........................................................................22

1.6. Өспүрүмдөрдүн тарбиясына сыналгынын терс таасирин оңдоого карата сунуштар.......................................................................23

1.7. Класс жетекчилердин ишиндеги өзгөчөлүктөр..................................27
1.8. Ата-энелер чогулушуна керектүү материалдар..................................28
1.9. Өспүрүмдөрдү адептүүлүккө тарбиялоодо эне мээриминин ролу...28
1.10. Өспүрүмдөрдү адепке, ыйманга, маданиятка тарбиялоодо ата-энени ролу........................................................................34
**2. II бөлүм. Тарбия сааттарынын, класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелери**
2.1. Класстык тарбия сааттардын мааниси..............................................37
2.2. Башка элдин жана кыргыздардын маданияты, адептик нарктуулугу40
2.3. Коомдун, мамлекеттин, Ата Мекендин алдында адамдын атуулдук милдеттери..........................................................................45
2.4. Эр эмгегин жер жебейт......................................................................49
2.5. Кооптуу жүрүм-турумдун зыяндуулугу............................................52
2.6. Уул адеби менен урматтуу, кыз адеби менен кымбат........................54
2.7. Физикалык маданияттын мааниси......................................................56
2.8. Кыздарга карата туура мамиле түзүү адеби. Кыздардын адам, үй-бүлө, эл менен туура мамиле түзүү адеби..........................................60
2.9. Толеранттуулуктун мааниси. Турмуштун адептик мыйзамдары......65
2.10. Адамдын табияты..........................................................................69
2.11. Жашоонун мааниси. Сарамжалдуулуктун, үнөмдүүлүктүн мааниси, ысырапчылыктын зыяндуулугу......................................................71
2.12. Класстан тышкаркы иш-чаралар......................................................74
2.13. Окуучуларга пайдалуу кеңештер......................................................77
2.14. Кызык экен окуп кой.......................................................................80
2.15. Кыргыз кандай эл эле, кандай болдук?...........................................87
2.16. Элдик акылмандуулукка үйрөтүүгө карата конкурс......................93
2.17. Викторина.......................................................................................94
2.18. Мазмуну..........................................................................................96
2.19. Адабияттар.....................................................................................97

## Адабияттар:

1. Асанканов А. Жызак кыргыздарынын тамыры тереңде, казак кайың саап, кыргыз ысар киргенде. //Рух Кенчи. Сентябрь. 2012).
2. Атамкулов К. Жакшылык башаты адеп жана тарбия. Бишкек. 2013.
3. Абдуразаков И. Мекен, Манас жана мамлекеттүүлүк. // Ак Башат. Мекенди сүйүү – ыймандан. №5(34). 2011
4. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабак жана аны даярдап өткөрүүнүн технологиясы. Бишкек. 2011.
5. Бекембай Апыш. Тарбия назарияты. – Ош. 1966.
6. Беспалько В.П. Образование и обучение с участием компьютеров. – М., 2002.

7. Байбородов Л.В., Рожков М. И. Организация воспитательного процесса в школе /. – М.: Владос, 2001.
8. Глаголев О.Б. Настольная книга классного руководителя 9-класса. – Ростов-н/Д.: Феникс, 2009. – 251 с.
9. Гершунский Б.С. Философия образования для XXI века. – М.: Пед. об-во России, 2002.
10. Дженкинс П. Д. Воспитание духовности у детей. – Киев: София, 2005. – 69 с.
11. Дереклеева Н.И. Классный руководитель. Основные направление работы. – М. Вербум-М. 2001.
12. Жунусалиев Б., Бекчороева Ж. Турмуш сабактары. Бишкек. 2012.
13. Жунусалиев Б., Бекчороева Ж. Эне мээрими. //Шоокум № 6 (58) июнь 2011.
14. Жумабаева Г.А. Адамзаттын рухий өнүгүүсүндө диний билимдин ролу. Бишкек. Гүлчынар. 2013.
15. Игорь Кон. Заметки по этнографии родительства. //Семья и школа. №2. 1988.
16. Курманов Ж. / Кыргыз тили. №12-13 (165-166).2015. 26-июнь.
17. Коменский Я.А. Педагогическое наследие. М., Педагогика. 1989.
18. Кыргыз макал, лакаптары, учкул сөздөрү. Жыйнаган М.Ибраимов. Бишкек. 2008.
19. Кукушин В.С., Столяренко Л.Д. Этнопедагогика и этнопсихология. – Ростов-н/Д.: Феникс, 2000. – 448 с.
20. Кукушин В.С. Теория и методика воспитательной работы. Изд.центр МарТ. 2002.
21. Кадырбеков Н. Мекенчилдик – бул улутчулдукпу? // Ак Башат. №5(34). 2011.
22. Лазарев С.Н. Диагностика кармы. Спб. 11ч. 2000.
23. Луиза Хей. Новейщая энциклопедия здоровья и счастья. М., 2002.
24. Леонид Гозман. Любовь! //Семья и школа. 1988. №2.
25. Мадимаров М. Биз ким элек, ким болдук? “Исламда илим жана билим”аттуу I Республикалык симпозиумдун жыйнагы.
26. Никандров, Н.Д. Светское образование и духовное просвещение: проблемы взаимодействия // Педагогика. – 2010. – № 3. – С. 10-14.
27. Менин дүйнөм жана мен. Сүйүү жолу. Мугалимдер үчүн колдонмо. Түзүүчү М. Станеки-Козвосски. – М., 1994.
28. Муратов А. Кыз балага мамиле. //Шоокум. 2012. №(12)76.
29. Слободчиков В.И. Духовные проблемы человека в современном мире // Педагогика. – 2008. – № 9. – С. 33-39.
30. Стоун Р. Небесная –9-11. Как обращаться за помощью правому полушарию мозга. – СПб. 2003.
31. Теппервайн К. Как противостоять превратностям судьбы. – СПб.: Питер, 1996.

32. Фельдштейн Д.И. Педагогические основы формирования нравственной сферы подростков. – М.: Знание. 1978. – № 3.
33. Харламов И.Ф. Нравственное воспитание школьников. – М.: Просвещение, 1983.
34. Хорева О.Б. Демографический кризис и нравственность.// География в школе. – 1998. – № 6.